Манзура ЭШИЕВА

# Сезим ыргактары



**Манзура ЭШИЕВА**

# Сезим ыргактары

**(Ырлар)**

**Бишкек**
**“Бийиктик“ - 2015**

**ЭШИЕВА Манзура**
**Сезим ыргактары. Ырлар. “Бийиктик“. 2015.**

Автордун бул китебине сүйүү, махабат, өмүрлүк жар, бала, эне,эл, жер, табиятты коргоо, адамдык парз, өмүр, жашоо,турмуш туурасындагы ырлары киргизилген.

Эшиева Манзура.2015

## Аалам күбө экөөбүзгө

Ай асманда жылдыз сымал гүлүңдөп,
Сүйүүбүз толкуп-ташып турчу эле.
Күлүктүн дүбүртүндөй дүкүлдөп,
Жүрөктөр кагылыша урчу эле.

Сүйүүбүз гүл сымал бажырайып,
Аны сен белек кылып бергениңди,
Көөдөнүмө түбөлүккө катып келем,
Ошол кез бир башкача,бир ажайып.

Таң аттыра кирпик какпай кубалашып,
Булут менен жарыша чуркачубуз.
Каткырыктар айлуу түнгө аралашып,
Бир кезде ойго батып сыр жазчубуз.

Ажырабай колубузду бекем кармап,
Күндү тиктеп, ага да жалынчубуз,
Дилибизге аруу тилек, сырды сактап,
Жаратканга жалбарып, багынчубуз.

Татып биз сүйүү даамын, жыпар гүлүн.
Убагында жаштыктын сүрүп доорун.
Сезимдерди алдейлеген кезимди мен,
Эстеп турам, ырахтанып, ушул бүгүн.

## Ааламга айтам сүйүүмдү

Ойго бир өзүң чөмүлүп,
Сыр айтасың багыңа.
Сени менен жалбырак,
Кошо бийлейт жаныңда.
Денеге түштү калтырак,
Жалбырактар шатырайт.
Өзүңө күчтү беришсин,
Күн күлдүрөп,калдырайт.
Жамгыр жаап,ый ыйлайт,
Жүрөгүңдү сыйпалайт,
Асман кошо сен менен,
Көтөрөт го демиңди,
Жалгыз эмесмин, мен менен
Жарым турат жанымда.
Жарык шоола коштогон,
Жарым менин жаркылдап,
Дирт дей түшөт жүрөгүм,

Көрсө менин сүйгөнүм,
Татаал экен дүйнөсү,
Кабагы неге бүркөлгөн,
Сүйгөнүмө не болду?
Жаркылдай түшкөн жарыгы,
Жалп эте өчүп калдыбы?
Селт эте кеттим мен дагы,
Сезимимди туйгандай,
Бир башкача жадырап,
Жайнап кетти кабагы.
Жарымды көрдүм багыман,
Жанашып өткөн жаныман.
Байкабай калып мени өзү,
Багыма түшүп көздөрү,
Суктанып турду жактырып.
Жүзүндө турду, ак сүйүү.
Кошулуп мен да жарыма,
Көңүлдү бурдум багыма.
Кызарып бышкан алманын,
Тамшанып кетти даамына.
Сүйүүбүз болсун дайыма,
Бышкан бир алма багыма,
Кубанып мен турайын,
Ыраазы болуп тагдырга.
Адашпай жүрсө ар убак,
Ардагым жарым жанымда.
Сүйүүбүз өчпөй турганда,
Жашоонун таттуу даамы да.
Ачуу менен таттуусу,
Бирге жүрөт турбайбы,
Турмуштун жүгүн көтөрүп,
Экөөбүз бирге жыргайлы.

## Абдиллас агайга

Маанайыңыз дайым жайдары,
Алдыга үндөп балдарды.
Кенчин берип билимдин,
Түгөнбөс үрөн септиңиз.
Уядан келген баланы
Бакытка сиз жеткирип,
Турмушка чыйыр салдыңыз.
Билим берип көбүнө,

Устат болуп калдыңыз.
Келечек муун балдарга,
Бар күчүңүз сарпталды.
Мээрим төгүп аларга,
Атасындай алпештеп,
Көтөрүлдү баркыңыз.
Билимдүү чыксын сиз сымал,
Атыңызды бийик көтөргөн.
Туяктан туяк  уланып,
Уядан балдар куралып,
Улан- кыз чыксын багыңа.
Кыргыздын атын чыгарып.

## Адамзатыбызда

Теңирим жаратыптыр адамзатты
Ар киминде ар башка  мүнөзү бар.
Теңиримден коркпогон айрымдар,
Айтканы жаадай тили зар,
Кээ бирөөнүн даңазасы көтөрүлсө,
Билбейм неге кас болушат адамдар.
Капчыгында кампайып акча толсо,
Жаасын мээлеп адамзатын атып коет.
Ичи кара адамдардын акыр түбү
Дат баскан темирдей чирик болот.
Адамзаттын жакшысы бар ар бир элде,
Жакшыны да, жаманды да  тескеп турган
Жакшы адамга жанашып жүрсөң эгер,
Өзүңдүн ар бир ишинде тактык болор.
Жакшысында болбойт арам бир ой,
Катарлаш жүрүп жакшыга.
Жакшынын сөзүн көп уксаң,
Таасири тиет көп кезде.
Адамзаттын жаманы бар ар  элде,
Жакшы сөздү айтсаң да ар жаманга,
Жетпейт экен акылы адамзат.
Акыл калчап, жакшы ой салбастан,
Кайрадан өз абийрин ачып турат,
Жакынынан алыс болуп,калдастап,
Көрөалбастыктан ичин дартка салат.
Жакыны бар адамга да арам ойлойт.
Адамзаттын ичи таар болсо  эгер,
Жакшынын жүрөгүнө дарт калтырат.

Жакшы адамдын дилинде жакшылык бар.
Ар бир пендеге тилеги ак,адамзат ал.
Пейли актын  түпкү заты таза болот.
Жашоодо башына бакыттын кушу конот.
Айтаарым, жакшылык менен жашап өт,
Адамзат!

## Кантип жашамак жүрөк болбой

Сүйлөгөн да,ырдаган да жүрөк,
Сүйдүргөн да,жүдөгөн да жүрөк.
Кыйналып кетти адамдар жүдөп.
Кыйындар кетти жүрөгү токтоп,
Акындар кетти жүрөгү сокпой,
Арманда кетти жүрөгү оттой.
Жакшылар кетти жашоого тойбой,
Кошулуп жүрөк жел менен ойной,
Алдыго, канча жакшы адам койбой,
Сууруп жанды жерим тойбой
Кантип жашамак жүрөгү болбой.

## Теңириме айланам

Жаратты адамзатты,
Аска-зоо, тоо- ташты.
Илим сунуп адамга,
Калтырып ыйык атты.
Жол салып ата балага,
Ыйманды берди канчага.
Сүйлөтүп кызыл тил берген,
Адамзатка эс берген.
Жигит берген,эр берген,
Ыйман берген күч берген
Айланам Теңирден.
Адамга сунду темирди,
Аялдай сулуу перини,
Бышырды жерге эгинди,
Тойгузду го канчаны,
Теңириме айланам.
Айланаңа байкасаң,
Мөмө түрүн жайнатып
Ырыскыны жедирди
Ырайымга айланам.
Ыйлаганды сооротkон,

Ырыстуу элди тойгузган,
Ырайыма айланам.
Өнөр берип, адамга,
Өстүргөн да Теңирим.
Адам күчүн жаратты,
Акылды ага таратты.
Компьютерди жасатты,
Машинаны куратты.
Жаратты адам канчаны,
Чыгарып доллар акчаны,
Теңириме айланам.
Сууну берди агызып.
Алтынды жерге бастырып,
Байлыкты бизге жараткан,
Коөздук берген, гүл берген,
Тенириме айланам.
Адамды койгон бастырып
Акыл берип, ой берип,
Тартуулаган жан шерик,
Теңириме айланам.

## Ажал

Казайы жетсе хан өлөт,
Ажалы жетсе баары өлөт.
Алтайы кыргыз баштаган
Арыстан  Манас шер өткөн,
Ажал бир келсе башыңа,
Карабайт кары, жашыңа,
Ойноп, күлүп жүрүп ал.
Өтөөрсүң сен да дүйнөдөн.
Душман болбо адамга,
Өлүм турат алдыда.
Темир эмес өз жаның,
Тебелебе жандарды,
Теңир турат алдыда.
Тебеленет жанында,
Кимден калган байлыктар,
Пайда бербейт адамга.
Ажал келсе башыңа,
Пайда бербейт байлык да.
Байлыгыңа ишенип,
Душман болуп сен көптүң,

Көңүлдөрүн чөктүрүп
Канчаларын өлтүрдүң,
Бактыларын өчүрдүң.
Байлыгыңа чиренип.
Жесирлерди кордодуң,
Күнөөсүздү соттодуң,
Салдыңго сен тозокко.
Ажал болот сен билсең,
Кечиретко Жараткан,
Оңолсоң сен кеч эмес
Сүрөтүң калат бир элес.
Убактынча байлыгың,
Пайда бербейт ойлонгун.
Бар экенин сен билгин,
Оо дүйнөнүн бейишин,
Терметкин бала бешигин,
Жашынан жедир кешигин.
Аллага шүгүр келтиргин.
Жашоодон жакшы үмүт эт,
Турмушту  оңдон гүлдөткүн.
Эмгек менен дуулап өт.
Сообу тиет жакшынын.
Пайда бербейт байлыгың,
Жасаган ишиң айтылып,
Түбөлүккө жазылып,
Артыңда калат тарыхың.
Бул дүйнө жалганго
Мансапты сен талашпа
Жардам бербейт байлыгың.
Ойлогун жашоо аздыгын,
Оңой эмес бул турмуш,
Арстан Манас шер өткөн,
Азамат канча эр өткөн.
Кызмат кылгын тирүүңдө,
Аты калган баатырдай.
Адал жумуш жасасаң,
Атың калат тарыхта.
Өмүр өтөт өтө тез,
Кеткен күндөр кайрылбайт
Азыр оңдо өзүңдү,
Ачкын кыргыз көзүңдү,
Жакшылык келет аста- аста.

Түбөлүктүү нерсе жок,
Бул жашоодо элимде.
Арстан да, шери да
Ажалдан качып кутулбайт.
Падыша өткөн,хан өткөн,
Бул дүйнөдөн баары өткөн.

## Ай сырдашым

Эрчишип ай мени менен
Эркелешет сырдашып,
Ырдаганда кошо бийлеп,
Көктө жылдыз нур чачып.
Жаркытып ай түндү кеч,
Жарыгыңды төгөсүң.
Караңгыны тийгизбей,
Ай нуруңду себесиң.
Мен ыйласам жаш төгүп,
Шоола чачып келесиң.
Асмандагы айым сен,
Чагылганды кайтардың.
Кээде толук, сен жарты,
Таппай калам кээде мен,
Кайда калдың жашынып.
Басканымда бирге басып,
Жарыгыңды чачасың.
Маанайымды шат кылып,
Көк асманда жашайсың.
Маанайымды жаркыткан,
Асманда Ай сырдашым.

## Айлун

Айлун, Айлун Ай кызым,
Асман калкан өзүңө.
Айлун,Айлун ай кызым,
Өзүң калкан өзгөчө,
Уул буйруган Чынгыз хан,
Урпагын көргөн кыргыздын.
Баатырларды мен күтөм,
Жетинин бири Кызырдыр.
Тарыхта калсын өз атың,
Жазылып аппак баракка,
Көрбөгүн турмуш азабын,

Жашоонун таткын жыргалын.
Күмүштөй менин ай кызым
Айлунумсун багымсын,
Айыктыраар даарымсын.
Атагың жетип жылдызга,
«Элдин кызы» дедирип,
Тарасын баркың кыргызга.
Суктанышып карашсын,
Сендей барктуу нур кызга.

## Айта келсе турмуш ширин

Өзүңчө турмуш сырын билем дебе,
Турмуш катаал, сенин колуңда эмес.
Кайталап миң ирет айтсаң деле.
Турмуш бул жөн эле оюнчук эмес.

Кимдер гана таштабады бул дүйнөнү,
Тартып турмуш арабасын азаптуу.
Бу турмуш кээде таттуу, кээде ачуу,
Эртеңкиси бүгүнкүдөн ырахаттуу.
Бул жашоо кээде ыссык, кээде муздак
Адамдын турмушу да, таң калыштуу.

Турмуш сонун кызыктарын койбосо,
Баары өзүбүз, өзгөргөнү болбосо.
Кесим нанга бир курсагың тойбосо
Жүрөк туйлайт оңго -солго ойното.

Секунд урса жүрөгүмдүн жебеси,
Эске түшөт эртеңкинин элеси,
Турмуш жолун тордой жаткан,
Туман болуп кара булут жебеси.

Мезгил тынбайт санаа батып бекерге,
Капа болбоо келер менен кетерге
Көзүң барда барк албасаң турмушту,
Баркың билбейт кийинкилер эстерге.

Турмуш сага керек бул, ачууланба,
Сабырдуу бол, акыл калча, санаркаба.
Турмуш катаал, калчап коет бир өзүңдү,
Салтын сакта кыргызыңдын эсиң барда.

Тагдыр бизди чапкан топту сыңаары,
Белгилүү го оңго- солго бураары.

Бул турмушта кубанычы бар, өксүгү,
Кемтиги бар, анан дагы жыргалы.

Турмуш жолун не  болот  деп ойлонуп,
Пенде турат жолду карап толгонуп.
Бирөөдө мол,башкалары зар болуп,
Жүргөнү бар,жат бирөөгө кор болуп.

Акыл болсо турмушка сен касташпа,
Алдуу менен эч убакта басташпа.
Теңир күчтүү, калыс болот ал сага,
Ачуу,таттуу өтүп кетет бир паста.

Жаштыгың жаз, достор менен жаркылда,
Ойноп-күлгүн, эсиң менен баркылда.
Кез келгенде үлгүрөсүң баарына,
Жашыңан сен максатыңа  шашылба.

Жашайсыңда бул дүйнөдө чок болуп,
Ажал турат «ушу сени» деп токтолуп.
Тирүүлүктө жакшы болсун турмушуң,
Бекем болуп жаман ойду унуткун.

Өмүр сенин кайчы жолуң кысталыш,
Турмуш үчүн биз баарына  устабыз.
Жокчулуктан жетишпестик айынан,
Болбосо экен бул турмушта өч алыш.

Ар адамдын татаал тагдыр турмушу бар,
Андайлардын жүрөгүндө кайгысы бар.
Ойлогон ой, тилектери сапырылып,
Дили ооруган, көөдөнүндө муңу да бар.

Оо Теңир пендеңдин баары маалым,
Ар адамдын ойлогон максаты бар.
Аруу тилек, алдыда үмүт жанар,
Берчи ага,турмуштун балдуу ырахатын.

Кээ бирөөнү зар, анан да кор кыласың.
Жанды оорутуп,дарт берип, буулуктуруп,
Неге турмуш адамды шор кыласың?!
Аябастан ызгаарыңа  думуктуруп.

Адам үчүн турмуш сен аткан октой,
Кээ бирөөгө табылгыс колдо жоктой.
Ойго салып,муңду берип пенделерге,
Кыйнабачы жаш төктүрүп,шорголотпой.

Адам үчүн турмуш сен бал экенсиң,
Сурап келсе кээ бирөөгө зар экенсиң.
Турмуш сырын билбеген адамдарга,
Кайран турмуш, аттиңай,кор экенсиң.

Дарт берип, ооруга чалыктырып,
Жетишпестик дартына камыктырып,
Турмуш сен өткөрөсүң өмүрдү,
Тайганча алдан сен жабыктырып.

Үйдүн көркү, төрдүн көркү болордо,
Кээ бир бала ата-энесин кор кылып,
Өлөң төшөк,өз үйүрүнөн алыстап,
Карылар бар,бу турмушуң зар кылып.

Турмуш сырын билбеген кээ бирөөгө,
Турмуш сен алар үчүн ак экенсиң.
Зымырык учкан куштай закымдап,
Турмуш сен аккан суудай шар экенсиң.

Турмуштун запкысына чыдай албай,
Өмүрлөр шашыла өтүп барат.
Карачы, турмушуң неге мындай?!
Чырагы кээде өчүп,кээде жанат.

Ойдогудай турмушка сен жете албайсың
Кээде сен торго түшкөн балапандай.
Салып койгон багытынан кача албайсың,
Үмүттөр бүлбүлдөп, өчүп-жанбай.

Жаратканым  жаман жолдон азгырба.
Оору берсең, шыпаасын  бер дартка даба,
Кыйналып  жабыкса  да бул турмушта,
Өмүр берип, бүт элимдин жанын сакта.

## Аккуу болуп издегим бар

Аккуу болуп издегим бар,
Эгер мен куш болсом,
Аба менен учмакмын.
Шамал менен кезет элем.
Акын болсом арманым бар,
Сага арнаган ырларымды,
Ак баракка жазмагым бар,
Ак пейилден сунайын,
Жүрөгүң менен кабыл ал.

Элесин кетпейт көз алдымдан,
Жылмайып мени карап турган.
Жүргөн кезди кол кармашкан,
Эстесем кыжалаттуу ойго батам.

Туйлайт жүрөк,  бир башкача,
Карашса сени бирөө  суктана,
Тарый түшөт  дүкүлдөгөн жүрөгүм,
Башкалардан ачык эле кызгана.

Жел менен кошо учкум келет,
Ак булутту аралап закымдап,
Куш болсом кагып канат,
Жетмекмин сага бачым бат.

Дилимде ак куш болуп, учуп барам,
Шамалдай ак булутту жире кезип,
Ааламды жар салып кыдырам мен,
Кусалыктан жабыркап жүрөк эзип.

Ай асманга канат жайып сабалаган,
Шеригин тапкан сымал алгыр куштай,
Үмүттөнөм мен да сени таба аламын,
Жер кезген булбул сымал сыздай-сыздай.

## Булуттар бийлешет мени менен

Ала тоонун  туу чокусунда,
Сен мергенчи болуп жүрсөң.
Бийикте мен калкып учуп,
Илип кетээр элем ай асманга.

Аккуу болуп мен сага жете аламбы,
Сүйүүнүн аралына бараламбы.
Сүйүшкөн ашыктардай данакерлеш,
Ай үстүнө аккуу болуп коно аламбы.

Кыялымда учуп жүрөм булут менен,
А булуттар бийлешет мени менен.
Сыйкырчыдай добуш чыгат сабалаган,
Махабаттын асманында аралаган.

Бир карасаң адамдын түспөлүндөй,
Кубулат ак булуттар неге мындай?!
Бир карасаң адамга жол көрсөтүп,
Таң калтырат дайым бирге жашагандай.

Ак булуттар өзүнчө  сыйкырланат,
Бактымды издеп келем аккуу болуп.
Көз алдымда бир башкача нурданат
Тургандай башыма бакыт конуп.

Аалам сырын бүт кыдырып аккуу болуп,
Бийиктен мен баарын көрүп турам.
Сүйгөнүмдүн баскан изи бир башкача,
Нур болуп көрүнөт мага улам.

Көрүп калсам сүйгөнүмдү терең суудан,
Конор элем аккуу болуп Ыссык Көлгө.
Терең суунун өткөөлүнөн кечип өзүм,
Арманымды  айтаар элем ушул көлгө.

Сыйкыр түшкө киресиң сен

Уктап кетсем түн ичинде,
Сыйкыр түшкө киресиң сен.
Кыдырыпмын сырдуу дүйнө,
Чачыңдан сылапмын мен.
Ойгонсом,  атаганат түшүм экен.

Аска зоонун бийигинде  туруптурсуң,
Колуң сермеп мени көздөй умтуласың.
Кучагыңда кыпкызыл гүл боло калып,
Жүрөгүмдөн жүрөгүмдү сунуптурмун.

Сен да аккуу, мен да аккуу болсок эгер,
Түбөлүккө эгиз жылдыз болоор элек.
Ай- ааламга учуп барып биз экөөбүз,
Жылдыздардай түбөлүккө конор элек.

## Алтын кара жер

Бүткүл жерге көрк берип,
Багып келген кара жер.
Мээнет кылган адамды,
Эрезеге жеткирип,
Барктуу кылган кара жер.
Жаман менен жакшыны,
Көтөргөн да кара жер .
Көрк берип  бак эктирип,
Жесин деп жемиш өстүрүп,
Бейиш кылган кара жер.
Элди алга умтултуп,
Теребелди кулпуртуп,

Эмгектенткен кара жер.
Дүнүйөнү көтөрүп,
Чыр кылган да кара жер.
Канча баатыр азамат,
Койнуна алган кара жер.
Кандуу кыргын ааламат,
Душман кылган кыянат,
Көтөргөн да кара жер.
Жерсиз элде жашоо жок,
Жараткандын амири,
Адам ата, Энени,
Топурактан жараткан.
Баарына күбө кара жер.
Элиң болсун бар аман,
Ырыскыңды кур койбо.
Жемишиң бергин элиме,
Үстүңө торгой уялап,
Кут консун ыйык жериме.
Мезгилге жараша өзгөрүп,
Кызыл, кара түс болуп,
Көркүң сонун кара жер.
Гүлдөй жайнап сен өзүң,
Кулпурупсуң кара жер.
Пайгамбарың койнуңда,
Сен улуусун кара жер.
Жакшы, жаман адамды,
Сен аласың кара жер .
Канча сырлар катылып,
Койнуң кенен кара жер.
Кендерин бар эл үчүн,
Сыймыктанат эл бүгүн.
Сен сунасын эл үчүн.
Талаштырып аларды,
Сен аласың,эмне үчүн?
Касиеттүү жер эне,
Баатырасың бардыгын.
Алтыныңды сен сунуп,
Азгырасың эмне үчүн?
Жакшыларды эрте алып,
Сен тартасың эмне үчүн?
Колдонгун деп жериңди,
Көтөрөсүн элиңди.

Кооз үйлөр жерге жарашат,
Жетпей калса элге жер,
Жерди неге элим талашат.
Жер бир, эл бир жашайбыз.
Түгөнбөсүн кара жер,
Үшүбөсүн элим деп,
Сыйдырасың койнуңа.
Кедей болуп калба деп
Байлыгың бар койнуңда.
Ыйыксын сен кара жер,
Сууларың агат шаркырап,
Түмөн жемиш батырып,
Элиң сенин  мойнуңда.
Даамы сонун кара жер,
Данды сунуп элиме ,
Багып келген кара жер.
Бир бирине ок атып,
Душман болбо кара жер.
Жашын көзгө көрүнүп,
Күчтүү болбо кара жер,
Барар жериң кара жер.
Түбүндө сен жашайсың,
Жакшы адамга айлангын.
Байытып койсо элимди,
Талашасын жериңди.
Барар жериң алакан,
Элиңе жаса сен калкан.
Бир бириңди өлтүрүп,
Бекитесин денеңди.
Койнуң кенен кара жер,
Жайып жаман сууларды,
Төккөнүңдү көтөрөт,
Жериң ыйык пенделер
Элиң жерди талашат,
Чокту салат денеңе,
Чогулабыз бул эмне?
Даары болот кара жер.
Аны билет биздин эл.
Ылайы кайнак, суу кайнак.
Берекелүү бал каймак.
Ширелүүсүң алтын жер,
Шыпааңды бер, элге бер,

Түгөнгүс сонун байлыгың.
Ала Тоону көрк кылып,
Кооздугу сонун алтын жер.
Жооңдулардын бардыгын,
Койнуна салган кара жер.
Жерин саткан кайран эл.
Топурактан жаратып,
Адам кылган кара жер.
Күнүң бүтүп түгөнсө,
Койнуна салган кара жер.
Жыргалдын жашоо күндөрүн
Көрөм деп өзүң умтулсаң,
Байлыгын берет кара жер.
Эмгек кылсан жериңе,
Ырыскы сунат элине.
Жандуу менен жансызды
Өзүнө тартып жуткан жер,
Ойлонуп жерди талашкан,
Сабырдуу болот кара жер.
Жакшы менен жаманды,
Көтөрүп келген кара жер.
Ыйыктыгын билбедиң,
Ок чыгарып жардырып,
Адамдын канын агызып,
Буркураган күн өттү.
Ынтымак бол азыртан,
Жердин билгин кадырын.
Өткөн тарых баары чын.
Койнун ачып суу сунат,
Жандуу менен жансызга,
Алдуу менен алсызга.
Баарын сунду кара жер
Тирүүлүктө баркын бил.
Даары суусу жериңде,
Шүгүр кылгын Теңирге.
Темири бар заты бар,
Күмүшү бар, дарты бар,
Алтыны бар, анты бар,
Жердин жаны, ташы бар,
Тамыры бар, багы бар,
Ширини бар,тузу бар,
Суусу бар да, буусу бар

Айланайын кара жер.
Элди сакта кырсыктан,
Касиеттүү кара жер,
Бел болосуң элиме,
Жакшы менен жаманды
Көтөрүп жүргөн кара жер,
Кедей менен байларды.
Уруштурган кара жер.
Байлыгын да мол кылып,
Баарына сен бергенсиң,
Элиң аны кор кылып,
Көбү баркын билген жок.
Кадырлайлы жерлерди,
Ырыскысы мол болот.
Агызып иштеп терлерди,
Гүлдөтөлү жерлерди.
Көк жутканда кара жер
Суук көрүнбөй гул сунам
Адамды өзгө тарттырып,
Даары чөптү ал сунат.
Алтын жерге таянып
Байыган да биз эл.
Эмгек кылган кор болбойт,
Жерге берсең мээнетти,
Ал ыйгарат дөөлөттү.
Берекелүү жеримдин,
Берекеси мол болот,
Ырыскылуу элимдин,
Ырыскысы мол болот,
Кадырласа жеримди,
Кадырлуу элим оңолот.
Барктаса жеримди,
Бактылуу элим зор болот.

## Алтынай Нарбаевага

Жактырам сизди эжеке,
Таазим кылам мен сизге,
Сыйынам сиздей periге.
Үнүңүз сонун дегеле
Ачылып сиздин пешене,
Колдосун сизди периште.
Сүйдүрөс жүрөк эрите.

Жылдыздар сизде төгүлөт,
Кубанычтар өрүлөт.
Зал толтура эл келип,
Ырларыңыз жаңырып,
Алакандар чабылып,
Атыңыз чыгып өркүндөп,
Нурданган көзүң күлүңдөйт,
Угуп ырың көңүл шат,
Ай жамалың жаркылдап,
Суктаныша карашат.
Сен болдуң элдин сыймыгы,
Сен болдуң элдин жылдызы.
Алтынай жүрөк өрттөгөн,
Айжамалың сүйдүрүп,
Жигиттер сүйдү көптөгөн.
Көп жигиттер жетпеген.
Тамшандырдың канчаны.
Ажарын ачып сахнаны.
Алтындан болгон такты алың
Жылдыз болуп макталып,
Алтынай эже сакталын.
Алкыш сизге жарашат,
Жактырып сизди талашат.
Сыйлайт элим баркташып,
Көкөлөтөт даңкташып.
Үнүңүзгө биз ашык,
Ырыңызга эл ашык,
Бир бирине төп келип,
Тургандай сизге жарашып.
Сыймыгы болуң элиңдин,
Суктанышсын карашып,
Кубаныч менен ийгилик,
Бир бирине жанашып,
Көкөлөсүн өнөрүң,
Көпчүлүк сени самашып,
Атак-даңк алың макталып,
Сыйлыктар төшкө жарашып.
Атактуу баалуу алтындай,
Барктуусуз эже Алтынай.
Өрөөнгө сууну агызып,
Өстүрүңүз тамырды.
Гүлдөй болуп ачылып,

Көркүңүз элге чачылды.
Баалады элим барктаймын,
Жүрөккө сүйүп сактаймын.
Жаның даяр эл үчүн,
Көтөрдү элиң атыңды,
Көкөлөйсүң учасың,
Ырыңан таптың бактыңды.
Эркелейсиң сен азыр,
Элиңдин кызы болосуң.
Булукканга булбулсуң
Таңшытып обон созосуң.
Шаңданып ырдап жүрө бер,
Элиңдин алып батаасын,
Эл артисти болосуң,
Атагың чыгып, ааламга,
Ай-жылдызга коносуң.

## Апама

Адамдан адам жаралган,
Алтын апа бар болгун.
Курсагыңа бала көтөрүп,
Уул-кызды төрөдүң.
Энелик сенин мээримиң,
Теңдештиргис нерсе экен.
Алтындай менин апакем,
Атыңа затың жарашкан,
Өмүрүң узак болсо экен.
Алтындай менин апакем,
Төрүбүздүн көркү сен,
Балдарыңа ырыскы,
Үйүбүздүн куту бол.
Капалык көрбө таптакыр,
Жашобуздун нуру бол.

## Терметтиң мээримдүү кучагында

Ачуу- таттуу балдарыңдын кылыгына,
Чыдадың алтын апа чындыгында.
Тийгизбей балдарыңдын чырпыгына,
Туш кылбай бу турмуштун кырсыгына.
Калкалап мезгилдин ысыгынан,
Жылуулук бердиң кыштын ызгаарында,
Өстүрдүң энелик гүлбагында.

Эркелетип, эмчек сүтүң эмизип,
Терметтиң мээримдүү кучагыңда,
Турмушта сен калкан болдуң,
Чыдап сен балдарыңдын азабына.
Эми көргүн баактылуу карылыкты,
Бар бололу алтын апа маңдайыңда.

## Арбактарга куран окуу

Кылымды каарыткан ата баба,
Жатышат жер астында көрбөй жарык.
Маркумдар айтып турса өз арманын
Адамдын жаш жүрөгү ойго батат.
Канча кылым ай айланып келет кайра,
Бул кылымда канча хандар өткөнү бар,
Жана да кыргыздын акындары,
Жүрөгүндө арман ырын айтып өткөн,
Адамзаты турмушуңду алга бур деп
Кыргызымдын аялзаты датка эне,
Төрөлсө дейм кайрадан пешенеге.
Нечендеген кыргызымдын кыраандары.
Катаал турмуш күндөрдү басып өткөн,
Кыргыздын менмин деген адамдары.
Ата- баба рухуна куран окуу
Жаңыртып жалган дүйнө туш тарабын
Кайгылуу муңга батып кайтып келет,
Куран тилеп пенделерден ал арбактар,
Учуп жүрөт рухтары айланчыктап.
Кээ бири  аларды унуткарат,
Алар кетти бул ааламдан түбөлүк деп.
Арбакты силер раазы кылбасаңар,
Кийинки келечегиң жакшы болбойт,
Канат жасап, ай асманга  учсаңдагы.
Акыры  жаныңар да кайып болот.
Кыйналса да жакынына  сырын айтпай,
Кетишти канчалары арман менен.
Белгисиз кеткен арбак куран тилеп,
Мындагы жакындарын кыйнап келет.
Арбактар түспөлдөнүп ыйлап келет.
Адамга бир боорун берип алар,
Жакшы тилек ойлор менен кайтып кетет.
Адамды сөзү менен бийлеп өзү,
Келген эне эл жерине ак жол ачып

Бир карасаң аккуулардын перисиндей,
Ак булуттуу аралап учуп келген,
Датка эне рухуна куран оку.
Аккууласын минип келип Манас ата,
Калкан болот өтсө да кыргызына.
Таш алдында катылган ата сөөккө
Куран оку, тегиз көрүп элим бөлбө.
Нечендеген кылым өттү бул заманда,
Апааттуу кандуу согуш жылдарында,
Канча аталар өтүп кетти төшүн тосуп,
Эл,жер үчүн канын төгүп,
Кырчын мезгил,гүлдөгөн курагында.
Эрдигин баалайлы биз алардын
Ата баба рухуна куран окуу парзыбыз да.

## Арман бербе адам үчүн

Тагдырга жазган экен айла канча
Таарынам таалайыма мен да өзүм.
Тагдыр сен кыйнадыңго мени мынча,
Таарынып ыйга келээр кээде көзүм.

Жүрөгүм жабыгуудан толуп турам
Көз жашым каканактап карегимден,
Жаратканым жараттың пенде кылып,
Жалынамын жаным үчүн кулдук урам..

Арман жүрөк өйүп турат чыдатпастан,
Кусалык жашап келет сезимимде.
Жашоомдо арманым бар узак дастан,
Болсом дейм сени менен тилегимде.

## Арнадым баарын өзүңө

Суктанбасын талашпасын башкалар,
Сүйгөнүмдүн жүрөгү менде гана сакталар.
Жан дүйнөмдө мындай гана дегенсийт:
«Ал сеники өзүң гана барктап ал».

Башка келсе кыйынчылык сен үчүн,
Көтөрө алам сен дегенде бар үчүн.
Болсоң эгер төшөлөмүн жалына
Төшүмдү тосуп, албырттаган жалынга.

Чалкандын ыйнесине чактырбаймын,
Сенден башка жат бирөөнү жактырбаймын.

Мен өзүмдү бир өзүңө арнагам,
Жүрөгүмө бөлөк сүйүү батырбаймын.

## Асель

Өзүң асел балдай,
Мага жактың аябай.
Албырып жүзүң татына.
Тартат өзүнө баарын.
Пейили ак, тартынбай
Эмгек кылат талыкпай.
Шыпаа тилеп эл үчүн,
Иштеп келет күнү түн.
Атына заты жарашкан,
Даарысында балы бар,
Шыпаа берет ооруга
Өзүң Асель оорубa.
Көргүн жашоо жыргалын.
Жактырып сага ыр жаздым,
Таалайын көр бакыттын,
Элде калсын тарыхың.
Өчпөсүн шам чырагың,
Жашоонун көр жыргалын.
Бала төрөп, кыздуу бол,
Каалары сага узун жол.

## Атакеме

Атаке кымбатсың сен мен үчүн,
Балам деп бактың күнү түн.
Чоңойуп бойго жетип мен бүгүн,
Актаймын сенин асыл үмүтүң.
Чоң ата, таятасың балдарыңа,
Дөөлөттү көрдүңүз маңдайында.
Небере, чеберени эркелетип,
Жашаңыз, доорду сүрүп бактыбызга
Сыйлап биз түшүрбөйбүз төрүңүздөн,
Жараткан сактасын жаман көздөн.
Айырбасын биздин сизге сыйыбыздан.
Кудайым алыс кылсын бир өлүмдөн.
Жарыктыкка жалгыз болуп келгенсиз.
Жалгыз сизден тогуз бала таралды.
Жараткандан жаныңызды тиледик.
Кайсыл күнү Жараткандын аларын,

Тогуз бала кайдан гана билелик.
Төрүңүздөн таппай калдык сыйпалап,
Асыл ата, кайда гана кеттиңиз.
Ыраазыбыз биз атаке, асылжан,
Ажырадык ата деген асылдан.
Эстегенде ырыңызды сагынып,
Бизди таштап кеткениңизге таарынып,
Кусалыкка чөгөбүз зарыгып.
Кыйналганда таянар ата жоксуз,
Ыйлаганда сооротор пенде болсо,
Жалдырап кала бердик тогузубуз
Таркалдык башка тура жолдорубуз,
Эсте калды бизге арнаган тилегиңиз,
Бала үчүн аруу-максат ойлоруңуз.
Кең пейил адал жүрөк элеңиз,
Эсепсиз бизге берген эмгегиңиз,
Төрүбүз томсоруп дале турат
Атаке, бир кайрылып келбедиңиз,
Түбөлүккө мээримиңизди бербедиңиз.
Кусалыктан жүрөгүм ооруп турат.

## Аяп койсоң болмок

Сен көрбөдүң көздөн аккан жашымды,
Адаштың сындырдың го даңкымды.
Көнөктөтүп, көздөн жашты агызып,
Билбедиң сен менин асыл баркымды.

Ыйлай берип, кыйнадым го өзүмдү,
Аясаң боло жан кыйналган өмүрдү,
Сен жакшы адамсың,аны мен билемин,
Сүйбөсөң да,сүртүп койчу көзүмдү.

Жамгыр сымал көздөр жаштар төгүлдү,
Жабыркап, жалоорусам дагы мен,
Эч убакта каалабаймын жамандык,
Бар болсун дейм, бул ааламда өзүңдү.

Сүйбөй койдуң мен өзүмдү тилдедим,
Бактым сенин амандыгың тиледим.
Махабаттын азабынан кыйналып,
Сени сүйдүм көз жашымды билбедиң.

Бут тосту азгырыктар бактыбызга,
Чын сүйүү жүрөктөргө катылган.

Болсо да тоскоолдук шартыбызга,
Ишенемин жүрөгүңдө мен турам.

Сүйүүбүз бар үй-бүлөнү бир курган,
Ыйым акыр сүйүнүчкө айланган.
Убактылуу кыйноо мени жеңе албай,
Өмүр шерик болууга мен байлангам.

## Бала деп жашагыла

Бала бакыт андан ашкан эмне бар,
Бала үчүн жашайбыз  биз энелер.
Бала жыты магдыратат энени,
Бала бакыт, бала ширин,бир кумар.

Бала бул-махабаттан жаралган,
Бала бул-үй-бүлөнү байлаган,
Бала үчүн кирпик көзүн какпастан,
Жалооруган, бир өзүнө айланган.

Дүйнөнүн алдыңкы бир байлыгы,
Үй бүлөнүн колундагы таажысы.
Энеге үчүн айга-күнгө теңешкен,
Бала-бул ааламдагы баарысы.

Бала жарык, жаркыраган шамчырак,
Балалуу үйдө, баары турат жаркырап.
Сен болбосоң дүйнө кайда жаралмак,
Кооздук болбойт  бала  деген адамзат.

Балалуу үй ар убакта жаркырайт,
Бала үчүн эмгек кылдың талыкпай.
Бала-эне алмаштыргыс байлыктай,
Оо энелер, жашагыла камыкпай.

Кубат алып, жашагыла энелер,
Кайрат болсун баарыбызга демиңер.
Ким төрөмөк эне деген болбосо,
Эне улайт,тирүүлүктү билиңер.

Бала болсо үйүн шаңга бөлөнөт,
Таалай-бакыт үй бүлөнү көтөрөт.
Кетпегинин бала жыты жарыктан,
Өстүрөлү  балдарды биз бөпөлөп.

## Байлыгыңа ишенбе

Бай болсоң кемибеген,
Тууганың сага көбөйөт,
Туу тутуп сага  сыйынат,
Колтугуңа жылынат.
Байлыгыңа ишенип,
Жамандык келет колунан.
Жакшы пейил өзгөрүп,
Жаман сөз чыгат оозунан.
Кызыгып алып акчага,
Кааласаң жер сатасың.
Эртеңкини ойлобой,
Элиңди да сатасың.
Алсызды сен коркутуп,
Бычагыңды такайсың.
Бул аздык кылгансып,
Курал менен атасың.
Беш күнчөлүк өмүрдө,
Алгын элдин батасын.
Билбегенге билим бер,
Оңдогун сен катасын.
Күнүң бүтсө кийин кеч,
Кара жерде жатасың.

## Бакыт чачкан жылдыз ай

Алтындын жарык түспөлү,
Таңга бир жарык нур берген.
Ачып бир көздү жумгуча,
Ай жылдыз чыгат нур менен.

Кош жылдыз бирге жанаша,
Ай жылдыз күбө адамга.
Карап бир турат көктөгү,
Ай жылдыз таңдан качканча.

Ай менен кошо жарышсаң,
Жетүүгө сага мүмкүнбү?
Жүрөктө дартың толтура,
Айтууга сага мүмкүнбү?

Түндөгү  тийген айсыңбы?
Ай нуруңду чачтыңбы.

Сырлуу бир ойго баткандай,
Арзууга келген жансыңбы?

Ободон тийген күнсүңбү?
Жарык бир чачкан түнсүңбү.
Суктантат сенин кереметиң,
Арзууга бүткөн күчсүңбү?

Жаркырап нурду сен чачсаң,
Жарашат булут сен менен.
Жараткан тилеп жакшылык,
Жүрөгүм сага дегдеген..

Ай турат карап асманда,
Жарык берип ааламга.
Бактылуу биздин замана
Алтын Ай жолдон адашпа.

Элиңди тосуп душмандан,
Калкан болгун жакшына.
Чырагым жылдыз асмандан,
Нуруңду төккүн бактыма.

Бакыт жол ачып адамга,
Эгиздер тосуп жанаша,
Окшогон эгиз жылдызды,
Арманга терең сен салба.

Ак жол бир каалап бактыма,
Кыргызга тилеп жакшылык,
Ай турат калкып асманда,
Кош дегим келбейт ашыгып..

Тынчтык болсун замана,
Жаркырап тийип ааламга,
Алтын Ай нуруң төгө бер,
Жаркыган жолдон адашпа.

Учпагын жылдыз асмандан,
Жарык нур чачып ааламга.
Жайнасын жылдыз жаркыган,
Бакыт жол ачып адамга.

## Балама

Ээр болгун медер болгун,
Өзүңө уулум бек болгун.
Күч берип сага Жараткан,
Өзүңө бекем  чеп болгун.

Күчтүү бол сен Манастай,
Баатыр болгун, шер болгун.
Асыл уулум  балакай,
Өз элиңе эр болгун.

Жигити  бол кыргыздын,
Азаматы бол элиңдин.
Көктө жанып жылдызың,
Куту болгун жериңдин.

Коргоочу бол жериңе.
Атына затын жарашсын,
Кайрымдуу болуп элиңе,
Улук деп сени карашсын.

Зоболоң өсүп закымдап,
Өнөрүн  өргө улансын,
Пайдаң тийип калкыңа,
Ишиңе элим кубансын,

Уулум улук барктaлсын.
Элине атың тарасын,
Эр жигит элдин уулу дейт.
Элимдин алгын батасын.

## Балдарым кубат

Күчкө толуп өз энең бактылуу го,
Жандай жүрсө балдары эркелешип,
Шаттык орнойт биздин куттуу үйүбүзгө,
Ынтымактуу бир үй-бүлөдө жетелешип.
Балдарым дем берип чарчаганда,
Мүрөк болсун жашоомдо чаңкаганда.
Бала үчүн мен жашап үмүт менен,
Кээ-кээде күтүү менен кыйналганда.
Бала кошот жарыкты  үй бүлөгө,
Данакер го турмушка үндөгөнгө.
Кайгы-капаны бөлүшүп балдарыбыз:
«Урматым ата-энем»,-деп сүйлөгөндө.

Бактыма манчыркап батпай кетем,
Олтурганда уул-кызымдын кең төрүндө.
Төрдө сыйды бөлүшөрсүн жаратканым,
Балдар үчүн турмушта баратамын.
Бактым сенсиң балдарымын атасы,
Мен силерге арзуу ырын жаратамын.

## Балдарым кымбат

Мен үчүн бала кымбат өз бактыма,
Олтурдум бактылуумун мен тактыма.
Кызматын жасап өзүм балдарымдын,
Энелик максатымды аткардым да.

Мен үчүн балдарым дары сымал,
Каткырып күлкүлөрү кубат берет.
Энекелеп келишсе жазып кумар,
Бүт денем, кубаттанып күчкө толот.

Даярмын балдар үчүн  мен баарына,
Көңүлдөрү капалыктан кирдебесин.
Кубанып жаркылдашса маңдайымда,
Бакытка манчыркаган мен энемин.

Келсе кайгы чыдап мен туралбаймын,
Жая салып,тоскоолдукка канатымды.
Балдар үчүн бар күчүмдү сарптаймын,
Тийгизбей бир жерине жамандыкты.

Жетелеп мотурайган неберемди,
Эркелете жанаша басып келем.
Энелеп  чулдураса бал тил менен,
Балкыйт менин элжиреген бүт денем.
Андан ашык бакыт жок мага деген.

Балдарым ойноп күлсүн маңдайымда,
Жүргүлө  аман-эсен таалайыма.
Жамандыктан алыс болуп баарыңар,
Жашагыла жакшылыктын доорунда.

Уулум болсун кыргыздын эр жигити,
Элине инсан болуп көрүнгөн.
Бириң бол кыргыздын накта кызы
Теңирим суна берсин ырыскыны.

Суктансын уул кызыма бүт элим,
Суранам  жаман көздөн сактасын.

Көтөр Теңир өмүр таалай желегин,
Уул-кызым бу жашоодо бак тапсын.

## Балдарыма

Силерсиңер үйүмдүн жарыгы,
Силерсиңер жанымдын жарымы.
Балбылдап көзүңөр  жайнаган,
Силерсиңер элжиреткен жанымы.

Силерсиңер менин байлыгым,
Силер бар мен жашап келем.
Силер менин жашоо жыргалым,
Силер деп мен жаным берем.

Күлсөңөр мен жыргап күлөмүн,
Силер менен жылуу түнөгүм,
Чырагы силер  менин үйүмдүн,
Бактыма балкып жүрөмүн.

Балдарым үйүм көркүбү,
Көтөрүп силер көңүлдү,
Тилегим менин тирегим,
Улайсың менден өмүрдү.

## Бар бол дайым жанымда

Сагынам кетип калсаң сен алыска,
Кирпик какпай мелтиреп түн терметем.
Сүйөмүн жанымда жүр сен оорубай,
Аман бол балдарыңдын маңдайында.

Бар болгун үй-бүлөңдүн бактысына,
Сен менин асыл жар, ооматым да.
Бар болуп, ар убак сен жанымда,
Жол тосор калканымсын душманыма.

Балдарымды атасы, чоң атасың неберееге,
Жетелеп, эркелете жүр бешенемде.
Мен ыраазы сага жеткен тагдырыма,
Бар бололу балдарыңдын бактысына.

## Биз бирге бололу

Сен сулуусуң бир өзүңө суктанам,
Сени эстесем күнү түнү уктабайм.

Алыстаба менден өзүң түбөлүк,
Кол кармашып өмүр сүрөлүк.

Сыймыктанам ата болсо сиздей деп,
Сыйынамын Алланын бергенине.
Жүрөгүмдөн айтып мен ак тилек,
Балдарым окшосун деп бир өзүңө.

Окшошуп сенин сулуу көзүңдөй,
Эр жетип жигит болсун өзүңдөй.
Ээрчишип биз жүрөлү ар убак,
Тамчылап, көз жашыбыз төгүлбөй.

Сен барктуусуң үйүбүздө биз үчүн,
Жакшы жашап, бир жүрөлү өкүнбөй.
Аман болгун, оорубагын сен бүгүн,
Бир бололу, капалыкка чөмүлбөй.

Балдарыңдын, өз жарыңдын багына,
Сенин жарың, сен сүйгөн адамың,
Жан бермек бекеринен айтпаган,
Өзүң менен бүт нерсеге даярмын.

## Бир өзүм, мага элестеп

Бир өзүм, мага элестеп,
Олтурам сени күн эстеп.
Күнүгө күтөм жолуңан,
Мына бүгүн келет деп.
Жүрөгүм сени эстейт,
Сөздөрүм сага угулат.
Көзүмөн кетпей бир өзүң,
Карегимде кубулат.
Сыйкырдуу күн ошол кеч,
Жомоктогудай туюлат.
Өчпөсүнчү сүйүүм тез,
Дилимде мен суранам.
Сылап назик колдоруң
Кайда сенин убадаң.
Жолуккан күн,узады,
Айлуу түн элесимде,
Жүрөктөр согуп жатты,
Сүйүү кылы сезимимде.
Дүйнөм сага берилип,
Кучагыңда көшүлөм,

Күтө берип өңүндү,
Булак суудай төгүлөм,
Бүгүн сени келет деп,
Чимирик атып өрүлөм.
Ачпаса бакыт эшигин,
Күткөн менен арга жок.
Ачпаса жигит жүрөгүн,
Сүйгөн менен пайда жок.
Жигиттер кыйнайт кыздарды,
Сүйдүрүп жүрөк ырдасын.
Сүйгөн кыздын сезимин,
Арзыган жигит тыңдасын.
Жамалын жигит күттүрбөй,
Ашыккан селки муңдасын.
Түшүнсүн жигит түшүнсүн,
Күттүрбөй селки кымбатын.

## Бириккин Кыргызтан бир болуп

Гүлдөткүн, кыргыз жериңди,
Өркүндөт, корго элиңди.
Бөлбөгүн Ала-Тоо Мекенин
Бириктиргин эл-жериңди.
Бир болуп бөлүнбө эч качан,
Бек болуп кыргызым сен аман.
Тынчтыкты каалайм элине,
Бейиштүү Кыргызтан жериме.
Төрөлсүн Чынгыздай уулдары,
Бар болсун калкыбызда кары-жашы.
Мекендеп тоосунда улары
Закымдасын күлүк-тулпары.
Шаркырап агып тунук суулары,
Ыргалсын жашыл тулаңы,
Көктө көкөлөп шумкары.
Ата-Журт бекемделсин ынтымак,
Ынтымактан,Ала-Тоосу кулпурат.
Кыргызстан жериңди ыйык тут,
Коломтоңдо от өчпөсүн,орноп кут.
Көл чүрөгү Ысык-Көл керемет,
Бейиштин ордосундай термелет.
Ыйык жери, Сулайман-Тоо, Арстанбап,
Айта берсек,ыйык жайлар саналат.
Дарысы бар, баары бар,

Касиеттүү жери бар.
Пайгамбарлар жайлаган,
Керемет күчү, жайы бар.
Байлыгы мол, кени бар,
Асылы бар, балы бар,
Айта берсе баары бар.
Бейиштей болгон Кыргызстан,
Меймандос,улуу эли бар.
Улуунун жолун улаган,
Уланы бар, кызы бар.
Элимдин уучу кур эмес,
Төрөлөр дагы улуулар.
Ынтымак бар, ырыс бар,
Ырыстуу элим угуп ал,
Биримдик менен чыңалып,
Бирдиктүү өлкө куруп ал.

## Бишкекке кетпе

Бишкекке жол тартсаң сен,
Билбейсиң кыйналам мен.
Уктабайм түн терметип,
Урушам өзүм менен.
Жүрөгүм сага деген,
Сен үчүн сүйүүм келген.
Сагынам алыс жылсаң,
Агылат көз жаш деген.
Жолуңду мен утурлап,
Жалооруп дегдеп келем.
Сүйүүмдү өзүм күтүп,
Алпештейм сага деген.
Саргайып сен дегенде,
Санаркап самап келем.
Каралдым тезирээк кел,
Кыйналды  асыл жүрөк.
Сыргайып сагынамын,
Сага арнап, кат жазамын,
Көз жашымды сыя кылып.
Дирилдеп, буулугамын.
Тагдырлаш сен таалайым.
Жүрөгүм сага деген,
Сүйгөнүм  сени дегдейт.

Көңүлүм өрөпкүгөн,
Сүйгөнүм ойдон кетпейт.

## Гүлүм  менен сырдашайын

Колума алсам гүлүңдү болоор бекен,
Көбөйтсөм ал гүлдөрдү гүлзар болот.
Арасында араласам гүлдөр менен,
Көөдөнүмө табышмактуу сырлар толот.

Эчен кылым басып өткөн адам сырын,
Гүлүм коштоп сүйгөндөрдүн муңдуу ырын
Сулуулугу эч нерсеге алмаштыргыс
Гүлзарларды көргөндөймүн ушул бүгүн.

Сырдашалы гүлүм менен сырдашайын,
Бөлөнүп гүлдөр менен муңдашайын.
Сырым айтып, көңүл кирин тазартып,
Гүлүм менен сагынычтуу ырдашайын.

## Гүлдөр мага сүйүү сунат

Гүлүм гүлүм сонун түрүн,
Кызыл -тазыл сулуу жүзүң.
Элжиретип  жаш жүрөктү,
Жан сергитип сенин күчүң.
Ажайып сансыз түркүң,
Сүйүү отун тамызат.
Аңкыган жыпар жытың,
Ашыктык  отун жандырат.
Мезгилдин түсүн ылгабай,
Гүлүм мага керексиң,
Жаштыгына карабай,
Сунсак ыйык белексиң.
Сүйүү гүлүн терели,
Гүлдөн белек берели,
Сырдашалы гүл менен,
Сыр дүйнөгө келели.

## Дарттуунун үмүтү бар

Дарттуунун  да үмүтү бар,
Дайым айтат аруу тилек.
Жашоого дем берип,
Үмүт менен жашап келет.

Дарт кыйнаса, адам өңү бозорот,
Баягыдай шатыра- шаттуу күлкү жок.
Оору келсе, жашоо кошо өзгөрөт,
Кечээгидей асыл максат ойдо жок.

Оорусам да, үмүтүм бар балдардан,
Ооматын алдырбасын деп тилейм,
Дартымдан айыксам деп кудайдан,
Кетким келбейт, тирүүлүктөн,катардан.

## Демөөрчүлөр дем берет

Ооруганга дем берет,
Бай - кедей деп бөлбөстөн,
Жардамын берет баарына,
Калтырып атын тарыхка.
Суу агызат арыкка,
Көктөтүп жашыл талааны,
Көтөрүп кыргыз жергесин,
Жашартып,кыштак-калааны.
Жардам берет балдарга,
Сунушат баалуу белегин,
Кыйналганга таянар,
Демөөрчүлөр керексиң,
Жабыркаган адамга,
Жан отуң менен жөлөксүң.
Жолу жокко жол салып,
Сообуна иш жасагын,
Ыраазы болуп адамдар,
Ак батаасын берген бар.
Көбөйсүн элде демөөрчү,
Алсыздарга дем берген.
Суусаганга суу берип,
Ачкаларга аш берип,
Тойбогонго жем берген,
Курбандыкка мал берген,
Короосуна кой берип,
Канча адам андан ирденген.
Демөөрчүлөр бар болсун.
Жамандык такыр болбосун,
Колдоо берип жаштарга,
Билим алган мектебин,
Таштабастан келиптир,
Эски жайдын ордуна,

Жаңысын мен салам деп,
Убадасын бериптир.
Демөөрчүлөр болбосо,
Билим уясын ким оңдомок,
Жаштарды ким коргомок.
Агай-эжей тагдырын,
Балдардын ачып бактысын
Демөөрчүлөр жакшылык,
Демөөрчүлүк кылышты,
Жаңы мектеп курушкан,
Эл алкышын алышты,
Стандарттуу ажайып,
Жаңы жайды салышты.
Китептен бери жаңылап,
Жаңы эмерек заманбап,
Баарын түгөл камсыздап,
Эскилерин бузушту,
Жаңы сарай курушту,
Куруп кабат үйлөрдү,
Кыйналганга үй берди.
Ырайым болуп демөөрчү,
Ыйлаганга дем берди.
Байлыгына ачынбайт.
Душмандарга кошулбайт,
Элиң мыкты аташат,
Жакшылар менен катташат.
Кыргызымды көтөрүп,
Нурлуу кылат жергесин.
Өлкөнү өзүң гүлдөткүн,
Өзүңдөн жаштар үйрөнсүн.
Улутту өзүң бөлбөстөн,
Узарттың канча өмүрдү,
Ызгаар суук мезгилде,
Бердиң канча көмүрдү.
Жылыттың балдар үйлөрүн.
Жараткан сага дем берет,
Алкышын алгын элиңдин,
Батаадан жаштар көгөрөт.

## Жагындым сага жалындым

Жагындым сага жалындым,
Капталып отуна жалындын.
Түтөдүм өзүм түгөндүм,
Сүйбөпсүң, сени күтпөдүм.
Сен үчүн акты көз жашым,
Санаа тартып,  жаш башым.
Сезбептирсиң сен аны,
Болтуруп   жүрөк жараны,
Таба албай жандын айласын,
Ашыгым сага барамбы?!
Жабыгып өмүр сүрсөм да,
Жок мага сүйүү пайдасы,
Жалындап күйдүм мен оттой,
Кайдыгер болдуң сен мага,
Жаныңа жакын жолотпой.
Арадан мезгил өтсө да,
Сүйүүмдү  сактайм жоготпой.
Мейли го сени кечирем,
Сүйүүмдүн суусун ичирем.
Эсиңе бир күн келерсиң,
Кайтарып, сүйүүм берерсиң.
Сүйгөндөр баарын кечирет,
Адашкан эске кеч келет,
Түшүнсө болду кадырды,
Түйшүктү көргөн бактыны.

## Жаз жүрөктү сүйдүрөт

Жаркырап жаздын гүлү кандай сонун,
Өзүнө тартып турат жыпар жыты.
Жүрөккө сүйүү кошуп жаздын күнү,
Жолугуп сүйүшкөндөр ошол түнү.
Түрлүү түс берип келет жаз мезгили,
Түрлөнүп суктандырып жаз сезими.
Жүрөккө дары берип жаздын деми,
Кыз улан жолугушат мына эми,
Эскерип өткөн күндү ата текти,
Эстешип жүрөктөрүн бир соктуруп,
Күчөтүп сүйүү  күнү бирге олтуруп.
Кубаныч тартуулашат бир бирине,
Бекинип жаз күнү сүйүү сунуп,
Кыз улан  бактылуулукка ошол күнү

Баш кошуп биригишип ошол түнү.
Бакыт сунуп жаздын күнү ар уланга,
Бир болсун жаздын күнү ар адамга.
Биригип сүйүү менен кошо жүрүп,
Кетпесин жаз мезгили кошо сүрүп.
Бизди да колдоп жүрсүн кошо сүйүп,
Ачылат аалам сыры жаз күнүндө,
Нур чачып күн жаркырап кошо күлүп,
Айым да кошо жүрүп күндү сүйүп,
Жылдыздар бажырайып ошол түнү
Жарк берет жаз күнүнө бир ажайып.
Сулуу кыздар бир башкача,
Теребел көрктүү, асемденген таптаза.
Жаздын күнү элиме даңкты сунуп,
Эл үчүн жаралсын баатыр туулуп.
Баатырлар кыргыз үчүн бекем туруп,
Душманга бербейлиби жерибизди.
Коргойлу  сактап биз ата текти,
Байлагын жигиттер бекем белди,
Баатырлар коргоп келген кыргыз элди.
Көрк берет жаз күнүндө дарактар,
Жашартып, жагалдантып, теребелди.
Ачылып гүлдөр сансыз түркүн,
Көрктөнтөт кулпуртуп, анын деми.
Шамалдар бийлеп келет, айдап желди,
Кыш тараптан чымчыктар учуп келди.
Төгүлөт жүрөктөрдөн ыр шиңгили,
Адамга сезим берет жаз мезгили.
Жүрөктү сүйүнттү жаздын деми.
Жазымдай жарашыктуу сезим менен
Кайрылып келээрсиң сен бир күнү.
Тосуп алам жаздын күнү оорубасам,
Кучагыма жаздын гүлүн терип алып,
Кулпуруп өзүңө басып барам.
Кошо жүрүп сени менен учсам деймин,
«Сүйөм»деген  жүрөгүмдө айткан кебиң.
Жаз келип бардыгына күчтү берип,
Маанайым көтөрүлүп сергиледи.
Суктанткан жаз элиме демди берип,
Сүйүүлөр жаз менен келгин деди.

## Жазган ырым жагар бекен

Тартынбай ырыңды элге бергин,
Жүрөгүңө неге ырыңды катасың.
Сунгун сен элиңе ыр берметин.
Ырларың тазалыкты тартууласын.

Жазылсын ыр саптары жүрөгүмдөн,
Ырларым элиме жагаар бекен.
Дилиме сактап келген ырымды мен
Нурга айлантып элиме төгүлөм.

Ыр жазам, мен өзүмө мактанбаймын,
Дилиме саптар келет, күндө дайым.
Дилимде оргуштаган сезимимди,
Аз да болсо ырлар кылып жаратайын.

Кудайым аз да болсо тартууласын,
Көөдөн жарып, көкөлөгөн ырларымды.
Жараткан аруулап турган чыгар,
«Жазгын деп»,сезимдеги ырларыңды.

Калкыма кадырлаган ыр жазамын,
Сыноодо бир кудайым турат мага.
Катам болсо, бир өзүмдү актабаймын,
Таазим этем кудай берген талантыма.

Жардам берип, мага жөлөк боло турган,
«Ырларың мага жакты» деген,
«Жараткын ырыңды жараткының»,
деген сөздү эл оозунан угар бекем.

## Жакшы сөз

Жакшы сөз көңүл чери,
Жибитет жанды дагы.
Жакшы сөз адамга,
Болот дары.
Жакшы сөз жан ийитет,
Сакталып калат жүрөктө.
Сынбаган адам болбойт го,
Жаман болсоң жашооңдо
Байлыгың да бекер го.
Так калтырба жүрөккө.
Сыймыгы болсоң элимдин,
Данакер болот жакшы сөз.
Айтыла берсе жакшы сөз,

Айтылып калат элимде.
Жыргалын көрүп жашоонун,
Оозуңдан жылуу сөз чыксын.
Жакшы сөз, жашоо бермети,
Жакшылыкка чакырган,
Жакшы сөз турмуш ырысы.
Жакшы сөз, жашоо чындыгы.
Жакшы болсоң,сен эгер,
Жамандыкты жеңесиң.
Жарашат сенин сөздөрүң.
Жашооңдо өзүң бек сүйлөп,
Жарашат акыл айтканың.
Таза болсон тирүүңдө,
Көрктөнөт аалам сен менен
Жакшы болсоң тирүүңдө,
Кулпурат сенин жаш чагың.
Азгырылба жарты байлыкка,
Жакшы сөз калсын артыңда.
Алсыз адам бай болсо ,
Ай ааламды чапчыйм деп
Акылдуу  адам бай болсо,
Кайрымдуу болот жардыга.
Март адам өтсө дүйнөдөн,
Артында жакшы сөз калат.
Кайрымсыз өтсө дүйнөдөн,
Баягы сараң өттү дейт.
Бул дүйнөгө бир келдиң,
Артыңда жакшы сөз калсын,
Жакшылык менен жашап өт,
Артыңда аңыз кеп калсын.
Гүлдөтүп ушул турмушту,
Жакшылар куунап жыргасын.

## Жакшы  ойлорду топтоп жүрчү

Нечендеген кыргыз өттү бул заманда,
Оюш-кыйыш күндөрдү коштоп келген.
Жазылган ак баракка тарыхта,
Музыканын шаңдуу ырын топтоп келем.

Ал да тарых, өткөн кыргыз таржымалы,
Эл-жеримди коргоймун деп душмандардан,
Канын төккөн кыргызымдын баатырлары.
Ошолор кыргыз журтун сактап келген.

Өмүрлөр кыйылган кандуу согуш жылдарында,
Ал да бар жазылып, кылымдардын тарыхында.
Мезгил сызып, жылдар алмашса да, замана
Баягыдай күн турат, нурун чачып асманда.

Убакыт куш,зымырык атып закымдап,
Жылдар өтөт, зымырап ар кыл күндөрү.
Баягы күн, асманда калкып ай турат.
Жакшылыкта жакшы күндү эстеп жүрөлү.

## Жаман болбой, жакшы бол

Кетет сенин ашыгың,
Курук болуп капчыгың.
Качып сенден ырыскы,
Катарга кошпой тууганың.
Сөзүңдү укпай,эч кими,
Өкүндүрөт өзүңдү.
Жамаң болсон баарына,
Жакшы уул сенден жаралса,
Жаманы тийет балага.
Асылат ата-бабага,
Оңолуп ойлон азыртан,
Тукумуңа сөз тийет,
Жакшы бала тиленет,
Жүрөгү таза ак ниет.
Жаман бала тилденет,
Жашоосу болот тикенек.
Жашоодо адам бир келет,
Эне ичинде толгонот,
Ниет кылып жашоого,
Үмүт менен уул төрөйт,
«Көрбөйүн»,деп жаманын.
Жарыкка келген баланын.
«Болбосун менин арманым
Жакшы болушун каалаймын,
Канымдан жаралган баланын».

## Эңсеген эне тилеги

Эңсеген эне тилеги.
Кудайдын берген белеги.
Жаныш –Байыш келгени.
Окшошкон бала эгиздерди

Кудайым жаратыптыр,
Бир бирине  жөлөк кылып
Жаныш Байыш эгиздерди.
Төрөлгөндө ыйлап түшкөн,
Окшошкон эгиз балдар,
«Ыңаалап» айбаттуу  үн чыгарса,
Энесинин жүзүнө күлкү бүткөн.
Турмуштун арабасын кыбыратып,
Араң эптеп багып келди эгиздерин.
Энеси кабак бүркөп жүздү ачпай,
Сүйлөсө жооп жок, бир сөз айтпай
 Жүзүндө кайгысы бар, муңга баткан.
Жокчулуктун айынан өз энеси,
«Эгизимди кантип мен багамын», деп
Аргасыздан жол боюнда таштап салган.
Окшошуп мотурайган эгиз балдар,
Көрүнгөндүн өткөнүн тиктеп коюп,
«Энекем качан келет»,дешет.
Таң аткан күнүн алар батырышты,
Күн айланып түнкү шоокум салганда,
Эгиздерден үнү чыкты «апа» деген,
Көз жаш төгүп,бирин бири сооротушту.
Кучак жайып, боорлорун батырышып.
Түн айланып, таң атып, мына  ошентип
«Энебиз тынч бекен», деп ойго батып,
Эгиздердин жүрөгү  да  муңга батып.
«Энеке кайдасың? деп үн чыгарса,
Мемиреген шамал үнү кошо сүйлөйт.
Бул кезде кулак туңган жаңырыктан,
Катуу шамал алып кетти бала үнүн.
Жанырып үнү урулат «эне» деген.
Энеден ажырасаң бул турмушта,
Жетимдин жашоо  жолу татаал экен.
Тиштенип жер тепкилет ыйлап Байыш
«Уруксат эткин», дейт  айлуу түндө.
Сөз берип сен мага макул болсоң мага.
Бирөөлөрдөн иш издеп келейин мен».
Кары кемпир келе жатып жол боюнда,
Мотурайган эгиздерди көрүп калды.
Бир нерсени сүйлөшүп ал эгиздер,
Баш ийкеп макулдашып бирин бири.
Кемпир да өздөрүнчө таң атырды.

Эгиздердин түпкү жайын сурайын деп
«Балдарым», дешип сөздү баштаганда,
Энесинин үнүнө окшоштуруп
Кайгы - муңу сүйүнүчтү орой түштү.
Арбайган арык колу жара баскан,
Кары кемпир өзүнчө бир муңга батып,
Жардам бергилечи  балдарым деп,
Араң жанды  жаман да оору кылган.
Эгиз балдар энеге боор оорушуп,
Элеңдей карашты чар тарапты.
«Энеке үйүңүз  кай жерде?» деп
Экөө бирдей жарыша суроо катты.
Тыбырчылап чыдабады эгиз балдар.
Үйүнө алып келди эгиздерди.
Өмүрүндө көрбөгөн мындай үйдү
Эгиздер көз жүгүртө  таң калышты.
Дем берди, «Көк желкем ооруп турат».
Арбайган арык колун жара басып,
Бирок эне далдайып уктап жатты,
Бул учур балдарды да магдыратты.
Жол боюнда көз жаш агып жалдыраган,
Эгиз балдар мына ошентип эне тапты.
Энеге бала кымбат, бала бакты.

## Жарыма

Жашоомдо сени таптым,
Жүрөккө сени катып,
Сүйүүмдү сага чачтым.
Сырымды сага айтып,
Сен үчүн жашап келем,
Аппак сүйүүм сага деген,
Жүрөктө сен жашайсың,
Түбөлүк мени менен.

Тийгизбей сага чаңды,
Көтөрөмүн баркыңды,
Жашооңдо жөлөк болуп,
Дайым жазам жарпыңды.

Карыш жылса кадамың,
Чыдабай сага барамын.
Жүрөгүм менин дүкүлдөп,
Керегим сага кададым.

Ысык чайымды узатып,
Дандырда жаап ак нанды,
Дайым сени кубантып,
Ынтымак менен жашайлы.

Жарым болгун түбөлүк,
Үйүбүздөн кут кетпей,
Бапестеп бала өстүрүп,
Бактылуу өмүр сүрөлүк.

Сүйүүбүз бирге жанашып,
Катылып бирге түбөлүк.
Жашоодо бала самашып,
Бактылуу өмүр сүрөлүк

Татаал күндө жүдөдүк,
Тагдырга бирге  жүрөлүк.
Сүйүүгө сүйүү уланып,
Небере күнүн күтөлүк.

Турмуштун доорун сүрөлүк,
Жакшы бир күндү күтөлүк.
Маанайыбыз ачылып,
Жашайлы жарым түбөлүк.

## Жашоомдо табылгыс жансың

Сүрөтүңдү өзүң  бекиттиң,
Ачып өзүң сүйүү эшигин.
Татып жашоо таттуу  балын,
Терметели  жашоо бешигин.

Каталарды өзүң кечиргин,
Буйругу экен бул  Теңирдин.
Кызганычтан болду чекилик,
Адашып өзүң жеңилдиң..

Бир аз жылсаң жанымдан,
Буулугамын жабыгам,
Кетпешиңди суранып,
Кудайыма жалынам.

## Жашоому сындырба

Алсырап жаным кейип турган кезде,
Башканы сүйүп, алыстап кетпе.

Сүйүшкөн күндөр жадыңда болсо,
Унутпай аны, адашпай эсте.

Кайгырып муңум бошошкон кезде,
Сүйүүмдүн күчүн байкагын сезе.
Адашып сен баркымды билбей,
Кыйнап жүрөктү эзгилей бербе.

Сезимим толкуп ташып турган кезде,
Сындырба азыр, тирүүмүн эрте.
Айлантпа башты, намысым бийик,
Сүйүүмдү билгин, кадырым эсте.

## Жашта

Жүрөктөрдү сен азгыргын,
Кыйнадың мен алсызмын.
Сүйгөнүм менен пайда жок,
Жарың тапса башканы.
Күйгөнүң менен арга жок.
Үйүңдө жарык жок болсо.
Жылуулугу не пайда?!
Сүйгөнүм десең сүйбөсө
Сулуулугуң не пайда?!
Жарың түшсүн түз жолго,
Азгырыктан сактасын.
Жарыктык орноп үйүңдө,
Балдарың ойноп шаттансын.
Ишеним жүрөк түбүндө,
Жараткан өзү жалгасын.

## Жер эне наараазы экен пенделерге

Жер эне табияты кандай көрктүү,
Жер эне берешен, кереметтүү,
Жер эне кенге мол, байлыкка бай,
Суусу да, дарылыгы касиеттүү.
Жер ененин баркын билбеген бар,
Бузуп жатат асыл ташын казгандар,
Суусун булгап, табиятын кордогон,
Байлык үчүн бүгүнкүнү ойлогон,
Өздөрү үчүн дүйнөкор көр пенделер.
Жер энени мынча неге кыйнайсыңар,
Байлык үчүн көзүңөрдү кыйбайсыңар.
Жер эне бүт пендени карап турат,

Наразы ал силерге арманы бар.
Неге силер көзүңөрдү ачпайсыңар,
Жер эне деп бириң да ойлоп койбой
Жер дүрбөп аңтарылса, мына ошондо
Пендем эмес, жер жүзүндө асыл ташты ,
Сактагыла,ал силердин байлыгыңар.
Наразылык толуп жатат сага пендем,
Жер эненин бергениме көзүң тойбой,
Баарын бузуп-талап жатасыңар.
Бозоруп көркү кетти пенделерим,
Көркүнө көрк кошулбай улам - улам.
Жер эне көркү качып баратат.
Жер эне пенделерге наразы экен,
Эл журтумдун пейилдери бузулду, дейт
Ичи таар болушуп барган сайын,
Пенделери байлыкка чөгөлөштү.
Жер эне эмес, пендени да пенде кордоп,
Таш боор болуп баратышат.
Жер эненин кенчин бузуп пенделерим.
Бак –дарактар эпсиз кыйылып,
Өрттөнгөн арчалары көрктөн кетип,
Шамалга бийлеп турган жашыл тулаң,
Жалынга неге силер кыйнайсынар,
Шаркырап агып жаткан тунук суулар,
Неге силер аны да булгайсыңар.
Жараткан кенен берген ырыскыны,
Аз көрүп, неге силер тойбойсуңар,
Коркоолук, көрпенделик сапатыңар,
Неге силер эмдигиче койбойсуңар.
Берсем дагы жакпай турам пенделерге,
дейт, кейүү менен касиеттүү жер эне.
Гүлгө суусун бербейт экен таң каласың.
Ошон үчүн жер бетинде селдер жүрөт
Көп жылдар өсүп турган бак даракты,
Пенделери тартып алат ээлик кылып.
Кокустан бир алманы үзүп алса,
Бир алманы миң алма деп кыргыз жүктөйт,
Бак даракты менчик кылып, пенделерим,
Карабастан багымды куураттыңар,
Жер эненин бергенине шүгүр кылбай,
Аздай көрүп, байлыкка кызыктыңар.
Түбөлүккө тирөөч болуп калчуудай,

Дүйнөнү үсту үстүнө үйөсүңөр.
Байлыкка азгырылып чиренбеңер,
Жер көтөрөт  ким болбосун адамзатты,
Адам эмес, байлыкты да асыл ташты.
Бирок силер көтөрө албай байлыкты,
Акырында манчыркап каласыңар,
Кызганычтан көзүңөр бозоруп,
Орго түртөт ортодогу талашыңар.
Жарты нанды бөлүшкөн пенделерим,
Мынча неге ач көз болуп барасыңар. ,
Ок-дары менен жердин астын жардырып,
Неге мынча жер энени кыйнайсыңар,
Кен казылат жердин бети атылып,
Өзүңөрдү өзүңөр тыйбайсыңар.
Пенделер эсине келет десем,
Күндөн күнгө күч алышат ого бетер.
Жер эне карыз бекен пенделерден?!
Чет элдиктер  менчигиндей мекендеп,
Байлыкка бай,жериңерди  сатасыңар.
Пейлиңер бузулуп бaратат,
Саздуу жер деп жердин бетин чанасыңар,
Мээнет кылып мандай терди чачпайсыңар
Качан, кантип силер жерди барктайсыңар.
Табият буркурап ыйлаганда,
Оо пендем кай жер менен басасыңар.
Акыл калчап,көр пенделик токтобосо,
Качат бир күн кудай берген ырыскыңар.
Жер эне буркурап ыйлабасын,
Элден чыксын Мекенчил акылмандар.
Келечекке ишенимдүү баргыла,
Калктан чыксын чечкиндүү жаратмандар.

## Жигиттерге

Жигиттер алга жалында,
Тирүүңдө чыгаар атыңды.
Умтулуп өзүң жаркылда,
Колдосун элим баркыңды,
Жакшы жакка оңолуп,
Гүлдөткүн сен  жериңди,
Байлыгың бар жериңде,
Тоюндургун элиңди,
Адал иштеп, ак иштеп,

Тийсин жакшы кызматың.
Элим сени барктасын,
Эр жигити эл менен
Батаасын берип жалгасын.
Элиңдин жүгүн көтөрүп
Эл жигити болгунуң.
Элдин сүйгөн уулу, деп,
Жакшы бир атка конгунуң.

## Жүрөгүмдүн түбүндөсүн айтпаймын

Жүрөгүмдүн түбүндөсүн айтпаймын
Сизди сүйүп бирөөлөргө сатпаймын.
Сүйөм деген сөзүмөн мен арбалып,
Сен узасаң бул жашоого батпаймын.
Жүрөгүмсүн алыс кетпе өзүмөн,
Сен адашпа сүйөм деген сөзүңөн.
Айрыбасын бир бололу жашоодо,
Бирге болуп өмүр сүрүп жарыкта,
Сени менен кубаттанам ар убак
Сени сыйлап сүйөм жаным барктайын,
Балдарымын бактысына бар болгун,
Жүрөгүмдөн алыс кетпе ар дайым.

## Жүрөгүңдү ойготчу

Жүрөктө такты калтырып,
Бакыттын нурун өчүрдүң,
Сен деген жүрөк ооруду,
Сүйүнүч күчтү кетирдиң.
Өз жүрөгүм туздалды,
Дене боюм муздады.
Жан-дүйнөмдө кусалык,
Ишенбей сүйүүм турабы,
Канткенде эске келесиң,
Жүрөккө дары болсоңчу,
Сүйүүңдү эстеп койсоңчу,
Алыстан мени толготуп,
Жүрөгүңдү ойготчу.
Азгырыкка алданбай
Сезимиң менен берилип,
Ширин тилге арбалбай,
Жүрөгүңдү ойготчу.

## Жүрөк дарты

Аткан таң жарык түндүн мээрими,
Адамдын жүрөгүнө чокту салган..
Алоолонуп от болуп, жанып турсам,
Көз алдымда андай чырайың.
Сени менен күн кошулуп өмүрүңө
Сергектикти тартууладың көнүлүмө.
Көңүлүмдү бурдум сага суктанам,
Жылмайып күндүн нуру көрүнгүчө,
Сүйдүм бирок тагдырымды жеңе албадым,
Татаал тагдыр турмушума туш болгонсуң,
Эмне үчүн тагдыр менен кыйнадың сен,
Оору күчөп жүрөгүмө орноп дарты,
Алоолонгон оттой болуп келесиң сен,
Оттой болуп барам сага күдөр үзбөй,
Таң аткандан ак сүйүүмдү күтөмүн.
Закымдап өтүп кетсе өмүрлөр,
Аткан таңдан ак сүйүүмдү издеймин.
Шоола чачып, нурданып турасың сен,
Каректерге ак сүйүүңдү чөгөрүп,
Сүйдүм, бирок тилегиме жетпедим,
Оору күчөп жүрөгүмдө дартты салып,
Аткан таңды кара булут каптап калды,
Көңүлүм дал ошондой кирдеди го.
Барган сайын оорум күчөп барат,
Жүрөктөрдү кыжалаттуу ойго салат,
Айда кара булуттарды асмандан,
Таң болбосо бизге жашоо караңгы.
Аткан таң элибизге нурун чачты,
Чыгарат го адамдын ички бугун,
Таң алдында бороон- чапкын
Теңир бизди караңгыдан сактасын.
Татаал тагдыр алоолонуп күйүп турган,
Жүрөгүмө дартты козгоп улам,
Кара булут үстүбүздө калкып турган,
Ойлорум алагды,буркан-шаркан.
Барган сайын оорум күчөп каттуулайт,
Татаал тагдыр жүрөгүмө оору салат,
Түйшүк ойлор жүрөгүмө арттылып.
Жүрөктү кээде ук, кээде укпа,
Жүрөк менен жашайт го адамдар,
Жүрөк үчүн жанын кыйган бар.

Жүрөк менен иш кылганда ойлонгула.
Кээде жүрөк буруп коет жаман жолго,
Ишенип душман болуп койбогула,
Акырети жооп берер күн да келет.
Кимиңдин ким экенин Алла билет.
Бейиши менен, тозокту өзү иргейт.
Дүкүлдөп кагып, жүрөк коркот өтөр күнүң,
Жакшы болсун Жаратканга жетет үнүң.
Шүгүр кылгын бул заманда наның бүтүн.
Эсиң барда жакшы жаша,оңолуп, өзүң бүгүн.
Душмандардан алыс болуп колду үзгүн,
Бириктирип бөлүнгөндү ынтымакка,
Акыл менен эл жериңе жашоо түзгүн.
Оңолбосоң тозокко өзүң күйдүң,
Кеч болот мына ошондо байлыктарың,
Кепин оройт пайда бербейт жыйнаганың.
Өчөт  сенин жанган шамың,сенин жарыктарың,
Бардыгынын акыры бар,соңу бар,
Байлыгыңа ишенип, жаман болбо,
Бул утурумдук, азыр бар да, кийин жок,
Убагында иштеп бергин Мекениңе,
Ак пейилден кызмат кылгын элиңе,
Гүлдөтсөң сен салым кошуп өлкөңү,
Калкыңдын сыйына ээ болосуң,
Элдин уулу, эл баласы дедирген,
Жакшы атка, сыйлуу атка коносуң.
Мына ошондо жүрөк дарты айыгат.
Мекениңдин чыныгы уулу болосуң.

## Кеменгер кеби асыл элим  бар

Кеменгер кеби асыл элим  бар,
Кереметтүү Ала-Тоодо мекендеген.
Байлыгы мол, алтыны бар түгөнбөгөн,
Кудай берген берекеси түмөндөгөн,
Бирок, ал байлык менчик эмес элдики,
Баарынан улуу байлык ал элибиз,
Анан да кереметтүү жерибиз.
Карачы. кыргызымдын Ала-тоосун
Кудай берген ырыскынын баары бар.,
Көз артышкан, байлыгыбызга кызыккан,
Душмандардан Жаратканым  колдосун.
Эл биримдик, эл ынтымак болгондо,

Чепке айланат, бузулбас бекем коргонго
Эл байлыгы, баарынан чоң байлык,
Ал байлыкты сен алмаштырба башкага,
Бал тил менен баш айландырып жатса да.

## Жүрөктү оңдо

Алсыз болсоң күчтүү жүрөк толтура,
Баш айланып алмаштырба байлыкка.
Жүрөгүмдү  муз менен  тоңдурба,
Жуп жүрөккө бөлөк канат кондурба.

Жүрөк менен адам болот тирүүлүк,
Жашап келет  ал жүрөктөр кагылып.
Жаман болсо эгер анын жүрөгү,
Душманына өтүп кетет сатылып.

Жакшы менен жамандын ортосу,
Жүрөк оору ашырып өзүнө,
Азгырык каптаса ал өзү,
Кирип кетет көрүнгөндүн сөзүнө.

Сулууну жүрөк сүйүп ашыккан,
Байлыкка да мартабага карабай,
Жүрөк чечет,жүрөк табат даарысын,
Улуу-кичүү, жаш-карыны санабай.

Кээде жүрөк душман кылып тууганды,
Мээрин алат  көөдөнүнөн сууруп,
Ажыратып ата менен баланы,
Кээде болот азгырыктай куулуп.

Кээде жүрөк жаман-жакшыны көтөрөт,
Кээде ыйлайт, көңүлүңдү чөгөрөт.
Алсыз жүрөк ак-караны биле албай,
Күчтүү жүрөк ооматты да көтөрөт.

Жамандыкты көрсөтпөйлү жүрөккө,
Сугаралы өмүр суусу мүрөккө.
Дайыма кубанычка толтуруп,
Капалыкты катпайлычы жүрөккө.

## Жылдыз айым

Жылдыздан алтын тагынып,
Айдын кызы сен болдуң.

Калкыңа кызмат сиңирип,
Кадырлуу кызы сен болгун.

Маңдайымда сен жанган,
Шоола чачкан нурумсун.
Күлкүң сага жарашкан,
Айым, күнүм кызымсың.

Караңгыда сен жарык,
Үйдө шаң, чоң байлык,
Жанган бойдон жүрө бер,
Атыңа затың жарашып.

## Пейилди оңдо

Улутка, урууларга бөлүнүшүп,
Бир бирине күнөөлөрүн төңкөрүшүп,
Бай,кедейдин турмушун алып келди,
Алсызга буйрук берет чоң болушуп.

Азыр элде пейил бузулуп баратат,
Күчтүүлөр күчсүздөрдү кордогон.
Күнөөсүздү күнөөлүүлөр сабаган,
Пейилди жакшылыкты санасаң.

Эмне пайда өзүңдү өзүң алдасаң,
Билим алгын өзүңө керек сабактан.
Акылдуулар, эл-жерин коргогон,
Келаткан бул эзелтен, тарыхтан.

Акылдуулар жериңди суктандырат,
Уулдары эмгектерин калтырышкан.
Эрдиги өлчөөсүз таңдандырат,
Манастын уулдары жол салышкан.

Жакшы пейил кетер менен пенделерим,
Замананын куту учуп бара жатат.
Душмандын пейли бузук,  оңолгун, деп
Дайым тилейт жакшылык  Жаратканым.

Артка кайтып, жамандык жолобосун
Пейлиңер жакшы болсо кеч эместир
Жаратканым күнөөлүүнү өзүң кечир.
Үмүттөр алга карай оболосун.

Кыргызымдын ак мөнгүлүү аска тоосу,
Суктандырат, керемети, табияты.
Карачы, сулуулугу таң калтырат,
Тоодон тоого секирип эликтери.
Кожожаштын эл бакканын эске салат.

Кыргызымдын Ала-Тоосу көркөмү бар,
Кооздугун карасаң, суктандырат.
Көлдө сүзгөн кереметтүү аккуулары,
Акмөөрдүн сулуулугун ойго салат.

Кыргызымдын туптунук мөңгүлөрү,
Кереметти, бир ажайып башкача.
Анын баарын, суктана карап турсам,
Жараткандын бизге берген белектери.

## Кыргыздын кызыл туусу

Ак жолго бизди чакырат.
Элимдин улуу байрагын,
Көтөргүн сен бийикке,
Душманды ичтен айдагын,
Гимни элге жар салат.
Белинди бекем байлагын,
Жерим алтын айлангын
Билеги күчтүү баатыр эл,
Коргоп келген ээлтен,
Көтөргүн кыргыз байрагын.

## Бакир Арзыбаевичке

Алла берип Бакир уулу жаралган,
Касиеттүү аты өзүнө жарашкан.
Пайгамбарлар аты менен уланган,
Бул адам дабагер ак халатчан.

Элимдин шыпагери таалайысыз,
Өмүр үчүн күрөшкөн дабагери.
Дартыбыздан даба таап айыгып биз,
Ыраазы болуп кетишкен канчалары.

Канча өмүргө жарык чачтыңыз,
Адамдарга үмүт отун жактыңыз,
Сыймыктуу жашоо улаңыз,
Эмгегиңизден ачылып бактыңыз.

Өмүрүңүз узун болсун бешенеге,
Өчпөсүн эч убакта чырагыңыз.
Чоң ата, таята неберeге,
Доор сүрөөр, дөөлөттүү убагыңыз.

## Исхак

Бекем байла белиңди,
Корго өзүң элиңди.
Алтындай кыргыз жериңди.
Колдосун Манас атаң,
Коргосун сени Жараткан.
Теңир берип жакшылык,
Эл ичинде болгун аман.
Элим алгын алкышын,
Ишенген элдин баркысың.
Жакшы аялдын жарысың
Баары сага жагынсын,
Куттуу элдин багысың.
Жылдыздай жүзүң жансын,
Айдай жаркырагын.
Күндөй күлмүңдөп,
Ааламга нуруң чачкын.
Пайдаң тийип элиңе,
Ишиңен бактың ачсын.
Керегиң тийип өлкөңө,
Өмүрүң өргө чапсын.
Таяныч болуп калкыңа,
Атың чыксын жалпыга.
Эмгек кылдың азамат,
Жакшы ат сага жарашат.
Бар болгун, сен аман бол,
Бекем болсун өлкөбүз эгемен,
Күүлөнгөндө тулпарың,
Адымдан алыс кетсин,
Көкөлөп шумкарың,
Канат кагып, көккө жетсин.
Касташкан душманың,
Кастыгын таштасын,
Мыкты болуп сыналдың,
Көкөлөтүп жериңде,
Көкөлөгөн туу алгын.

## Сүйүүмдү сен капарыңа албадың не

Сүйүүмдү сен капарыңа албадың не,
Унуттуңбу, көңүлүңдө  жок белем.
Сени деп өмүрүмдү  өткөрөмүн.
Ойлорумда кеч эместир, үмүттөмүн,

Качандыр бир кайрылаар деп ишенемин,
Сен сүйбөсөң мен сүйөмүн жалындаймын,
Бала берди эми бизге Жаратканым,
Кумарланам кыткылыктап күлгөн сайын.

Оору кылдың, неге  сен мени таптың,
Анан да башка кызга башың каттың.
Ишенип, бал тилиңе алданыпмын,
А сен болсо бөтөн кызга сырың ачтың.
Алмаштырдың менин сүйүүм гүл затын,
Ишенгемин жеттим деп мен бактыма.
Жалган экен сүйөм деген айткан кебиң,
Алданыпмын сенин айткан калпыңа.

Кыйнап келем жүрөгүмдү өзүм эзип,
Алсызмын арга жоктон турмуш улайм.
Жашай берем аргасыздан турмуш кезип,
Дилимде бактылуу жашоо курайм.

Туңгуч сүйүү, тунук сүйүү артыкпы деп,
Артына кайрылып келерби дейм.
Жол карайм сени көздөй кечүү издеп,
Сүйүүдөн жабыгып, жүдөймүн мен.

Жолугаармын, караймын көзүңө,
Келерби деп, ашыгым өзүмө.
Кыйнап келди чын сүйүүнүн өзөгү,
Каалабаймын сенден башка өзгөнү.

## Ишенбей калдым өзүңө

Ишенбей калдым өзүңө,
Жактырам деген сөзүңө.
Башканы сүйүп жалбыртап,
Ыйберип менин көзүмө.

Ызаа бир кылып өзүмдү,
Бул жашоо мени жүдөттү.
Сүйүүлөр кетсе адамдан,
Адамдан адам качат го.

Кызматың дале көрүнбөй,
Сүйүүлөр кетсе  жарыңдан.
Балыбыз тузга айланып,
Жүрөктөр музга айланып,
Азгырык сага байланып,
Сүйүүмө өзүм жалынып,
Ишенбей калдым өзүмө,
Ишенбей калдым сөзүңө.

## Ишендим эле өзүңө

Сени сүйүп ишенгемин өмүрдө,
Бар экен менден башка адамың,
Сүйбөптүрсүң бул менин арманым.
Неге мени сүйөмүн деп алдадың.
Оору кылдың жүрөгүмдү ардагым.
Мен сунган сүйүү гүлүн албадың.
Кыйнадың мени неге сүйдүрүп,
Кыягым  күүнү чертет күйдүрүп,
Кыялым сапырылды түрүлүп.
Кымбатым менден качтың суурулуп.
Сен үчүн чыдаймын мен баарына,
Каалабаймын сенден башканы.
Менин дүйнөм сен деп жашайт го,
Жүрөгүмдү билгин сен байка,
Жаным сүйөм, сүйөм өзүңдү,
Жагынганга өзүң көз артпа,
Азгырганга өзүң алданба.
Акыл менен жеңгин аларды,
Намыс бекем сени сактасын.
Кызганамын жаным байкагын.
Сүйөмүн деңиздей толкуп,
Татып ал өзүң айтканым.
Сен үчүн  мен баарына даярмын,
Сүйүүм үчүн чокту кармап,
Сүйүүм үчүн кучагымды жаярмын.

## Кар сүйүүсү

Ак кар жааса ургулап бетке,
Сени  мен эстеп турам.
Ошондогу  карлуу кечте,
Сага деген сүйүүмдү сунам.

Кар жаа, кар жаа  токтобой,
Жүрөктөрдү сен агарткын.
Сүйүүбүз чындык болжобой,
Сүйүнүч менен кар жаасын.

Баш кошкон ошол түндөр,
Сулуу жигит болду жар.
Эстен кетпейт ошол күндөр
Ороп мени кучагыңа ал.

Кар жаайт туш тарапта,
Үшүбөдүм жүрөк жылуу.
Жүрөктөр кагып турат.
Сүйгөнүм бар жанымда.

Күч берип сүйүү жүрөккө,
Токтобо жүрөк  өмүрдө.
Бакытка дары болуп сен,
Азык бердиң көңүлгө.

Аалам таза дүйнө таза,
Карлар жаады аппапак.
Жигит кийип ак калпак
Агартсын бүт ааламды.

Сүйүүсүн мага сактап,
Жаасын карлар агартып.
Тоңдурбасын жүрөктөрдү,
Сүйүү күчтүү жашартып.

Башка келсе музду дагы,
Сүйүү  күчү ээритет.
Эске келет тоңгон күндөр,
Сезимдерди сергитет.

Кыйынчылык убактылуу,
Бакыт келсе өз башыңа,
Аппак карга изим салып,
Басып келем бактылуу.
Аяз айтат жаш тоңдурбайт,
Алтын кылып жаркыратып.
Дарактар ак тон жамынат,
Сүйүүмдү жаркыратып.

Кар жаа, кар жаа  токтобой,
Сүйүү күнү сен сөз айттың.

Мен үчүн карлар алтындай
Алар билди сүйүү баркын.

Карга айттым сүйүү антын,
Ажыратпа бакыт таптым.
Мен бактылуу бул өмүрдө
Кар жаа, кар менин бактым.

## Караан болуп турсаң жанымда

Жашоомдо сен Тургунбек,
Мен көксөгөн аруу-тилек.
Түбөлүккө бактым болуп калчы.
Караан болуп жанымда.
Өчпөс шам болуп жанчы,
Жаркытып жашоомду.
Куштай  болуп багымда,
Бакыттын күүсүн чалчы,
Учуп-конуп шагында,
Сүйүү берип сайрагын.
Мен griconomun
Шаттык берем жаздын аппак таңында.
Маанайыңды көкөлөтүп күндө мен,
Ыроолосом шоола чачып дайыма.
Үнүмдү укчу сүйөсүң биле жүр,
Сезимиңди жүрөгүңө түйө жүр,
Кадырын бил багыңдын,
Мен  бакмын, мөмө бердим өзүңө,
Жемишин тат, бул сен үчүн.
Барктап ал мени өзүң барында,
Сайрасын куштар шагымда.
Мен керекмин тирүүлүккө,
Бактың болуп жаралгам.
Бапестеп ал,ардагым.
Куурабасын шактарым,
Мүрөк суудан тамызгын,
Жашарайын сен үчүн,
Бактың болуп өсөйүн,
Көз алдыңда кулпуруп.
Куштар сайрап багыңда,
Сүйүүнүн күүсүн чалышсын,
Конуп-учуп шаңында
Бакыттын ырын ырдашсын.
Сага болуп жан шерик,

Түбөлүк болуп калайын.
Жаралганмын сен үчүн,
Бакытың болуп барайын.

## Кайран элим кайдасың

Кайран элим кайдасың,
Кайрылып сага ырдайын.
Кайрылган ырым жакпаса,
Карек көздү салбагын.
Ырларым өтө ашынса,
Кайрылып мага сурангын.
Ашынган ырым жакпаса,
Угуп жаткан эл журтум
Өчүргүн деп шашпагын.
Кайран элге кайрылып,
Кайгымды бир аз жазайын.
Көңүлүмдү шат кылып,
Ырымды элге арнайын.
Кыргыз эл кайда баратат
Жүрөккө дартты калтырып,
Түн кирип, кайра таң атат.
Ооздон чыккан жаман сөз,
Көңүлгө кирди жаратат.
Карынын сөзүн жаш укпай,
Жаштарың турат ийменбей,
Атырылат кеп айтып,
Тоону томкоруп ийгендей.
Кедейлерди теңсинтпей,
Жакырларды тебелеп.
Байлар байып манчыркап,
Дүйнөсү ашып баратат.
Кедейлери томсоруп,
Кайыштырып жокчулук,
Кыргыздын каны кайнады,
Жеринде душман жайнады.
Жакшылар жерден терилди,
Алтындар жатка берилди.
Экпедиңер эгинди,
Талаалар турат бош калып,
Барктабадың жериңди.
Урпагысың Манастын,
Урушка өзүң жол бербе,

Тилден тайып көп дебе,
Ийилип байды хан дебе.
Арам оокат нан жебе.
Таза дене бузулат.
Оору ашырып кустурат.
Болуп келген окуя
Пейлиңден жуккан кырсыкпы,
Билим алып жеткилең,
Көңүл бургун окууга.
Жакшы адам бол, оолукпа.
Заманаы оңдогун,
Дүнүйөнү топтойм деп,
Көбү пулга сатылды.
Жумуш издеп,жер кезип,
Чет өлкөгө кетишти,
Дүнүйө топтоп келем деп,
Жер кыдырды кайран эл.
Кордук көрсө сырт жакта,
Сай сөөгүңдү сыздатат.
Жашоо деп будл жакта,
Байлык  үчүн чуркашат.
Алтынды алып баймын, деп
Окубай илим сөздөрүн,
Май басыптыр көздөрүн.
Угушуп душман сөздөрүн
Жоолочу кылып өзгөнү,
Дүнүйөгө кумар болушуп,
Энени көзгө илишпей,
Баккан күнүн билишпей,
Кууп жиберет кээ бири,
Жакшы пейил убакта,
Жээсирди элим каралап,
Аш оокатын беришчү.
Ыймандууну эл баалап,
Берeер эле батасын
Кетээр менен ынтымак,
Адамдын пейли өзгөрдү.
Бир бирин тууган баалашпай,
Бир бирине көгөрдү.
Үйрөнүп,кесепеттүү өнөрдү.
Жесир эмес, энени,
Эссиз бала кордоду.

Апанын орду төрдөгү,
Карыганда бозоруп,
Орду болду босого.
Оозунан чыгат үшкүрүк,
Эссиз бала болбогун,
Пейилиңди сен оңдогун.
Энени сен кордосоң,
Айланып келет өзүңө,
Өз балаңдан көрөсүң,
Ордуң болуп босого,
Денен боюң зыркырап,
Өкүнөсүң ошондо.
Ата-эне сенин байлыгың,
Карыганда сыйлай жүр,
Кадырлап берип төрүңдү,
Кадырла кары өмүрдү.
Эстегин сен өткөндү,
Ынтымак үйдө бириккен,
Тең болушуп мейизди.
Кырк үйгө элим жеткирген,
Илгерки элим ымандуу
Кулак салып эл -журтка,
Кары  сөзүн тыңшачу.
Пейли жакшы убакта,
Эл түзгөн бир партия,
Партияны курам деп,
Чоң ишке бирөө орносо,
Аны да көбү көрө албай,
Чыккынчы деп чыгарат,
Мойнуна күнөө койдуруп,
Аны да элим жок кылат.
Шүгүр кылбай заманга,
Пенделериң наараазы,
Пейилдерин оңдошпой.
Заманага кээси асылып,
Күнөө коет  кайран эл.
Замана эгер жок болсо,
Кайып болмок кайран эл.
Чымырканып колго алып,
Кыргызым жерди гүлдөтүп,
Ордо кылгын калааны.
Заманды ойлоп койбостон,

Байлыгына тойбостон,
Алтынды жерден табам, деп
Канча адамды жер басты.
Аны көбү ойлонбойт
Күнөм жок деп ойсоңдойт.
Кошулуп өзү мастарга,
Күнөөнү топтоп жаштарга,
Карылар да ойлонсо,
Жаштарды үндөп ак жолго.
Насаатын айтып үндөсө,
Замандын түгү оңолот.
Билесиң куран турганын,
Оңолот жакшы замана,
Жараткандан берсе ак бата.

## Кайрылаарың билээрмин

Сүйөөрүңдү дилим менен билемин
Кайрылып бир күн мага келээрсиң.
Айрылуу болсо да ортобузда,
Ак сүйүүңдү бир өзүмө берээрсиң.

Жообун бербей сен алыстап келесиң,
Суранаарым түшүн мени жүрөк эзбей.
Билбептирмин, боору таш белемсиң,
Ашыгып баратам сени көздөй.

Мүрөк болуп агып келип мен тоодон
Жүрөгүмө ак сүйүүмдү баттырдым.
Боюм таштап элжиреп кучагыңдан,
Мен күткөн ырахаттуу сүйүү таптым.

## Кара жорго

Күч берип тургун жорголор,
Жигиттин жолу оң болор.
Жарышып торгой сайраган,
Жорго менен бир болор.
Жерине жорго шаң берет.
Жигитке жорго күч берет.
Жорго үстүндө жарашкан,
Жигитке оомат бат келет.
Журттун атын чыгарып,
Ордого түшкөн жорголор.
Душман кууса чыңалып,

Жеңиш берген жорголор.
Таарынычтар жазылып,
Элдештирген жорголор .
Жарыштарда байге алып,
Намыс берген жорголор.
Манастын атын чыгарып,
Кылымдарды карытып,
Кыдырып келген дүйнөнү,
Кыргыздын жүгүн көтөрүп,
Кызмат кылган жорголор,
Кызматы ак жоргонун,
Калкым сени колдосун,
Эмгек кылат эл менен,
Кара жорго жер менен .
Кызматы ак жоргонун.
Жер айдап элди багасың
Жоргодон элим айлансын,
Ойгонгун элим кайдасың.
Тукумун көбөйт жоргонун,
Кыз куумайга көрк берген
Кара жорго зууласын.
Балаңы күчкө толтургун,
Эңишке түшүп сыналсын.
Жеңиш берген күчүңбү
Жорго  минсе жарашкан,
Кызыктырган же түсүңбү?
Шамал бийлеп сен менен,
Жол сыйлаган күчүңбү.
Ат үстүндө көтөрүп
Жорголоткон сен жорго,
Ылай суугa салбастан,
Алып чыккан сен жорго.
Көркүн аччы жеримдин,
Шаң берип, аш- тойлордо,
Кыз куумайда кыздардын,
Багын ачтың ой жорго.
Суктандырып өзүңдү,
Торго салдың канчаны,
Жоргосуз той кызыксыз,
Элим менен ал шаңдуу
Беш бармакты ширеткен,
Эти менен ал даамдуу.

Жорго менен ал көрктүү,
Адамга канат тур жорго.
Калкыма дем жараткан,
Кара жорго кер жорго.

## Карылыкта сыйлашалы

Эстеймин эстен кеткис сезимдерди,
Таанышкан күнүбүз эсиңдеби?
Баш коштук экөөбүз жолуккандан,
Бактылуу үй-бүлө болдук эми.
Убайын көрөлү биз балдардын,
Сый көрүп,күлкү жүзүбүздө.
Милдетти моюнга алалы биз.
Ата-энелик парзыбыз мүрүбүздө.
Умтулсун алдыга таштап кадам.
Биз өстүргөн балдарыбыз.
Ырыскысын себели үрөнүн биз,
Болсун алар чыныгы адам.
Балдарга атактуу ата- энебиз,
Сүйүнүп алар бизге эркелешет,
Бул биздин ырыстуу бактыбыз,
Жакшылар небере жетелешет.
Ойлонуп  бирге жашоо улайлы,
Артка жаман кеп калтырбай,
Жашайлы кадыр-барк менен
Өстүргөн балдар уялтпай.

## Көңүл бурчу жарыңа

Ойлонбой неге турасың,
Аргасыз көңүл бурасың.
Алмаштырып башканы,
Сүйгөнүңдү чанасың.

Жүрөктү эрте муздатпа,
Ден соолукту кууратпа.
Демделген аш башында,
Ширин болот таңдайда.

Ширелүүнүн асты бал,
Тамак татып даамын бил.
Кеч болот кийин чанганда
Кеч болот жалгыз калганда.

Жек болуп калат адамга,
Ооматка көңүл бурбасаң.
Чыгарбай карма башында,
Алдаба жарың эч качан..

Жаркылдап жаша барында,
Жалында жаным жалында.
Бакыттын өзү турбайбы,
Жарың болсо жаныңда.

## Кул арманы

Кул кылып нечендери кыйнап бизди,
Эзип келди кызыл камчы денебизди.
Адамдын жүрөгүнө  запкы берип,
Байлардын буйругунда кыйнап келди.
Адамзатты ким жооруткан билесиңби?
Чөнтөгүндө акча эгер толгон болсо,
Байыды деп бой көтөрүп неге мындай?
Буйрук берип колго кармап камчы менен,
Бут жуудурат бай адамдар неге андай?
Нечен кылым өтүп кетти андан бери,
Бай адамдар эсиңерге келдиңерби?
Жер казып башка кезек келмейинче,
Адам күчүн кул болгондо билесиңер.
Айтууга мага эми мезгил жетти.
Бай адамдар өмүр сүрүп мезгил өттү.
Адамдын жүрөгүнө дарт калтырып,
Өчү бардай кыйнайсыңар силер бизди,
Суу түбүндө калган адам ыйлап кетти
Мына ошол пенделерге куран оку,
Бай адамдын кулу болуп жүрдүң заарлап,
Тал чырпыктай  ийилип турдуң ыйлап.
Бой көтөрбөй  эмгек кылсак буларга да,
Биз шоордуунун ак эмгегин билбедиңер.
Ачкалык айдап бизди ушул жайга,
Бай адамдар көзгө неге илбедиңер.
Байларга кул болушкан таппай арга.
Ойлонуп өз оюмду уккам кайра.
Каттуу дарт жүрөгүмдү кыйнап келет,
Ак эмгекти кылсам дагы бай адамга.
Жок жерден адамды өлөсүң,деп
Көзүн оюп кыйнагандар мындан канча,
Кулчулук кылабыз биз Теңириме,

Адамзатты ойлобойсуң бизде эмне,
Бирөөлөрдө ашыкча кийим болсо,
Мактанбагын адамзаты бул эмне?
Унутпай жүргөн барбы бул шордууну,
Жаттык бир жер кепеде көрбөй тамак,
Сыздуу жай денемди сыздатты.
Жабышты катуу оору келип бизге,
Жардам берээр адамга пендеси жок,
Өлгөндөр жер кепеде мындан көп.
Денең таза болсо эгер оо пенделер,
Ак эмгегиң өзүң кылгын колдон келсе,
Бирөөнүн жардамына көзүң салбай,
Иштеп сен мээнетиңдин үзүрүн көр.
Азыркы заманда эмнелер көп,
Бай адамдан колунда шордуулар бар.
Колдо бар алтындын баркы жоктой,
Мээнетине эмне үчүн ыраазы болбой,
Ак колдуунун заманы келди окшойт.
Адамга бир зыянды берет окшойт.
Колунда жок адамдарды бийлеп өзү,
Жадатат ал тургай сүйлөөр сөзү.
Ак колдуулар тирүүңдө ойлоп койчу,
Жөнөкөй бир акылмандын бай адамдар,
Өмүрүнө балта чаап келген канча,
Жок жерден жалаа жаап ал адамга.
Сүргүнгө айдатканы мындан канча,
Мындан кийин жашоодон үмүт үзүп,
Тирүү бойдон жер алдында калган канча.

## Кундуз айым

Чолпон жылдыз Кундузум,
Бийикке мени тургуздуң.
Тилегим менин ишке ашып,
Колдоосу чыгар Теңирдин,
Сен мага жакшы кыз буюрдуң.
Мен үчүн бактым Кундузум,
Каалаймын өмүр узунун,
Болсун бакыт турмушуң
Нурданып турсун нур жүзүң,
Жакаңда болсун кундузуң.

## Мага жагат Аска-Зоо

Мага жагат Аска-Зоо бийиктери,
Таштан ташка секирип кийиктери.
Касиеттүү улуу сулуу эликтери,
Кубат берет адамга бийик жери,
Көркөмдүү жапжашыл арчалары.
Нурданат кызарган алмалары,
Данга мол берекелүү талаалары.
Суктандырат сүйөүмдүү айымдары,
Ала-Тоо сыймыктанам сен менен,
Элиме жери менен демди берген.
Даары суулар кубат берип адамга,
Сен кымбатсың сыймыктанам өзүң менен,
Бакыт болуп кыргызымда термеген.

## Мага сен керек

Сүйүнүч күндө тең болуу,
Мага сен керек,
Үйүңө түтүн улоого,
Мага сен керек.
Кыргыздын туягын берүүгө,
Мага сен керек,
Биригип жашап жүргөнгө,
Мага сен керек.
Эркелээр күнүм келгенде,
Мага сен керек.
Ээрчишип дүйнө кыдырып,
Мага сен керек.
Эңсөө салган жашоомо,
Мага сен керек.
Сен керек, сен белек
Өзүмө сен тирек.
Сүйүүмдү эле тилеп,
Сүйүнөм жашоого,
Жүрөгүм ок тилеп,
Башка келсе оор күн.
Мага сен керек.
Бакытка керек ошол түн,
Мага сен керек.
Мактанар күнүм келгенге,
Мага сен керек.
Калкан болоор күнүмө

Мага сен керек.
Апасы деп айтканга
Мага сен керек.
Атасы деп айтканда.
Мага сен керек.
Сен керек, мен белек.
Сен терек менин зирек,
Сен ата, мен апа,
Балдарга бир керек.
Бакытка тунуп жашоодо,
Мага сен  керек.
Такты сундуң өзүмө,
Мага сен керек.
Өмүр сүрүп жашоомо,
Мага сен керек.
Тилекти сунуп жараткан,
Мен жашоомо сен керек.

## Майыптарга

Кудайым майыптарды жалдыратпа,
Жаш төктүрүп көздөрүн ууктурба.
Жаратсаң да телегейин тегиз кылып,
Жардам берер ал адамга шерик бергин.

Майыптарды жаратсаң бул дүйнөдө,
Жардам бергин аларга бир өзүң.
Тилегин кабыл кылып,өкүндүрбө.
Алдан тайган алсыздарды Теңирим.

Бир мүчөсү кем болгон майып адам,
Ойго батып муңдуу бир ыйлап жаткан.
Өлсөң эгер жөлөк болор мага ким?! деп,
Өксүп тыным албай буркураган.

Турат сага пешенеңе бир кудайым,
Жөлөгүң бар боло турган сага ата.
Адамдын мусапыры майып адам,
Тилейт экен өз бактысын Жараткандан.

Бирөөлөрдүн жардамына зар болушуп,
Өз ичинен  буулугушуп олтурушкан.
Карап турсам сырдуу бир ойго баткан.
Майып адам кайгылуу санаа тарткан.

Мээрим төгүп айжамалдуу кызың болуп,
Жөлөк болуп атакелеп уулуң турса.
Оорубузду унутуп калаар элек,
Тирек болуп уул-кызың турмушуңда.

Майыптар бар буту ооруп басалбаган,
Жөлөөчү деп бирөөлөргө айталбаган.
Башкалардын жардамына зар болушуп,
Баштарынан өткөрүшкөн муңдуу арман.

Майыптар бар колу буту калтыраган,
Арабачан ордунан жыла албаган.
Көз жашынан чыгарып бардык бугун,
Суусун да өз колу менен иче албаган.

Жалбарып касиеттүү Теңиринен,
Шыпаа тилеп Жаратkандын амиринен
Аткан таңдын жарык нурун көрө албай.
Азиздер бар ызааланып таң атырган.

Жаратканым жараттың сен өзүбүздү,
Шыпаа берип ачкын сен көзүбүздү.
Көрсөтчү деп ата-эне бир туугандын,
Бир бирибизге ачып жүзүбүздү.

Дууктар бар тили жок сүйлөбөгөн,
Суу берчи? деп бирөөлөргө айта албаган.
Атың ким? деп кимдир бирөө сурап калса,
Үнсүз гана жалооруп, жалдыраган.

Армандарын бирөөлөргө айта албай,
Өздөрүнчө ичтен сызып бук болушкан.
Дудуксуң деп бирөөлөр мазакташса,
Көздөрүнөн ысык жаш тамчылаткан.

Дудуксуң деп мазакташып турса дагы,
Теңиримдин бергени деп шүгүр кылган .
Шыпаа тилеп ошол майып жүрөт дагы,
Көңүл кирдеп, мууну бошоп турган.

Майыптар сүйгөн пендеси Жараткандын.
Суроо таштап дилимде ойлуу турам,
Аларды колдой турган пенде барбы?
Болсо эгер парзын өтөмөк мусулмандын.

Майыптарды колдойт беле, ушул бүгүн,
Оор көрүшүп,карылар үйүнө алпарышты.

Ал да пенде жүрөк согуп турганда жашоо үчүн
Ошол жерге майып жанды калтырышты.
Ал да адам, Жараткандын пендеси,

## Мен деп муңканып ойго батпа

Жашым улам тамчы сууга айланды,
Жүрөгүмдү кайгы муун чырмады.
Мекеним өткөн күндү эстеп келем,
Тагдырдын жазганыбы бу дагы.

Тагдыр сага бербесин капалыкты,
Мени деп муңканып ойго батпа.
Жолугуп, көңүл черин жазалыкпы,
Сагынычтуу күндөрүмдү эске сакта.

## Мезгилдерди сүйөм

Жалбырак төшөлөт басканда,
Күбүлөт дарактан шамалдар какканда,
Жалбырактар үн чыгарат шуудурап,
Бут алдында бараткaнда.
Бороон болот жүрөктөрдү соктуруп,
Түн күтөт ызгаарды дене үшүткөн,
Жай коштошту, келди асемдүү күз,
Бир башкача түрдөнгөн,
Жалбырактар саргайып, чоктой кызарат,
Алтындай сапсары,бариктер бириндеп.
Жерде жатат сапырылып, жел жүрсө атырылып,
Керемет күз келди,
Дыйкан жыйнайт, бышкан түшүмүн,
Сабагынан үзүп, сапсары жүзүмүн.
Муздак шамал ылдый согот,
Жер бетинде бийлетип бариктерди,
Бышып сабагынан мөмө түштү,
Дыйкан күткөн ушул күздү.
Анан да асемдүү күз керемети,
Тартуулады аппак сүйүүнү,
Ошол кеч, ошол түнү.

## Мен өзүңө арбалам

Кара каш, кара көзүң өзгө тартат,
Карасам карегимди чагылдырат.
Күч алып жүрөгүмдү сен азгырып,
Жан-дүйнөм сага арбалып баратат.

Карасаң кубат болот өз денеме,
Дем алам сен жанымда турганда.
Күүлөнөм, күчтөнүп дегеле,
Мага ишен, калп айтты деп кууланба.

Сүйүүм сага багынам бул өмүрдө,
Сыймыктанам, сактаймын жүрөгүмө.
Сени менен таанышканыма ыраазымын,
Туш кылган сендей асыл сүйгөнүмө.

Келесиң сен демди берип өзүмө,
Жылмаюу тартуулап жүзүмө.
Билбеймин эмне болуп баратам,
Кантип сен арбап алдың өзүңө.

Жарымы таптым, багымы таптым.
Сүйүүңдү катып, арбалып жаттым.
Сүйөм деп сени жарыла айттып,
Сүйгөнүм ширин балыңы таттым.

## Ыр жазуумдун себеби

Ыр жазуумдун себеби,
Жарыма жазган белегим,
Балдарым менин тилегим,
Жакшылык күндө тиледим.

Тиленип жеттим жарыма,
Дайыма жүрдүң жанымда.
Мен менен жарым жакшына,
Жакшы күн келди бактыма.

Үзүлбөй биздин колубуз,
Ойноой турган доорубуз.
Өмүрдү бирге сүрөлү,
Бир болуп бакыт жолубуз.

Колдойлу биздин бүлөнү,
Балдарды бирге үйлөйлү.
Доорун сүрүп экөөбүз,
Үлпөт той бирге көрөлү.

Атасы болуп төрүмдө.
Кошулгун жашоо өмүргө.
Кол кармашып жүрөлү,
Арзууну арнап көңүлгө .

## Жүрөгүмдүн ачкычы сен болосуң

Жүрөгүмдүн ачкычы сен болосуң бекиткен,
Жамандыкты тийгизбей калкан болом өзүңө.
Жашоомдо дүйнөм өзүңсүн көңүл сергиткен.
Кубанычтан куюлуп жаш келет көзүмө
Сезимдерим көөдөндө жүрөк эргиткен.

Сен узасаң менден алыс үйүмөн,
Мен уктабай таң аттыра күйүгөм.
Сен  болбосоң кыйналат дүнүйөм,
Сен бар үчүн сүйөм деп сүйүнөм.
Оо ардагым аны билер бекенсиң,
Сен деп жашайм, сен деп жүрөм күндө мен.

## Менин ак батаам

Кара көз сулуу кыздарым,
Карааныңа айланам.
Силер менин бактым,
Бар болгула садагам.
Иш алса кызым колуман,
Кызматым кылса ээринбей,
Ийилип турса жок дебей,
Ишенерим ушул да.
Ийгилик бизге сунулса,
Издегеним ушул да.
Улуулардай уланып,
Уулдарым турса  катарда,
Жетишсин алар батага.
Акылдуу болсун алар да,
Уулдарыма айланам,
Урпагыңар көбөйсүн,
Уулдан уулдар төрөлсүн,
Балдарга эне жөлөнсүн,
Бакыттын күнү ушул да.
Бажырайган балдарым,
Бактылуу болсун башынан,
Оорубасын жашынан.
Суктансын баары ашыккан,
Күчтүү болсун жашынан.
Балдарым сага кагылам,
Жакшылык тилеп багынам.
Энелик менин ак батам.

## Мираида

Айым кызым,жан кызым,
Айым чачсын нурларын.
Күнүм кызым жан кызым,
Күнүм сунсун нурларын.
Жылдыздар күбө өзүңө.
Жылмайып күттүң өзүңө,
Нурларын чачып ай нуру,
Колдоп келсин өзүңү,
Жарык бердиң энеңе,
Жаша кызым берекем,
Кызматыңды аябай,
Сен үчүн кызым карыбайм.
Сен күлсөң мен да күлөмүн.
Жүрсөң мен да жүрөмүн,
Жыргалын көр дүйнөнүн.
Бактылуу болуп турмушта,
Жанашсын сага түгөйүң
Керегиң тийсин кыргызга,
Ак пейилден тилеймин,
Жан кызым, ай кызым,
Атың чыксын ааламга,
Даңкың кетип далайга,
Өнөрлүү бол калкыңа.
Атың калсын тарыхта,
Теңирим колдоп өзүңдү
Узун кылсын өмүрдү.

## Обону коштоп Чубактын

Обонун коштоп созгондо,
Чубактын ыры мукамдуу.
Ырдап жатса Чубагың,
Кыргыз журту суктанган.
Арманын коштоп ырдаса,
Табият гүлү ыргалган.
Дүйнөгө баткан сырларын,
Сыздаган обон ырларын,
Чубактын сырдуу ырлары,
Элимде калып сакталган,
Өмүрдөн өтүп кетсе да,
Чубактай ырчы кени бар,
Чубагым чубап ырларын,

Элиме арнап ырдаган.
Талантты берип жүрөккө,
Тартуулаган кудайым.
Оболоп обон созгондо,
Көпчүлүк угуп таңданган,
Элжиреп жүрөк шаңданган.
Чубактан белек ыр калды,
Маркумдун жаны тынч жатсын,
Ырдалбай калган ырлары,
Достору колдоп чыгарса,
Урпактарга улансын.
Балдары чыкса Чубактай,
Арманда кеткен атасы,
Оо, дүйнөдө тынч жатар,
Артында калган мурас бар,
Чубактын ырын ырдаган,
Бир тууганы өчпөгөн,
Обону биздин Чубактын,
Ырлары баары жүрөктө,
Угуп элим кубансын,
Аты өчпөй ырдалсын.
Чубак ырдап жатканда,
Балбылдап жанып көздөрү,
Турганда элим кубанчу,
Алакандар чабылып,
Кайра ырда деп суралчу.
Тамшанып, сылык сөзүңө,
Көргөндөр көзгө кубанчу.
Элесиң турат, өзүң жок,
Сыздаган обон ырларың,
Жаңырып турат өзүң жок,
Кантсе да асыл Чубагым,
Артыңда обон жаңырсын,
Чубак ырдап жатат деп,
Алакандар чабылсып,
Өлбөй сенин чыгармаң,
Өчпөс болуп жаңырсын.

## Өзүң белек сен деймин

Сен жылмайсаң кубат алам сезбейсиң,
Жакшы сөзүң күчтү берет билсеңчи.
Кыялымда алып кетем жүр дейсиң,
Чын эле сүйүүм болуп келсеңчи.

Сүйүнүп жашооңду мен улантам,
Белек сунсаң, кабыл алып кубантам.
Сүйүнүчтү жар салайын уга алсаң,
Сүйүүм менен көңүлүңдү тазартам.

Күн өткөрөм жыл өткөрөм кубанып,
Өзүңө белек болсом керек, ал бакыт
Башка нерсе  сурабаймын бул анык,
Баратамын сени көздөй жол алып.

Сүйүү сундуң сүйүндүрүп жүрөктөн,
Бул чындыкпы, өзүңдү  өзүң алдаба,
Сүйөмүн жүрөгүңдү ойготойун,
Менден башка жат бирөөнү тандаба

## Азгырыкка баш айланып алданба

Бойдок болгон күнүңдү токтотсоңчу,
Ата болдуң, токтонор кезге келдиң.
Кыздарыңдын өмүр жолун ойлосоңчу,
Бакыт тилеп, таалайына бата бергин.

Жаштың калбагандай өзүң сезип,
Бөтөн бирөө, башкаларга жүрөк эзип,
Улгайганда бул жоругуң уятко,
Тынч албай, алмаштырсаң турмуш кезип.

Уул үйлөп, бапестеп кыз чыгарып,
Мезгил келип, кадырлап куда күттүң,
Алар укса, жеңилдигиң уятко,
Баркың менен, барктуу ата болуп жүргүн.

Азгырыкка баш айланып алданба,
Улгайып баратабыз биз бүгүн,
Күлкү болбо. уят болбо балдарга,
Өз үйүң,өз бактың турганда.

Жүз улгайып, чачты бубак басканда,
Уул-кызың бой тартып турганда,
Кадыр менен, барк менен жашайлы.
Күлкү болбой, уят болбой кастарга.

Өмүр берсе жаратканым жашоодо,
Кадыр көңүл, баркыбызды сакта да.
Жаштыктагы сүйүбүздү урматтап,
Жүрөктөргө өкүнүчтүү так салба.

## Мезгил өтүп,убакыттар кадам салды

Айлар өтүп, жылдар артта калды,
Мезгил өтүп,убакыттар кадам салды.
Күчтүүнү карытып, күчүн алып,
Жаштык да, улгайып баратат,
Бактылуу адамдарды ыйга салып,
Адаштырып алсыз кылды, канчаларды,
Аа дедиртпей жанын бууп кыйындарды
Булгады го бул жашоо ыймандарды,
Тумандап,көздөрүн байлык басып,
Түз жолдон адаштырды адамдарды.
Канча сүйүү, канча бакыт кайда калды,
Мезгилдер узак сапар чыйыр салды.

## Оюмда мен кыялданам

Аралап аалам сырын оюм менен,
Элиме ырларымды арнап келем.
Жүрөктөргө сырымды ачып берип,
Жакшы ойду элиме айтып келем.
Көз алдыма элестетип бакыт күндү,
Эңсеп мен бул жашоону көргүм келди.
Сый менен өткөрсөм дейм айлуу түндө,
Ойго батып келе жатып жол боюнда,
Адамдын бир сөзүнө кулак салбай,
Арман ыр жүрөгүмдү өйүп келет,
Кыялдарым көөдөнүмө күчтү берет.
Сыйкыр ойго батып мен келе жатсам,
Сырлуу кыял бир өзүңө багындырат,
Ойлор ороп жүрөгүмдү жалдыратат,
Кылгыртып көздөрүмдөн жаш тамат.
Түшүнөр адам мага кайдан табылат.
Ырың чын жүрөктөн жакты десең.
Канча ырды жараттым кыял менен.
Жүрөгүмдө кенен ырды элге берем.
Түбөлүккө сакташып калар бекен,
Деген ойго чөмүлүп ырым жазып,
Оюм менен сүйлөшүп элиме деген,
Жүрөгүмдө арман ырды айтып берем.
Арман сырым чечилбей калса эгер,
Ырым менен өз сырымды тандап келем.
Ойлогон оюм,арзууларым ак болсо,
Элге деген үмүтүмдү жандап келем.

Өмүрүм өткүчөктү ырлар жазып,
Элим үчүн ак тилекти арнап келем.

## Ак сүйүүмдү сунайын

Таянычым сен өмүрдүн,
Байлыгымсың Султаным,
Толкунусуң көңүлдүн,
Аппак сүйүү сунамын.

Сунуп, ак сүйүү кешигин,
Бакытка өзүң жеткирдиң.
Эңсеген мендей пенденин,
Ашыктыгы деп билгин.

Мүрөктүн суусун берейин,
Таалайдын гүлүн терейин,
Балдай жашоо ыйгарып,
Бакытың болуп келейин.

Сүйүү үрөнүн себейин,
Жемишин берип гүлдөсүн,
Көңүлдөн орун берейин,
Катылсын сүйүүм берметим.

Канча доорун биз сүрүп
Зангыраттын жашоону
Даалай жолду биз басып,
Даңгыр жолду түптөдүк,
Ашыгып жашоо биз сүрүп.
Айланып жаштык кел дедик.

Кыйын турмуш билбедик,
Жашообузду гүлдөтүп,
Кол кармашып экөөбүз,
Жүрөлүчү түбөлүк.

Пашасың мага түбөлүк,
Периштең болуп жүрөйүн.
Жакшылыкта күлөлүк,
Сен өзүңсүң түгөйүм.
Жарака бербей жашоого,
Бактылуу өмүр сүрөлүк.

## Өмүрзакова Фаридага

Ырга буруп көнүлүмдү дил менен,
Ыргалып ыр ырдаймын бул жарыкта.
Өнөрүм жашап келип мен менен,
Калсын деймин кыргыз кызы тарыхта.

Жар салып, жакшылыкты даңазалап,
Ырахатка бөлөйүнчү ыр менен,
Кумар алам эл алдында ырдасам,
Зал толтура көпчүлүк мелмилдеген.

Комуз менен өз бактымды өзүм таптым,
Кошо ырдап, ырлар менин болду бактым.
Силер колдоп, алакандар чабылып,
Мен ошондо толкуп-ташып ырдап жаттым.

Ыр ырдабай туралбаймын жашоомдо.
Толкунданам, бийик обон созгондо.
Ырларым менин бактым болуптур,
Созолонуп, көктү жиреп ободо.

Өнөрүм бар, жашоом мен ырдаар,
Кубат болуп жаныма жардам берер.
Куттуу менин, кудуреттүү элим бар,
Көтөрүп. көкөлөтөр колуна,
Өркүндөгөн Кыргызстан жерим бар.

## Оору адамды жеңе алабы

Оору адамды жеңе алабы,
Бирок турмуш кыспаса.
Оору адамды жеңе алабы,
Бирок турмуш кыстаса.
Дартты берип кудайым да,
Оору менен сынаса,
Мүшкүл иш турса башыңда.
Кошо кетсе себеп болуп дартыма,
Кайтпас сапар келбес жолуна.
Күнөөң болсо,салып коет,
Сен билбеген тозок отуна.
Оору адамды жеңе алабы,
Бирок турмуш кыспаса.
Чачылса да,үйүң толо алтының,
Өчөшкөн дарт жабышса,
Шыпаа бербейт, тизе бүгүп жалынсаң,

Ажал турат босогодо катылган.
Мейли жаша каалаганча турмушта,
Кээде турмуш оору түртөт адамга,
Дартты берсе, кайтып кетсин артына,
Жалындасың жалбырттаган үмүтүң,
Күлүп жүрүп биз жашайлы турмушта,
Шыпаа берип оорусуна кудайым,
Гүлдөтүп,гүлдөгөн жашоо доорунда.

## Оору неге кыйнайсың мени эзип

Оору неге кыйнайсың жанды сыздатып,
Жүрөк кысып, сезимди ыйлатып,
Жүрөмүн ич дартыман эзилип,
Жамандык ойлорго мен берилип.
Жетөөнүн ырайын мен көрөйүнчү,
Жаратканга суранып өмүр кечирип,
Балдарымын жүзүнөн  өбөйүнчү,
Бал тилине багынып, бакыт сездирип.
Жаратканым шыпаа бер  суранам,
Суусасам да чыдап мен тура алам.
Сүйүнөм балдарыма, сүйгөн жарга,
Бактылуумун пешенеме алар барга.
Сунайын мээримимди асыл энелик,
Үй бүлөмдө эч жамандык болбосун,
Каректерге капалыкты чөгөрүп.
Жаным ооруп, кыйналганда тик турган,
«Айыгасың өмүрүңө мен курман», деп айткан,
Жолдошум бар, жылбаган жаныман,
Ыйман тилеп, өз ичимен кубанам.
Оорусам да, шыпаа бер деп тилеймин,
Балдарымдын бактысына болуп аман.
Кээде ыйлап, өз ичимен өксүймүн,
Жашырып,жубайыман, балдарыман
Каңырыгымды түтөтөт эстегенде,
Дени сак, ойноп-күлгөн убакыттар,
Ошондо мен оорушуумду билгенимде…
Аттиң ай, ушул тапта убакыт аз.
Ооруган күнүмдү мен эстеп келем,
Кээ кезде өксүп-өксүп ыйлаганда.
Көздөрүмдөн тумчуккан жашты сезем,
Шоола чачкан, эми эле таң алдында.
Жашымдан арыла албай оорудан,

Калат окшойм ажырап өмүрүмөн,
Эстегенде жүрөк сыздап жабыгам,
Жамандык кетпей туруп, көңүлүмөн.
Канча жерди кыдырдым даба таппай,
Карачы жашоонун кымбаттыгы ай.
Ширин экен өз жанымды кыя албай,
Шыпаа тилейм Жаратканда жалдырай.
Тилеп келем күнү түнү дартка даба,
Шыпты тиктеп, көз ирмебей,кирпик какпай.
Дарманым жок, дартым менен мен алышып,
Күч сурадым, Жаратканда өзүм шашып,
Жашоо үчүн күрөшүп баратсам да,
Бирок дартым кетпеди го менден качып.
Буттан тушап келатат,жаныма аркан асып,
Оорудан жүрөгүмө азап салып,
Кетесиңби, акырында мени алып,
Үмүтүм бар, сынбасын дейм канатым,
Жаш тамган көздөрүмдү ирмей салып.
Эмне үчүн оорудум, жетпейт башым,
Балким жазгандыр бешенеме ушул тагдыр.
Ойлоном, ойлор менен алпурушам,
Жашайм деген жакшылыкча үмүтүм бар,
Шыпаа тилейм, өмүр тилейм Жаратканда.

## Өзгөндүк кыз

Өзгөндүк кыз өзгөчөсүң башкача,
Көрүнөсүң жакшы болуп көзүмө.
Сыймыктандым ажайып бир татына,
Сени сүйдүм жагып калдың көңүлгө.
Өзгөндүк кыз, атың чыкты өрөөнгө,
Мага деген ырларыңды жаза бер,
Сыймыктанат сени менен өзгөлөр,
Жүрөгүңдө катылган жарыгың,
Сен керексиң канчаларга дарысың.
Сүйкүмдүү эне болуп балдарыңа,
Төгүлүп, мээрим чачып жүрө бер.
Сыйлагандын сүйгөндөрдүн баркысын,
Сенин атың,өлкөбүзгө таанылсын.
Сенин ырың, сенин жазган ырларың,
Шамал менен ай ааламга таркалсын.
Жакшы ырыңды, жаз ырыңды жаза бер,
Ырың сени, жакшылыкка алпрасын.

Өзгөндүк кыз, өзгөчөсүң сен башкача,
Өрткө салдың, чындык сөз таптаза.
Суктанышып, көбү сенин көркүңө,
Жалбырттаашты, жалыныңа, өртүңө.
Сууруп берчи жүрөгүңдүн ачкычын,
Макул дегин, көңүлдөрдү чөктүрбө.
Өзгөндүк кыз, жаралгансың  өзгөчө.

## Роза гүлүм

Роза гүлүм канчаларды курчап алат,
Жүрөктөрдү өзүнө багындырып,
Сезимдерге жалындуу отту жагат,
Түмөн түсү канчаларды суктандырып,.

Буркураган жыпар жыты гүлдөрдүн,
Кыялдарга өчпөгөн чокту салат.
Тартылат канча адамдар өзүңө,
Сүйгөндөргө сзйзнзнотун жагат.

Көрүп калса сени канча кара көз,
Роза гүлү гүлдөрүңө суктанат.
«Сулуулукту тартуулайт», дейт айтып сөз.
«Ал татына» сайса дагы ачуу тикенек.

Тикенеги болсо дагы розанын,
Анын каалары жакшы ой, аруу тилек.
Жыттаганда дене бойду толкуткан,
Жүрөктөргө алдейлеген сезим берет.

## Сага брлгон тилегим

Ойлоп бир сени жүрөмүн,
Келеер деп сени күтөмүн.
Ойго салып сен мени,
Жалбырттап күйөм,түтөймүн.

Түн уйкум качат, сен үчүн,
Кирбейсин түшкө эмне үчүн.
Таарындың окшойт сен мага,
Жансын дейм сага үмүтүм.

Катты бир жазсам өзүңө,
Жообу келбейт эмне үчүн?
Кыйналып жүрөк жүдөттү,
Сарсанаа кылып күнү-түн.

Алыстап кетсең өзүмдөн,
Жаш агат менин көзүмдөн.
Келсе деп күтүп жүрөмүн,
Жароокер жаным өзүм мен.

Караймын сени жолуңдан,
Сарсанаа болуп жабыгып,
Качан бир сага жолугам
Келсе дейм мага күндө улам.

## Аядым сенин жашооңду

Сени деп өмүрүмдү арнадым,
Көңүлүмдү мен сүйүүгө байладым.
Түбөлүккө бир жашоодо жар болуп,
Сени сүйгөн периштеге айландым.
Сүйүнүчтөн көзүмө мен жаш алып,
Таасириңен сулуу болуп жашардым.
Мен ыраазы сени менен жашоомдо,
Ак сүйүүдөн наристедей тазардым.

Бакыт сундуң  ыраазымын сага мен.
Алмаштырбайм жароокерим башкага,
Сени деп жалгыз жүрөк дегдеген,
Бирге болом денем ооруп жатса да.

## Саламат Садыкова

Тагдыр берген  талантым,
Арманым жок жарыкта.
Адашпай жолду тандадым,
Балдарым бар багымда.
Тууганым бар жанымда,
Комузум мага күч берген,
Бактылуу адам мен экем.
Колумда комуз күүлөдүм,
Чертип күүнүн түрлөрүн.
Жардым жүрөк өзөгүн,
Атамдын алып өнөрүн.
Комузда кол ойнотуп,
Көркүн ачтым тойлордун.
Таң аттыра  обон созомун,
Тизмегин тизип ойлордун.
Жан киргизип кылына,
Сыбызгытып сыздатып,

Көңүлдөрдү шат кылып,
Кумарлантып ырыма,
Шаңшытып добуш салганда,
Алакан чаап жактырып,
Күйөрманым көп болот,
Көңүлдөрү жибиген,
Ырларыма ийиген,
Сезимдерге муюган.
Кубат алам элимен,
Жүрөктөрүм эргиген,
Мен кыргыздын кызымын,
Элим үчүн жаралып,
Эргип ырдап дем берем.
Кубат алып, кубанып,
Колдоп турса жактырып,
Комузду алып колума,
Көңүлдөрдү шат кылып,
Ай ааламды жаңыртып,
Ырдай берем калкыма.
Күүлөнгөндө комузум,
Күүлөр менен сырдашам.
Колдодум жаштарды,
Канчасын коштум катарга,
Таланттуу шакир өстүрүп,
Ээрчиттим алыс сапарда,
Эмгек кылдым элиме,
Кызмат өтөп жериме.
Бапестеп өнөр барктадым,
Комузду коштоп күү менен
Далай-далай ырдадым.
Комузум мага күч болгон
Дүйнөм жашоом ыр экен,
Бактылуу адам мен экен.
Тажысын кийдим таланттын,
Алтындан экен ай экен.
Калкым үчүн бапестеп,
Жүрөктөн ырлар жараттым,
Кыргыз деген атыңды,
Кең ааламга тараттым.

## Сегиз шаарын калкалайт

Белек кылдым бир өзүңө балдарды,
Жашоого  жаркыраган жол ачып.
Сүйүнүчтү сундуң мага тартуулап,
Сегиз бала келечекке жол улап.

Сегиз бала жашообузду улаган,
Жашоого жакшы бир жол салган
Жакшы болсо  жашоонун жыргалын,
Эмгек менен ак дилден кураган.

Үмүт бар,   калтырышат го атыңды
Жакшы болуп чыгарышат даңкыңды,
Сенин шаарың, сени жалгыз калтырбайт,
Көтөрүп, көкөлөтүп баркыңды.

## Сезбедин сүйүү сырларын

Кайран сага жазган ырларым,
Кайран сага айткан сырларым.
Сен деп жашап жүрсөм да,
Бербедиң сүйүү жыргалын.

Сен деп  мен ыйладым,
Ооруп жүрөк кыйналдым.
Сүйбөсөң жок турбайбы,
Кызыгы бу жыргалдын.

Жигит болуп күчтүү болбодуң,
Арбалып ширин сөздөргө.
Сезимиңди  сен козгодуң.
Көңүлдү буруп сен өзгөгө.

Ачыа көздү, ачкын жүрөк сырларын,
Сени сүйүп өзүм улам ыйладым.
Сен дегенде оору ашырып өзүмө,
Бурганактап, буулугуп мен сыздадым.

Күйүп жандым, неге аны билбедиң,
Аргасыздан өзүмдү өзүм тилдедим.
Сүйүүм күчтүү бир сага  айтайын,
Миң кайталап, арзууларым бил дедим.

Өтөр күндөр бир күн мени сүйөөрсүн,
Үмүт кылам күнөөңдү сен сезерсиң.

Качандыр бир өкүнүп өзүңө,
Жүрөк ооруп, сен да мендей жүдөйсүң.

Сезимимди сактап келем өзүңө,
Акыл кирээр мен караймын көзүңдү
Жүрөк түбү сен экенсиң өзүмдүн
Бир күнү сезээрсиң сен сүйүүмдү.

## Сыр сөзү аттиң

Сезсең боло сүйүүң күчтүү мага деген,
Сезимиңди бир өзүңө арнап келем.
Сүйүүдөн жабыркап, ооруп денем.
Жүрөгүмдү сага  арнап  берем.
Жанып турган жүрөгүмө дем берсең,
Балким мен бактым болмок белең.
Кубат алам өзүңдөн мен өзүмө,
Калкан болгун сен жашоомо, өмүргө,
Ишенбесең сүйүүң күчтүү сага берген,
Согот жүрөк жанымды сага берем,
Мен даярмын сен деген сүйүүм  үчүн
Кирпигиңе тийгизбей  жүрсөм дегем.
Капалансаң бир өзүңө кубат болом,
Кабак ачсам сүйүүм үчүн учам тоодон
Алыс кетсем мен өзүңдү жоготом,
Көңүлүң бурбасаң жүрөк ооруп онтогон,
Ишенингин сен үчүн мен оорудум,
Сен дегенде сен үчүн мен соолудум.
Ойлорумду бүт нерсеге жорудум.
Денем сынды мүчөлөрүм кыйналып,
Сүйүү биздин ден-соолукту  тооруду,
Жашоомо өзүң дары, сен керексиң,
Кереги жок байлыгың, жарыктарың,
Өзүң суу, өзүң жарык өзүмө,
Сүйүүбүздү өткөрөлү бирге биз.
Сен болсоң мен кулпурам өзгөчө
Жүрөгүмө жарык берди жылдызың,
Айым болуп жанымда калкан болчу.
Кара булут келбесин бизди каптап.
Жылдыздарда бажырайып сен көрүнчү.
Мен кулпурам сен үчүн бүт нерсеге,
Каалаганды аткарам өзүңө мен,
Бийлейм ырдайм, көңүлүңү ачамын,
Гүлүм болчу нурларымды чачамын.

Күн болуп чачырайын өзүңө,
Гүл болуп көрүнөйүн көзүңө,
Күн болуп кызмат кылып төрүңдө,
Кызматымды аябаймын өзүңө.
Булут болом жамгыр жаадырганы
Нур төгүп маңдайыңда,
Жемишиң болоюн багыңдагы.

## Сен дегенде

Сен дегенде ай болом,
Караңгыда мен жарык.
Көлөкөдө нур болуп,
Нурумду сага сунайын.
Айрыба деп Алладан,
Мен өзүңдү суранам,
Басканыңа жер болуп,
Демиңе өзүм жол болуп,
Жамгыр болуп сени жууп,
Тазартайын чаңыңды.
Дарак болуп өзүңө,
Мөмөнү өзүм сурайын,
Даамды берип оозуңа,
Тойгузайын өзүңдү,
Курал болуп өзүңө,
Карайын сенин көзүңө,
Суу болуп сени сылайын,
Өмүрдү сага сунайын.
Жамандык көрбө ылайым,
Сен менен мен барктуумун,
Тамагы болдуң таттуулдун,
Жумшагы болдуң каттуулдун,
Төшөлөйүн өзүңө,
Жары болуп аттуунун,
Жараштыгың өзүмө,
Канат болуп дайыма,
Жумушуңду кылайын.
Ыссык- суукка мен чыдап,
Болоюн сенин жакының,
Сендей уулга ырахмат.
Жаралсын сендей көп болсун,
Сыймыктанып ырдайын,
Коштоп жашоо жыргалын.

Сен жер болсоң,чөп болом,
Агызамын сууларды.
Гүл болуп сага ачылып,
Жытымды сага сунайын.
Түстүү болуп көзүңө,
Көрүнөйүн мен өзүм,
Куш болуп бакчаңдагы,
Бир башкача кулпурайын.

## Сен меникисин

Сен барда караңгы түн аткан таңдай,
Нур болуп, бир башкача себилесиң.
Сүйөөрүмдү миң кайталап, айтам танбай,
Сүйүүм күчтүү жүрөгүмдө ашат батпай,
Кээде сен шоола чачып төгүлөсүң,
Мүнөт сайын кетпей сенин каректериң,
Ойлорумда сезим козгоп өрүлөсүң,
Сүйүүм коргойт сен меникисиң,
Чыгарбаймын колдон белегимдей,
Жашоомдо менин эрмегимсиң,
Жүрөгүмө  сүйүнүчтү себелейсиң,
Сүйүүмө жүрөгүмдү чөмүлтөмүн,
Жүрөгүмдөн өзүм бөлүнбөймүн,
Түбөлүктө көзүңө көрүнөмүн.
Сүйчү жаным  мен сенден өтүнөмүн
Сүйүүмдө сырлуу сууларым бар,
Жүрөгүмө дары булагым бар.
Коргойт сени дайым уларым бар.
Мингизсең сага тулпарым бар,
Учам сызам, шумкарым бар, асманда,
Анын баары  мен болоюн жүрөгүңдө,
Сен үчүн сүйүүлөр жанганда.

Сен үчүн мен баарына даярмын,
Жүрөгүмдү ээлеп алып багынтың,
Махабаттын күчүнө сен жалынтың.
Сезимдерим сенсиз эми жашабайт,
Сени сүйөм бир өзүмө жагыпсың.
Сени издеп,дүйнө кезип жолду бастым.
Теңирим күчүн ,сунду сыйкырын
Колдоп бизди,   мен ага сыйындым.

## Сен үчүн даярмын жашоодо

Душманга да, салышканга жоолорго,
Меникисиң, сүйүүм үчүн күрөшөм,
Бербейм сени башкаларга, бирөөгө.
Сүйүүм сенсиң, махабатым өзгөчөм.

Сүйүү күчү мени мынча кыйнады,
Жүрөк ыйлап, сени башкага кыйбады.
Сен үчүн мен алыска жол басам,
Сүйүүнүн кудурети бул дагы.

Бар болсоң бир өзүңөн эс салам,
Бар болсоң ошол мага чоң бакыт.
Жанымда турганыңда кубаттанам.
Бир болсоң ошол мага жол ачык.

Махабатым сен үчүн мас кылды,
Көрүнгөндү бир өзүмө кас кылды.
Сен дегенде жанын урган бар экен,
Бул да болсо сүйүүнүн мастыгы.

## Сен үчүн

Оорубасын жүрөгүң мен аяймын,
Жүрөгүмдү берүүгө мен даярмын.
Дайым болуп мен сага таяныч,
Жөлөк болуп жаныңда турармын.
Көңүлүңдү алайын сүйүндүрүп,
Жүрөгүңдү ээритейин жылытып,
Сүйүүмдү жылуулукка бөлөйүн.
Кучагыма магдыратып ысытып.
Гүл болоюн көрк берейин өзүңө.
Оорубагын жылмайгының мен үчүн,
Сен ооруба мен ооруюн жан үчүн.
Мен даярмын жанды алса сен үчүн.

## Сени сүйдү жүрөгүм

Мен жүзүңдөн карагандан сүрдүгөм,
Бул да болсо сүйүүнүн сүрүдүр.
Элестетип карааныңа кубанам,
Бул да болсо махабаттын күчүдүр.

Бою башың бир өзүңө келишкен,
Сенин сүйүүң жүрөгүмдү ээриткен.
Бир өзүнө гүл боломун жарашкан,
Жыттаганда жүрөгүңдү жибиткен.

Мен болоюн табылгыс периштең,
Көз карашың тулку бойду терметкен.
Сен кыйынсың жүрөгүмдү ээлеген,
Жан дүйнөмдү алдейлеген термеген.

Кубат оюң сенден чыккан демиңден,
Ичкен сууңдун түбү калсын өзүмө.
Мен болоюн жүрөгүңдүн түбүндө,
Сен жаркырап жүрө бергин төрүмдө.

Кызмат кылып мен болоюн үйүңдө,
Жары болуп сени сүйүп күнүгө.
Мен сыйлаган өмүр шерик жаныма,
Сыйы болгун өз жарыңды сүйүнткөн.

Бакыт сундуң сен арылттың түйшүктөн,
Бала сундуң кубанычка бөлөгөн.
Андан ашык бакыт жок мен үчүн,
Сага таяп, сага улам жөлөнөм.

## Сени сүйөм жүрөгүм

Көңүл ооруйт башкага мен көрсөм,
Кыйналамын жүрөктүн күчү жаман.
Жүрсөм экен бул жашоодо жабыкпай,
Кызганычтан кантип өзүм арылам.
Сүйүнсөм жүрөк согот сүйүнүп.
Жаман сөзгө жүрөк кетет түйүлүп,
Ооруп калам кызганычтан күйүгүп,
Тура албай өз жайыман жүгүрүп.
Сүйсөң болду андан ашык бакыт жок,
Жашайынчы мен жашоодо көңүл ток,
Суранам салбагын сен жүрөккө ок.
Сен болбосоң жошоонун да кереги жок.
Жүрөгүм сен деп согот билип жүр,
Жүдөймүн сен болбосоң мага сүр.
Сен болсоң ошол мага жашоо гүл.

## Сиз болдуңуз шыпаагери адамдын

Бактыбызга бар экенсиз жарыгым,
Бар болуңуз, аман болуң ар дайым. .
Өмүр берсин, сиз кетпеңиз катардан,
Мен тилеймин өмүрүңүздү Алладан.

Шыпаагер болдуңуз балдарыма,
Сүйүнүч бердиңиз бактыбызга.
Шыпаа таап сиз дартыбызга,
Жетпесин жамандык башыңызга.
Жашоодо айыктырып оорудан,
Кубаныч артып келесиз жалпыбызга.
Сиз болдуңуз шыпаагери баарыбызга.

## Сүйгөн адам кызганат

Кызганам бир өзүңдү кызганам,
Бул да болсо сүйгөндүктүн белгиси.
Сүйүүм күчтүү мен өзүңдөн суранам,
Сенден башка махабатым жок дечи.

Мен чыдабай өрттөнөмүн кызылдай,
Жүрөгүмдү ээлеп алдын сен чыкпай.
Кетип калба башкасына бурулуп,
Жүргүм келет махабатымды учурбай.

Эч кимге алмаштырбайм жарымды,
Теңебеймин байлыкка да бактымды.
Өмүр бою сүйүп өтөм мен сени,
Жароокерим, кайдасың сен, барсыңбы?

Карыш жылсаң издей берем жарымды,
Кыздарга карап койсоң каш кагып,
Кызганамын, учургандай багымды.
Бараткандай башка жайга баш багып.

Кара кашың, кара көзүң ээритет,
Сүйүүң менин жүрөгүмдү демитет.
Ыраа көрбөйм башкаларга өзүңдү,
Карап койсоң, көңүлүмдү сергитет.

## Жашайлы өмүр бою түбөлүк

Сени менен өмүр сүрүп өтөйүн,
Жараткандан жалбарып бир өзүңдү,
Кол кармашып, түбөлүккө болсом дейм,
Телмирип карагаттай көзүңдү.
Ардагым сен,кайда сенин убадаң.
Мейли ур, мейли уруш, кечиремин,
Турмуштун арабасын чогуу тартып,
Өмүрлүккө сени менен бир келемин.
Ач калып, азаптанып, кыйноо тартсам,
Анын баары сени үчүн, сени деймин.

Суктанбагын башкалардын сүйүүсүнө,
Суусатпагын менден алыстап күн алыс
Суу берейин суудан кочуштап,
Кээде калам, ачуу чындык мен жалгыз.
Дайым болчу менин жанымда сен
Кечүү издебе,мен болоюн кечмелик,
Жол болоюн сага чыйыр из салган,
Куш болоюн сайрап гүл багыңда,
Көрүнүп көзгө көңүл көтөргөн.
Жар болоюн жаркып жанымда,
Жарпыңды жазар жаркылдап.
Баарысы мен болоюн сен көксөгөн,
Нур болоюн,жарыгы эч өчпөгөн.
Жашайлы бирге биз түбөлүк,
Бактыкка түшкөн кенен жол менен.

## Ак сүйүүм сага деген жапжаңы

Даамыңды ширин бөлөйүн татканыңа,
Төшөлөйүн жумшак болуп жатканыңа,
Чөгөлөйүн мен даярмын айтканыңа,
Бактылуумун жүрөгүмө сени катам,
Ак сүйүүм сага деген жапжаңы да.
Ыраазы болуп кубанычка өзүм батам,
Сүйүүмдү жүрөгүмө бекем катам,
Каалабаймын жүрөгүң башкага берилгенин,
Каалабаймын жүрөк ооруп жабыкканын.
Каалабаймын сулуулукка жеңилгенин,
Каалабаймын сүйүүбүздүн эзилгенин,
Салбасын башка оор түйшүктөрүн,
Келбесин мээнет кыстап үшкүргөнүң,
Көкөлөп көңүлдөгү сезимдерим,
Байкасам бир башкача сенин демиң.
Тиктесем жалбырттаган көздөрүңдү,
От болуп, мен өзүмө кайра келет.
Тыңдасам мага деген сөздөрүңдү,
Алдейлеп, жүрөгүмдү турат ээлеп.
Ойлонуп биле жүр сүйлөөрүңдү,
Болбосо жүрөгүмдү кайра эзет.
Кызыкпагын күлмүңдөгөн көздөргө
Алданбагын бузукулук сөздөргө,
Адаштырат, албууттанган жүрөгүңдү.
Унутпагын түбөлүктүү түнөгүңдү.

## Сүйүктүү жарыма

Өттү го өмүр баарыбызга сыйлайлычы,
Бирге  болуп экөөбүз  жыргайлычы.
Сүйүүнүн күчүн билдирип, көңүлдөрдө,
Жалбырттаган арзуу ырын  ырдайлычы.
Өтөт кетет өмүрлөр билбей кайгы,
Жашартып жалындаган сезимдерди,
Унутпай сүйүү күнүн эстейличи,
Жаштык кетип, улгайып баратабыз,
Ата-энелик парзыбызды унутпайлы,
Өмүр сүрүп  жашоодо биз жыргайлы,
Балдар үчүн жашап келатабыз,
Доорду сүрүп,бакыт ырын ырдайлы.

## Сүйүүмдү сезбедиң

Билбедим байкабай сени сүйүүңдү,
Өткөрүпмүн, жаштык күнүмдү.
Сунуптурсуң башкага кызыл гүлүңдү,
Ошондо менин арзууларым билинди.
Укпай калдым сүйөм деген үнүңдү,
Бирок. сени сүйгөндүгүм билемин,
Сезсең эгер сен деп согот жүрөгүм,
Сыр бердирбей башкага сен күлөсүң,
Кызганычтан санаа тартып жабыгып,
Жароокерим мен аябай жүдөдүм.
Кызыксаң да башкаларга сен бүгүн,
Бул утурумдуксенин сезимиң,
Байкасаң сен аны бир күн билерсиң,
Айдай болуп жаркытып,
Айланып бир күн келерсиң,
Ишенгин чын сөзүмө сүйөөрүмдү,
Сен деп өткөн кереметтүү күндөрүмдү.
Кирпик какпай таң атырган,
Уйкусуз  нечендеген түндөрүмдү.
Катылган сүйүүм турат алдейлеген,
Ээлеп алып, сени деген  жүрөгүмдү.
Кыйналсам да, сезимдердин күчү менен,
Күтүп жүрөм, кереметтүү ошол күндү.
Күтүп келем сүйөм деген сөздөрүңдү,
Көргүм келди, балбылдаган көздөрүңдү,
Сагынамын сагынычтан айлуу түндү.

## Сен деп жашайм

Сүйүүмдүн күчү ашты го,
Барганга сага шаштым го.
Бакыты болдуң өзүмдүн.
Бактылуу аял өзүм го.
Көзүңө өзүм айланам,
Жарым  болдуң жайнаган.
Жанашып бирге жүрөлү,
Жашоону кошо сүрөлү,
Багымда куштар сайраган.
Күтөмүн сени жолуңан.
Бир кадам алыс узасаң,
Канткенде мен туралам.
Болосуң мага сен кубат,
Күчүңөн согот жүрөгүм,
Дүнүйөң мага көрүнбөй,
Сен болсон жашоом өнүгөт,
Жанган чолпон жылдыздай,
Бакыттын нуру төгүлөт,
Ашык болгон нуркыздай,
Сүйүүлөр бизди өпкүлөп.

## Таза эмес сүйүү кошулуп

Таза эмес сүйүү кошулса,
Таза адамды булгайбы.
Азгырып жүрөк калканын,
Ынтымакты бузат турбайбы.

Ширин жашоо турмушту,
Бөлүп -жарды бул кайгы.
Түрлөрү көп сүйүүнүн,
Тазасын анын тандайлы.

Кооздукка өзүң берилдиң,
Акылыңы кошо жаркыткан.
Жүрөкккө жагат сулуулук,
Көңүлүңдү балкыткан.

Сүйүү душман, сүйүү дос,
Салат башка кайгыны,
Кээде жолдош, кээде кас,
Ажыратат канчаны.
Түйшүккө чалдырып,

Түйшөлтөт адамды.
Бакыт отун жандырып,
Эргитет ар жанды.

## Сүйүү күчү

Сен үчүн мен бакыт алып келемин,
Колдон келсе айды алып беремин.
Мен даярмын сенин менен жашоого.
Мен бармын  ар убак сени коргоого.

Сүйүүм менин сага арбалган,
Сүйүү сезим мага күч берген.
Жүрөгүм сага  арналган,
Жүрөгүм сени дегдеген.

Билгин сен, сүйүүм сага ак болот,
Сен дегенде жүрөк токтолот,
Көкүрөктө туйлайт жүрөгүм,
Сенин сүйүүң мага бак болот.

Сен карасаң мага күч толот.
Кармаганда жүрөк оолугуп.
Сенин сүйүүң мени толгонтот,
Кайта келсең мага бурулуп.

Сүйүү күчү өзүңө арбап тартат,
Сүйдүрүп жүрөккө күчтү катат,
Согот жүрөк өзүң дегенде,
Кыйнап сүйүү азабын артат.

Сезимим сага күүлөнөт,
Сүрдүгүп сезим сүрдөнөт..
Жан - дүйнөм сага арналат,
Түйшүгүн тартып күн өтөт.

## Сүйүүмдү таарынтпа

Кайдан жүрүп сага кабылдым,
Капаландым сага таарындым.
Карегимден жашты агыздың.
Капталдым отуна жалындын.
Бар бекен сенде сүйүү жалыны,

Сүйчү деп мен сага жалындым.
Жактырдым сага ашыкмын.
Берчи мага сүйүү ачкычын.
Мөлтүрөп сүйүү тамчысы,
Ашыктык ырдын жарчысы.
Сыздатып коюп көңүлдү,
Жүрөгүң менден бөлүндү,
Таарынтып койдуң мени сен,
Башкага буруп өңүңдү.
Издеймин жоксуң төрүмдө,
Сүйдүрүп башка бирөөнү,
Күттүрүп, мени зарлантып,
Өксүттүң мынча өмүрдү.

## Сулуу жарыма

Эч кимге алмаштырбайм жарымды,
Теңебеймин байлыкка да, бактымды.
Өмүр бою сүйүп өтөм  мен сени.
Көрүнүп кой көз алдымда барсыңбы.

Карыш жылса издей берем жарымды,
Кызганып мен агызамын жашымды.
Кыздарга карап койсоң  башкача,
Ичим таарыйт,алып кетчүүдөй бактымды.

Кыздарга оттуу көзүң артылып,
А мен болсо кызганычтан жабыгам.
А сен болсо мени аларга кас кылып,
Кадимкидей мен өзүңө таарынам.

Сүйүүң менин жүрөгүмө дем берет,
Жүрөлүчү айрылбастан түбөлүк.
Мээрим чачып койсоң мага элжиреп,
Калам мен да назиктенип гүл болуп.

## Суудай агат өмүрлөр

Суудай агат өмүрлөр кайда шашат?!
Өмүр менен адам жарыша агышат.
Жашоо деп өжөрлөнө өмүр талашат,
Алар бирдей мезгил менен жарышат
Талыкпай жаша кызыгы бар  өмүрдө,

Кайгыны салба эч убакта көңүлгө,
Өмүр бергин,суу тарап, өскөн гүлгө.
Ага да адамдай жашоо керек,
А адам үчүн суудай агат өмүрлөр,
Бирде зымырык куш,бирде күлүк,
Кээде суу сыяктуу албууттанган ,
Өмүрлөр алда кайда шашып барат.
Мезгил кызык,өткөн тарых артта калат.

## Өмүр өтөт эртелеп

Күүлөнсөң жашоо табасың,
Утасын өзүң такшалып.
Улам  шашып алга барасың.
Өмүрлөр өтөт даң салып.

Оттой жанган өмүрлөр,
Узап кеттип баратат.
Чабыттаган күлүктөй,
Күн кечтеп, таң ашат.

Суудай соолуп каалаca,
Ачуу- таттуу жанаша,
Кээде күндүн нурундай,
Өмүр өтөт даңаза.

Мезгилдерди карытып,
Өмүрлөр сызат эртелеп,
Гүлкүн жаштык жаркытып,
Өмүрлөр өтөт эркелеп.

Мен кайыңмын, сен терек,
Бир бирине жанашкан.
Бирдейинен бой керет.
Сууну ичип булактан.

Суу боюнда бой терек,
Көлөкөсү көрүнбөйт.
Шамал менен шуудурап,
Жалбырактар дирилдейт.

Суу боюнда көп кайың,
Көлөкөсү кең экен.
Көктү карай бой тиреп
Көкөлөптүр асман тең.

Кайың, терек бой тиреп,
Табияттын көркү  бул
Теребелди жашартып,
Жагалданып өсүптүр,
Жаратылыш байлыгы,
Сакта, кара,коргой бил.

## Табылгыс күндөр

Сүйүшкүлө унутулбайт табылгыс күндөр,
Сүйөм деген айткан сөзүң кулагыма жаңырат.
Биз өткөргөн, керемет, асыл түндөр,
Барктабасак, кайрадан, качан табылат.

Биз баш коштук керемет табылгыс күндөр,
Ошондо кулпуруп ачылган сен сүйгөн гүлдөр.
Гүл сыяктуу жыпар жыттанган балдар төрөлүп,
Кулпуруду биз өткөргөн  шаттуу өмүрлөр.

Балапан жыттуу балдар таптык ортодон,
Сегиз уул-кыздын күлкүсүнө үй толуп,
Алоолонуп жылуулук орноп коломтодон,
Жашайбыз биз кемегебизге кут конуп.

Ай - күнүңдү сунуп мага тартууладың,
Андан артык бакыт барбы, табылгыс күндөр.
Алыс кетсем жолумду сен утурладың,
Күбө бактыбызга биз өткөргөн айлуу түндөр.

Жетилип, өсүп барат, биздин балдар,
Биз баштаган кадамдарды улантар,
Табылгыс, кайталангыс өтүп күндөр,
Эрдик жасап, элибизди кубантар.

## Апа болгонум кандай керемет

Жарашып мага  балдарым эркелейт,
Кубаныч жанаша күндөр жетелейт.
Жарыгым менин, балдарым кубатым,
Бакытты алдейлеп, бешиги термелет
Көңүлүм ачылып, жарпып жазылат.
Балдарым мага, мойнума асылып,
Эне үчүн кандай, кандай керемет.

## Тагдыр экен улам өмүр өтүүдө

Тагдыр экен улам өмүр өтүүдө.
Жүрөктөрдү сен азгырдың.
Кыйналдым мен алсызмын,
Сүйгөнүм менен  пайда жок,
Сен мени кайда калтырдың.
Жарың тапса сенден  башканы
Күйгөнүң менен  пайда жок,
Үйүңдө жарык жок болсо,
Оорудуң кимге, пайда жар үчүн
Жаадыргын аппак карыңды.
Жаратканым  сакта балдарды.
Өмүр кечем жалгыз сен үчүн.
Сактап келем жүрөгүмдүн түбүнө,
Жашап келем сенин куттуу үйүңдө,
Сага деген аруу таза сүйүмдү,
Сактап келем жүрөгүмдүн түбүнө.

## Тайгараев мектеби

Тартипти бекем сактатып,
Тарбия алды  өзүңдөн.
Күчкө бир толуп балдарың,
Баатырлар чыкты өзүңдөн.
Мектептин атын чыгарып,
Биз үчүн куттуу мектеп деп,
Ачтыңар мектеп ажарын,
Карасаң мектеп татына,
Жагасын сен баарына.
Билимиң керек жаштарга
Ачылып гүлдөй жайнайсың,
Куту бир болуп баарына
Туяктан туяк ууланып,
Уядан балдар куралып.
Кыз- улан чыкты уланып,
Кыйындыгын билдирип,
Акылдууну чыгардың.
Тайгара аты жарашып,
Ачтың мектеп келбетин.
Тайгара ата колдосун,
Тарбия алып өзүңдөн,
Тагын бийик жеткирген,
Таалайлуу балдар чыгышсын,

Тайгара турат тарыхта,
Ташка тамга баскандай,
Атың өчпөйт жарыкта,
Баатыр болдуң калкыма,
Айылды бийик көтөргөн,
Мектеби бийик жаркыра.

## Таңда туруп барамын тоолорго

Сырдашып мен турамын ошол тоого,
Ыр ырдасам жаңырык үндөр каптайт.
Шамал коштоп бийлеп мени тосот,
Шашып чыгат таң менен күнүм кошо,
Жел ырдайт мени менен үндү созо.
Кошо бийлеп мени менен булуттарым,
Ырдашып мени менен булбул кушум
Себеленет мен күткөн аппак карым,
Куштарым жаят мага канаттарын,
Мени коштоп көркүн сунат бадалдарым,
Шуудурайт жалбырагы дарактарым,
Кошо ырдап сууларым шарактадың.
Мөңгү суулар тоодон ылдый шаркырадың,
Күнүм чыгып көз уялтып жаркырадың
Карачы ырдаганын каркыранын.
Ала-Тоого  кучак жайып  багынамын.

## Таң жели

Таң жели какканда эшигимди,
Түн уйкум качат өзүмдөн.
Мээрим берип таң жели сылаганда.
Көңүлүмдү сергитет анын деми.

Сылап мени жүрөгүмдү сүйгөндөй,
Эркелетип мага  жан  шерик түгөйдөй,
Капалыкты таратып көңүлдөгү,
Бийлеп келет мээлүүн согуп таңдын жели

Дүйнөмө кирип  сага сырдашкандай,
Коштоп мени ырымды ырдашкандай,
Капалансам мени менен ыйлашкандай,
Көз жашымы жели менен сылагандай.

Бир көрөсүң таң жели бороон- шамал,
Бир кезде  мелүүн, жортот,сылап жүздү,

Таң жели жакшы кабар алып кел,
Каалабаймын сезимдеги дүрбөлөңдү.

Шериксиң сырдашканга бир өзүң,
Күбөсүң бүт нерсени көрүп көзүң,
Угасың сүйүүнү, капалыкты,
Анан да таратып сагынычты.

Көк асманда ай булутту аралап,
Таң жели учуп барат сабалап.
Ааламды кыдырып таң  жели,
Сергитет сезимди анын деми.

## Таянаар бактым сенсиң

Сени ойлоп күнү түнү уктабайм,
Сен дегенде тамагымдан суу өтпөйт.
Кетпегениң бир өзүңөн суранам,
Өзүң болсоң мен жашоодо кубанам.
Жакшы сөзүң өмүрүмдү узартат,
Эс аламын сенин ширин сөзүңө,
Кубанычты  берип сен мага,
Көрүнүп турчу дайым көзүмө.
Сен болсоң ошо байлык, чоң бакыт,
Жашоомо сен бересиң жол ачып.
Таянарым таягымсың жөлөгүм,
Сүйүүм бир өзүңө бөлөнгөн,
Сен үчүн бул жарыкта төрөлгөм.
Жар болосуң басканыма көлөкөм,
Күч аябай бир өзүңдү өнтөлөйм.
Кадам салып сени менен көгөрөт,
Бул жарыкта сен үчүн төрөлгөм,
Сен үчүн ак сүйүүңө бөлөнөм.

## Теңир бардыгыбызды колдосун

Өмүр өтөт зымырап  шашкан шамалдай,
Канчалары тирүүлүктөн кетишти,
Максат кылган арзууларын бүткөрбөй
Ал тарапта кимдир бирөө күткөндөй.

Ашыкпа, кечигип келчи суранам,
Адамдардын өмүрүн сен узартсаң
Тирүүлүктө дагы көп иш бүткөрмөк,
Жашоо берип, тирүүлүктө кубантсаң.

Аллахым колдой турган өзүңсүң,
Аяп койчу жаш- карыны сүйүттсөң,
Кырсыктардан сактоочу да өзүңсүң,
Сыйынаарыбыз бир өзүңсүң ишенсең.

Сыйынабыз ишенерим Теңирим,
Адамдардын өмүрлөрүн узартсаң,
Ынтымакты, ырыскыны мол берип,
Тартуулоочу бир өзүңсүң Жараткан.

Ырыс, ыйман ырашкерлик өзүңдөн,
Адамдарга жакшылыкты келтирген.
Жакшы жашоо, бакыбаттуу турмуштун,
Үрөнүн да бир өзүңсүн септирген.

Адамдан ажалды сен кетирген,
Күнөө кылса, аны да кечирген,
Бир өзүңсүн оо улуу Теңирим,
Сенден ыйык, сенден улуу нерсе жок,
Деймин да, жалынамын дилимден.
Адамды коргоп алар өзүңсүң,
Теңиримди жүрөгүмө келтиргин,
Теңир тегиз колдоп жүрөт сен билгин.

## Тилегим бар кудайга

Оо, Жараткан жашоо берген пендеңе,
Өмүр кошкун көпкө өчпөгөн,
Душманына жалдыратпа көңүл көксөгөн.
Кайгы салба башына, ашырып өзгөчө.
Жанды бердиң, албагын ашыгып,
Ажалдын жолун тос келаткан шашылып,
Күйүт бербе, ашыкча кайгыртпагын,
Көңүл кирдеп, буулугуп жабыкпасын.
Баш кошкон жарым менен өмүрлүккө,
Бир болоюн жүрөктөр талыкпасын,
Жамандыкка чалдыкпасын менин башым.
Жолдошко жар, балдарыма бактылуу,
Эне болоюн, кут орнотоюн үйүмө,
Кир түшпөсүн, жан дүйнөм кирдебесин,
Күлкү бергин жарым менен болоюн,
Уул-кызым уучумду уласын,
Неберени жетелеп, чөбөрөнү көрөлү,
Оо Жараткан айкөлдүгүң бергин сен,
Жакшы жашоо, бакубат доор сүрөлү.

## Тойго  арналган ак тилек

Той той, мына той мына,
Туугандар тосуп койгула,
Алаканды катуу  чабалы,
Эки жашка  жабыла.
Шаңуу ырдап тоюнда,
Өткөрөлү биз бүгүн.
Ак тойго келип баарыңар,
Бата тилеп эки жаш
Колдоп биз да туралы.
Каалооңорду угалы,
Ак тилек айтып эл бүгүн,
Баарына жагып ушул күн,
Бакыт кирчү ушул түн.
Урматтап тосуп алалы,
Пир болотко тагасы,
Жээнге тийсин батасы.
Эл болсунчу тагасы,
Ата сөзү ок болот,
Ыраазы кылгын атаңды,
Алгын дайым батаасын.
Таалайдын нуру ширесин,
Ширин бала берилсин.
Бактылуу жигит экенсиң,
Сүйгөнүңө сен жеттиң,
Бактылуу жардан экенсиң,
Татына жигит жанында
Түбөлүк өмүр сүргүлө,
Балын татып жашоонун,
Айым чачат шооласын,
Курчап жылдар экөөңдүн,
Тунум калкан силерге,
Күнүм жарык элдерге,
Жашоосун Алла бекемде,
Тойго каалайм ак тилек,
Жакшылык арнап силерге,
Артыңардан бала жетелеп,
Ал силерге эркелеп,
Бактылуу жаштар болгула,
Арнайлы силерге ак тилек.

## Торгой арманы

Торгоймун камалып капаста,
Бутагына конойунбу даракка.
Мен турамын камакта,
Жөжөлөрүм балдарым,
Алар кетти каякkка.
Мүмкүн алар капаста,
Оюң кетет аста аста,
Тагдырыңды каалабайм,
Сагындым жалгыз тамчыны,
Жаш келгенде мен эстейм,
Сагындым суусар жээктерин
Капаста туруп эстеймин,
Учууну өзүм каалаймын,
Бошотчу мени ээ адам,
Учуп бийлеп алайын,
Ырдап өзүм сайрайын,
Асманга жазып сайманы,
Айды өзүм кармайын,
Кучактап күндү желегин,
Күнгө күйүп алайын,
Сайрап жашап мен өйдө,
Сүйлөй албай адамга,
Жардам берер бар бекен,
Жакшы адамдар ичинен,
Күн өтсө да кечиксең,
Чыксам болду мен тордон,
Жыттагым келет гүлдөрүн,
Сагындым бала үндөрүн,
Боштондукта мен жашап,
Өткөргүм келет күнөрдү,
Суу жээкти каалайм басканды,
Каалаймын жерде жатканды,
Каалаймын таңдын атканын,
Каалаймын учсам оболоп,
Каалабай тордо өткөндү,
Сүйлөй албай адамга,
Канатымды каккылайм,
Күчүм жетсе жаш агат,
Жардам суурайм билгенге,
Канаттууну какпагын,
Торгой элем сайраган,

Торго мени не салдың,
Учпай калды канатың.

## Түн арманы

Кээ бир адам уктабастан түн ичинде,
Сыйкырлуу ой куруууну батынышат.
Түн желээни кумарланып ошол адам,
Түн периси махабатын айтып келет.

Түн жин болуп келет катууланып,
Ай менен жылдыздуу түндү кезип.
Рахат алып келет түн ичинде,
Жүрөктөргө сергектикти берип желип.

Ырахаттын бешигшинде термелемин,
Түндүн пири сыйкырлана учуп келет.
Каттуу ойго чөмүлүп олтурсам мен,
Аруу таза жүрөгүмө сүйүү берет.

Караңгы түн бакыт нурун ачып келет,
Түн жели катууланып согуп беттен.
Дилдеги сезимдерге  чокту салат,
Ашыктар азап чегип махабаттан.

Түн желине жүрөк сырын айтып келем,
Кыргыздын кыздарына не болду деп?
Махабаттын кумарына чөмүлүшкөн,
Жол боюнда кыздарды карап турсаң.

Чылым чегип жаман жолго моюн сунуп,
Мынча неге түн пирин кыйнадыңар,
Кыргызымдын жигиттери эмне болду?
Түн ичинде  каалагандай жыргадыңар.

Ачуу заттын тамчысын аба дешип,
Жигиттериң ден -соолугун бузуп болду.
Түн ичинде бизди эч ким көрбөйт дешип,
Кээ бирөөлөр чылымга жанын койду.

Адамдардын тапканына кол салышат,
Түн кезип эл ичин тоногондор.
Ач көздөн кылмыштар күчөп жатат,
Алардын тыйыны да корогон жок.

Шайтан байлык адамды ороп алды,
Байлыкка ширелишип адамзаты,

Адамдардын пейлине чыдабаймын,
Бири-бирин ойлонбой алдап жатты.

Ойлорунда алтын менен акча болгон,
Күнүмдүк жашоого да канаат кылбай,
Көөдөнүнө  жаман адат конгон,
Жашап келет күнөө жасап камырабай.

Беш күнчүлүк өмүрүңдө ойносоң да,
Кийинки бейишиңди ойлоп койгун,
Оо дүйнөнүн тозогуна түшүп өзүң,
Чын дүйнөгө алып барат сенин жолуң.

Адашкан бар, наристени төрөп  алган,
Түн ичинде бөтөн жерге таштап салат.
Күнөөсүз наристе сыртта калган,
Ыңаалап бала үнү түндү жарат.

Алдандың «арак» деген азгырыкка,
Оо адамдар мынча неге айбансыңар,
Түн пири ууланды го  ачуу затка,
Толуп кетип силер төккөн таштандылар.

Түн пири чыдайт экен, айла канча,
Теңиримдин буйругун күтүп турат,
Пенделерим пейлиңерди оңдобосо,
Түндүн пири силерге таң аттырбайт.

## Сүйөм деп жүрөгүмдү дирилдетчи

Сен болосуң үйүбүздүн президенти,
Сүйөм деп жүрөгүмдү дирилдетчи.
Сен мени сүйөм деп билдирсеңчи,
Башканы сезимине киргизбечи.

Сүйүүнүн уюткусу калса керек,
Сактаймын жүрөгүмө өзүм белек,
Карабай башкага мага көңүл бурчу,
Токтобой көздөрүмөн жаштар төгөт,
Балдар бар  жашоо куруп түбөлүккө,
Куралы улантып биз түтүндү,
Мейли сүйүү таркасын балдарыңа,
Башка сүйүү баспасын өз жарыңа,
Алгым келет көтөрүп канатыма.
Шүгүр кылам сендей жарды бергенине,
Анча - мынча кылыгыңа таарыныч жок,

Айланайын сендей жардын бардыгына.
Мен ыраазы мына ушуга көңүлүм ток.

## Салба сен күйүткө

Үйгө улап биз куралы түтүндү,
Унуталы баштан өткөн күйүттү.
Үмүт менен жашап келели биз,
Кадырлап бизге берген сүйүүнү.
Кайтсаң боло кут орногон үйүбүзгө.
Олтуруп өзүбүздүн төрүбүздү,
Жакшы жашоо баягы уланталы,
Көргөндөр кубанышсын эми бизди.

Үзбөй келем сенден мен үмүтүмдү,
Өткөрүп уйкусуз күндү түндү.
Эңсөөлөр күтүү менен өтүп келет,
Баргым келет сарптап сага бар күчүмдү.

Көзүмдөн кетпейт го караанын,
Күйдүрдү го жүрөктү жамалың,
Караңгыда жарык чачып жаркытып,
Келериңди дайыма мен самадым.
Күч кеткиче күрөшөмүн сүйүүмө.
Тоскоолдорго от боломун жанамын,
Камыктырып салбанын күйүткө,
Акыры бир күн талайымды табамын.

## Үмүтүм бар өзүңдө

Сүйүүң качты башкага эмнеге?
Айла жок көрө турган пешенеге.
Уюкусу сакталат дейм мен үчүн,
Уялганда кайтарсын улап түтүн.

Сүйүүндүн тунугу билсең мен болом,
Ишенемин сени жоготпойм дейм.
Сенден бөлөк башканы каалабайм.
Сүйүүм күчтүү сага деген ойлосом.

Убактынча өзүң сүйдүң башканы,
Сүйүүң менде сен бурулдуң кайтканы.
Жүрөгүң мен дейт сени кечирдим,
Сыр дүйнөңдү өзүмө арнап ачканы.

Билгизип жүрөгүмдө сүйүүнү,
Жүрөктү сен кыйнап ыйлатпачы.,

Сезбедиң жарыңдагы күйүүнү,
Май баскан көздөрүңдү тазалачы.

Сен үчүн түйшөлгөнүм байкасаңчы,
Суктанып сулуулукка алданбачы.
Кайткын жарым ойготкун жүрөгүңдү,
Каалабайм сен башканы сүйөөрүңдү,

Кеч болот өз жаның ооруганда,
Сүйүү күчүн кайгы тооруганда
Кеч болот кечирбейт муздап жүрөк,
Сүйүүнүн гүлдөрү соолуганда.

Кетербиз жүрөктөр токтоор менен,
Ой басып мээнет мага келген экен.
Жашообузд арман учат ал жол менен,
Сыйлайлы тирүүлүктө  акыл менен.

## Уулум Исхак

Кыргыздын жерин гүлдөтүп,
Кыйындар чыкса экен дейм.
Колдоп туулган жериңди,
Коргосун деймин элимди.

Колдоп келсин сени элиң,
Исхак уулу сен белең.
Тарыхта калсын атагың,
Хан болуп дайым айтылган.

Жакшы жагың сакталсын,
Жараткан такты атасын.
Элимдин тийсин батасы,
Жакшы үй- бүлөнүн баласы.

Күлүп жүргүн жаркылда,
Күлмүңдөп жарың жанында.
Өчпөсүн Исхак өз атың,
Сүйүүң болуп жанында.

Тарыхта атын сакталсын,
Элим сени мактасын.
Сендей уулдар төрөлсүн,
Эмгегинди  актасын.

Эгем болсун сага жар,
Колдоп келген элиң бар.

Кааларым сага амандык,
Алыс болсун жамандык.

## Чаткалым

Чаткалым байлык катканы,
Алтын берип жатканы.
Байлыктын баары жеринде,
Дарысы бар эгинде.
Сууларың татсаң эринде,
Күчтү бир берет белине,
Сыйынсан болот жериңе
Керемети бар бетинде,
Уулуу бир ата баскан жер,
Токойу кооз биздин жер,
Жигиттер чыгат күчтү эр,
Кыздары кыйын Чаткалдын,
Жигиттин көзүн алдырган,
Жүрөккө оору салдырган,
Күчтүүнүн күчүн алдырган,
Гүлдөрү кооз Чаткалым,
Күмүштү жерге каткансың,
Жытыңа тоюп эс алган,
Жыргалын көрүп жашагын,
Эл- жеримди байыткан.
Эр жигитке жол ачкан,
Жыты бар сонун аңкыган,
Токойу кооз мактанам,
Ырчылар чыккан Чаткалдан.
Ырдашып жерин мактаган,
Баатырлар чыккан атактуу,
Бактылуу элге күч салган.
Суулары даары татып көр,
Сулуу бир кылат өңүңдү,
Сүйүнтүп жашоо жыргалын,
Жерине келип эс алган.

## Чолпон айым

Ишенген айдын жылдызы,
Чолпонумсуң жанымда.
Дүйнө сени таанысын,
Көкүрөккө тагылган,
Жылдызысың таанылган.

Жаркырагын жарыкта,
Атагың чыгып тарыхта.
Элиң сага ишенген,
Чолпон болуп жаркыра.
Кылымга атың сакталсын,
Чолпон кыз деп макталсын.
Өзүңдөй болуп уул-кызың,
Өнөрлүү өсүп туягың,
Өмүрлүү болуп улгайгын,
Дүйнө сага суктансың,
Өмүрүң берсин кудайым.

## Чоң энеме арнап ырдаймын

Ак маңдай алтын дечү элең,
Ардактап баккан сен элең.
Алтынга теңеп мен сизди,
Жүзүңө өзүм зар элем.
Жүзүң  эстен кетпей,
Жүрөгүмдө  муң турат.
Сылагандай  бешенемди эркелей,
Көөдөнүм ыйга буулугат.
Кара туман каптагандай.
Мээрим жүзүң элестетет,
Боз топурак жамынып,
Жер алдында жатпагандай.
Элесин көзүмдөн кетпей турат,
Чогуу жашап жүргөндөй,
Жан кейиткен азаптуу   ойго салат,
Сен узаган ошол күнүң.
Сыздатып жүрөгүмдү,
Жан дүйнөм  бирден сөгүлөт.
Кайырсыз  кетсең дагы,
Көз алдымда бирге көрүнөт.
Ак таңдай энем сайраган,
Ырдасаң жүзүң жайнаган.
Сууну бир кечип дайрадан,
Ыр ырдап чыктын каяктан.
Элесиң калып жүрөктө,
Келбейсиң эми кайрадан.
Сайрап бир элди суктантып,
Энекем ыр өнөрүң бар эле.
Өскөн бир чынар төрүмдө,

Көйкөлүп турган жан эле.
Ырдаган ырың мукамдуу,
Булбулдай үнүң бар эле.
Өңүмбү  же түшүмбү,
Олтуруп  ойго келемин,
Ойдо жок жерден сен өтүп,
Ыйлатып бизди узадың.
Жамалың эне жароookер,
Буркурап ыйлап турсак да,
Кыламын эми тобокел.
Жамакты кайдан табасың,
Жаадырап сөздү айтчусуң.
Сайраган үнүн булбулдай.
Сайманы сайып түрлөгөн,
Элин бир жакты сен бойлоп,
Сайрап бир эне турасың,
Арадан далай күн өттү,
Ашыгып нечен  түн өттү.
Айтар бир экен баяны,
Күнү да өзүң түндүктүн,
Жаркыган күндүн нуру экен,
Атырлуу жердин гүлү экен.
Жыттуу бир гүлдүн түрү элең,
Суктантып бизди жүрчүсүң.
Ырга бир жакын сен элең,
Ырдатып кошо турчусуң.
Ыйлатып энем баарысын,
Кеткениң эне баары чын.
Коштоп бир эне кеттиңби?!
Өмүрдүн кошо даарысын.
Ак таңдай эне кайдасың,
Айланып эне таппаймын.
Адашып бизден сен кеттиң,
Аттиң ай дүйнө ушу экен,
Кайрадан бизге келбейсиң,
Көз көрбөс жакка турагың.
Таштадың бизди карабай,
Боздоп ыйлап турамын.
Изиңди кууп таба албай,
Жолубузду кайра бурадык.
Кеттиң бир эне кай жакка,
Түнүндө тийген айыңды,

Түрлөнтуп турган таңсыңбы,
Башыңан өткөн арманды,
Түрмөктөп ырдап айттыңбы.
Өнөрүң гүлдөп дайрасың
Суктанган элдин баарысын
Суйкайган энем кайдасың.
Колуңдун көөрү төгүлгөн.
Өнөрүң өтөт өзүңдөн,
Асемдеп гүлдү бир өзүң,
Саймалап кештең келишкен.
Эшип бир жипти байлаган,
Устаты чебер дегизген.
Элиндин баары таң калган,
Угуп бир энем баянын.
Ак таңдай эне үйрөт деп,
Жаштардын көбү суранган.
Жанынан чыкпай энемдин,
Баянын  мен тыңдадым.
Баштан аяк айтчу эле
Ак таңдайдай  сайраган,
Душманга карап ок аткан,
Сөз менен жааны мээлеген,
Мактанганды майтарган.
Колго казан аскын деп,
Ачкачылык  кездерде,
Балдарың канча зар болуп,
«Нан бер» деп  ыйлаган.
Ыр менен нанды бышырып,
Шам чырак болуп келгенсиң,
Жарык нур чачып берметин,
Энекем мээрим бергенсиң.
Шамал бир чачып алыстан,
Жок болуп кайда кеттиниз .
Таалайлуу энем өттү деп,
Таарынып турам мен азыр,
Тагдырга жазган ушул экен.
Таштап бир кеттин таалага,
Калтырдын бизди азапка,
Чачынды өрүп экиге,
Адамдын баарын суктантып,
Сулуулук барбы сенде эле.
Чырмалган дарт сени ороп,

Кыйнап бир жатты жанынды.
Өчү бардай дарт неге,
Чырмап жаттың энемди,
Оору бир каптап дененди.
Оо дүйнөгө жол тарттың,
Бир келет эне дүйнөгө.
Куту бир болот ар үйдө,
Кетсе бир эне кайрылгыс,
Издесе жерден табылгыс,
Учуп бир кетти тээ алыс.
Көрсө чын дүйнө ошо экен,
Бараткантэнем жол алыс.

## Чубак Сатаевге

Жаратты кыргыз элге Чубакты,
Берешен үй-бүлөдө бешенелүү бала төрөлүп,
Ырлары менен кыргыз элин кубантты,
Кыргыз туусун көккө карай көтөрүп.

Жараткан   берген экен талантты,
Арман ырларын ал элине жаратты.
Көөдөндөгү көксөгөн сезимдери,
Көкөй кесип, жүрөк эзип баратты.

Эл-журтту ырың менен баштап өзүң,
Ойготтуң акыл менен ачып көзүң.
Ырыңды уккандар дене бою дирилдеди,
Сен аларга кереметтүү күчтү бердиң.

Таланты  оргуштап козголгондо,
Кыргыз деп Чубак атын  жар салып,
Ырлары менен көч баштап бараткaнда
Сезим коштоп, талант келет кыялыма.

Өчпөсүн сен жазган ыр  шербетиң,
Төгүлөт  көөдөндөргө бермет сымал.
Ырдап жаткан сенин нурдуу келбетиң,
Жазчы эле ыр сыяктуу жазып кумар.

Катаал турмуш кечирген элиңдин,
Жүрөгүнө кереметтүү азык бердиң.
Кыргыздын кыраан чыккан жигиттерин,
Көтөрүп алга карай баштап келдиң.

Калкан бол деп элиме ыр жараттың,
Жериңдин кооздугун байкагын деп.
Гүлдөткүң деп жериңди  ыр тараттың,
Жигиттерим ак жолго алгалагын.

Жүрөгүнөн баян ырын ырдап келет,
Алоолоно күйүп турган жүрөк сырын.
Ыры менен саймедиреп чечип берет,
Адамдын бактысына ак жол ачып.

Бактылуу жаштарга жүрөк сыздап,
Дүйнөнүн кеңдигин ырдап Чубак.
Ыр берметин төгүп  сайрап келген.
Көөдөн ыйлап, жүрөк сыздап.

Жүрөгүнөн элиме  муңдап ырдайт,
Уккан эл кубана өзү жыргайт.
Өчпө Чубак өчпөгүн түбөлүккө,
Сен дегенде бүткүл элим өзү ыйлайт.

Артыңда туяк болуп, балдар калды,
Жаратсаңчы кайра сен Чубакты.
Таштан өмүр бербепсин сен ага,
Күтөт эл сен жүргөн убакты.

Балдарың бар ата жолун улаган,
Сенин демиң, сенин ырың ырдаган.
Сен сыяктуу сыбызгыган үн менен,
Созолонтуп, мукам добуш сыздаган.

Ишенер балдары силерсиңер,
Ыры менен даңкталган атаңар.
Таланттын жанга шерик ырларын,
Силерсиңер кылымдарга улантар.
Күкүктөй сайрап ырдап чыгар,
Чубактын ыры улансын.
Оо дүйнө өтүп кетсе да,
Кыргыздын духун көтөргөн,
Ырларын угуп кубансын.

## Шайыр болсоң кубат алам

Шайыр күлкүң уксам кабак ачылат,
Дем аламын көңүлүм да жазылат.
Күлүп койчу кайра- кайра суранам,
Чарчаганды, кыйналганды тазартат.

Мени көргөндө кабактарың ачылса,
Денеме сүйүнүч күч чачырайт.
Жакшы сөзгө ооруларым басылат,
Кабагымды заматта эле качырат,
Чарчоом канат сенин бал тилиңе,
Сүйүнүч салып, менин денеме.
Күч берип, кубат кошот белиме,
Сен болосуң жүрөгүмдө периште.

## Шоола нуру

Күн нуру шооласын чачып,
Күч болот демге дем улап,
Жаркырап жүр маңдайымда,
Жайнап ачылып гүл бурак.
Жылдыздар бажырайып төбөдө,
Кошкондой ажайып көркүнө.
Сен да жадырап турасың,
Чалындым махабат өртүнө.

Жаркын Ай экөөбүздү курчап алып,
Нур төгүп жүзүбүздү жаркытат.
Айлуу түн сүйүүбүзгө болуп шерик,
Тилектештей жүрөктөрдү балкытат.

## Шыпаа бер деп тиленет

Жаман дарт жашыман тоскоол болуп,
Жабыштын го бир жаныма азап салып.
Жашынтып бир өзүңө кул кылгандай,
Жабыгып, жашоом барат тарып.

Жаш туруп көкүрөктө толо арман,
Азап көрдүм, жабыркап жашыман.
Жашым да жыйырмага эми чыгат,
Темтиреп баш айланып кайда барам.

Аз келгенсип кыйнайт турмуш улам,
Чыдабаймын жашоонун урушунан.
Жан эзип, жабыктырып бараатат,
Кутулаармын жашоонун бул азабынан.

Касам ичип жалган айткан боору таштай,
Ооруу азабы көнөктөгөн жаш агызды.
Ооруу кысат жүрөгүмү чыдатпастан,
Айыгамбы бул оорудан жүрөк кысты.

Оору кыйнайт чыдатпады, кантип качам,
Жалдыраймын киши жок өзүм жалгыз,
Баш көтөрбөй көптөн бери төшөктөмүн,
Калганмын, алдан тайып, денем жансыз.

Жүрөк кысат дартыма шыпаа жоктой,
Өзүмчө ыйлап алам өксөй-өксөй.
Эмнеге мындай болду жетпей башым,
Кудайымдан айгышымды тилеп жаттым.

Жаралап жүрөгүмдү барган сайын,
Оору курчай жанды кысып алып улам
Жалынамын бир кудайга жалынамын.
Кутула албай оорунун азабынан.

Жашымдан кыйнап келди бир өзүмдү,
Жалдыратып ар адамдын ар бир көзүн,
Дартым үчүн не сөздөрдү укпадым мен.
Жанды кыскан бир оорумдун айы үчүн.

Жаралгандан баштап сен мени ороп,
Жанчыдың жан-дүйнөмдү ойго бөлөп,
Чырмалган чырмооктой улам дарты,
Жашоомдо азап болдуң оору тороп.
Жараткан Теңириме жалынамын,
Алгынчы деп мендеги азап-дартты.

## Ыраазымын жашоомо

Ырахмат капа эмесмин мен жашоомо,
Арзуу максат, бакытты баштап келди.
Ыр жазып калыптырмын мен ошондо,
Мага жакшы, жароокер жарды берди.

Жашайлы ажырабай бул жашоодо,
Дем алып таза абада тоонун деми.
Гүл менен сүйүү гүлүн бергин кошо,
Күүлөнсүн бизди карай жаздын жели.

Ыргалып канаттуулар бизди коштой,
Карасаң, сүйүүлөрү бизге окшойт.
Бизди алар кубаттап бараткандай,
Жүрөктөргө ышкылуу сезим козгойт.

Көрк берип Ала-Тообуз экөөбүзгө,
Дем бергендей кереметтүү түнүбүзгө.

Ай- күнүм  жанаша коштоп келет,
Тилектеш биздин ар бир күнүбүзгө.

Жыргатып жылмаят го сүйүүбүз да,
Унутпайм баштан өткөн күнүбүздү.
Балдарга бак тилеген ата-энебиз,
Күн нуру табын чачсын сүйүүбүзгө.

## Ыраазымын сен менен

Махабаттын жыргалы, ачкычы сен,
Өмүрлүккө  баш коштук сүйүү менен.
Сүйүнүч, бакыт алып келдиң,
Сүйүүдөн  арзып жүрөк дегдеген.

Сүйүүдөн түйшүктү бирге тарттык.
Биз көксөгөн бакытты бирге таптык,
Кааларым жанымда сен турганда,
Биз жүргөн жерлерде дайым шаттык.

Ырахат ачкычынын жыргалы сен,
Түбөлүккө өмүр шерик болууга,
Баш коштук ак тилектен арзуу менен
Жашоомо жарык берген кумары сен.

## Ырчы болсом акындардай

Кыргыз жерге көз салсаң,
Элимде талант бар экен.
Дүйнөгө аттын чыгарган,
Кыргызым ырга бай экен.
Обондон обон созгону,
Элимде талант козголду.
Кыргыз деп атын чыгарган,
Манас баатыр  болгону.
Эр жүрөк  Манас баатырдай,
Кыраандар чыккан кыргыздан.
Дүйнөгө аты таанымал,
Болсом дейм чыгаан акындай.
Көөдөндөн сайрап булбулдай,
Таңшыган үнү угулган.
Таң шооласы чачкандай,
Болсом дейм ойчул акылман.
Тап келип баары жарашкан,
Саякбай айткан Манасты.
Кадырлап кылым тараткан,

Калкым жараткан Манасты.
Манас айтып тамшанткан
Саякбай аты данкталды,
Улуу, бийик кыргыздын,
Аты чыгып макталды.

Эр жүрөк баатыр Манас,
Найзаны колго алып,
Кыргыз жерин коргогон,
«Ураалап» жар салып.
Душмандан өзү коркпогон,
Мекенин жоодон коргогон.
Кыргынды кас баштаган,
Душмандан элин сактаган.
Манас баатыр кыраанды,
Даңктап атын чыгарган,
Манасчы чыгаан Сагынбай,
Ай ааламга калтырган.
Ырчы болсом Токтогулдай,
Топту жарып чыксам.
Төгүлгөн жаз жамгырындай,
Ырлар менен кумар жазсам.
Элиме ырдап өз ырым,
Насыйкат менен баштаган.
Жакшы менен жаманды,
Тең ортого таштаган.
Таланты ташсын кыргыздын.
Кедей менен байларды,
Баштаган Током барсыңбы,
Байыган ач көз адамды
Ыр менен Токо бастыңбы.
Токтогулдай боздогон,
Алымканды коштогон.
Токомдун жүрөк ырларын,
Акындар бар боздогон.
Жоктолбой ырдап сайраган.
Жаштарды алга үндөгөн,
Насыйкат ырын коштогон.
Булбулга теңеп ырдаган.
Көбүртүп, ырдап сайраган,
Токтогул акын залкардай,
Ырчы болсом мен өзүм,
Ырдамакмын тайманбай.

Кезек бир келсе айтышка,
Чагылгандын  отундай,
Томкоруп баарын саласың,
Мөөрөй бербей жарышта.
Сөздөрү келет чубалып,
Эстебестей төкмө акын.
Сөз ыргагы буралып,
Укканда эли кубанып.
Эстебес аты даңкталды,
Добушу улам чыңалып.
Эстебес ырдайт дастанын,
Турганда калкы кубанып.
Эстебес чыгат сахнага,
Ыр менен  көңүл эргитет,
Колуна кармап комузду,
Коштоп коңур добушу.
Ырчы болсом Жеңижоктой,
Элдин баарын башкарган,
Ыр менен аткан бир октой,
Жеңижок акын ак жолтой.
Комузун алып күүлөсө,
Дирилдей түшөт жүрөгүң,
Жеңижок акын  ырдаса,
Толкундап кетет жүрөгүң,
Ырчы болсом Жолболдудай,
Ырдаган  сүйүү дастанын,
Ырлар чыкмак Чолпонундай,
Келет менин жазмагым.
Жолболду ырдап жатканда,
Ырдагым келет мен дагы.
Көркүн чыгарып сахнанын.
Комузду күүгө келтирип,
Оозунан ырлар төгүлүп,
Сахнанын пири Тууганбай,
Дастанын ырдап жатканда,
Алакан жапырт чабылып,
Добулбас уруп тургандай,
Жүрөктөр дүк-дүк согулчу,
Кайран акын Тууганбай,
Төрөлсүн уулдар акындай,
Көп өтпөй мезгил закымдай,
Төрөлсүн балдар акындай.

Кыргыз жерге көз салсаң,
Элимде талант бар экен.
Дүйнөгө атың чыгарып,
Акылы менен суктанткан,
Күчү менен таңкалткан.
Уул күчүнө тең келген,
Ууру дебей бийлеген.
Датка энемен ийменем.
Элимди үндөп ак жолго,
Душманды салган ак торго,
Башкарды кыргыз жергесин,
Көтөрүп алып желегин.
Кыргызда чыкты даткайым,
Акылдуу эне макталсын.
Даалай элим кеп салып
Курманжандан кем чыгар,
Деген сөз эл оозунда.
Курманжан эне даанышман
Орун алды тарыхтан.
Мына ушул улуулардай,
Жашагым бар жаркылдай,
Оозунан  ыр тизмеги төгүлгөн,
Болгум келет чыгаан акындардай.

## Эгиз бололу жылдыздай

Көктөгү жылдыздардай,
Эгиз бололу эми биз.
Көктөгү күн нурундай,
Жаркырап тийели биз,
Асмандагы  жанган айдай,
Нур чачалы жаркытып биз.
Эстесем мен өзүңдү туралбай
Канат жасап, мен учалбай
Кала берем ичтен сызып,
Жылдыздарга жете албай.
Шам чыракты берди окшойт,
Түбөлүк алып жүр деп өзүбүзгө,
Кош жылдыз  көктөгү,
Уялтып  көз нурун чагылтып,
Нуруң  чаччы  жүзүбүзгө,
Чырак болуп келген жагылтып.
Окшоштурам  жарымды кызыл гүлгө,

Жаңырып үндөр чыгат ошол гүлдө,
Үнүн уксам жүрөгүмдү ойго салат,
Үлпүлдөп адамды бир өзгө тартат,
Колума алсам гүлдө бал бар экен,
Көбөйтүп ал гүлдөрдү сансыз түркүн,
Гүлдөрдөн коңгуроодой үн чыккансыйт,
Жаңырып кулагыма үн кагат.
Жүрөгүм кабынан кагылгандай,
Ээрчишип эми биз,жылдыздардай,
Асмандагы жымыңдаган,
Эгиз жылдыз бололучу жаркыраган.
Ээрчишип түбөлүккө өмүр сүргөн,
Эчен кылым басып өткөн эгиздердей,
Жүрөктөрү бирге соккон  тегиздердей.
Эстеп келсең жанып турган кара көздү,
Мен туралбайм  сүйгөнүм деп  бир өзүңдү,
Канат жайып  куштай болуп баргым келет,
Куса болом мен көрбөсөм өзүңдү.
Көпкө карайм  келер деп жолуңду,
Түбөлүккө биз өткөрөлү өмүрдү.
Биз бөлүнбөй бирге өмүр сүрөлү,
Кол кармашып эгиздердей жүрөлү.
Шам чырактар жанып турду экөөбүзгө,
Тилекти бир Теңирим берди бизге,
Окшотуп окшошобуз биз эгизге.
Окшоштурам мен өскөн гүлгө,
Жаңырык үндөр чыгат ошол гүлдөн,
Жанашып чыккым келбейт гүлбагынан,
Соолубасын  жашасын түбөлүккө,
Эгиз жылдыз бололу мындан кийин,
Жолугуп аралап  өскөн гүлбагынан.
Эчен кылым басып өткөн эгиздерди,
Жанаштырып,  ээрчите тегиз бирдей.
Колума алсам гүлүмдү болор бекен,
Көбөйтүп гүлдөрдү  гүлзар кылып,
Коңгуроосун улам чалып кага берсин,
Жаңыртып жүрөгүмө сүйүү сунсун,
Биз жүрөлү эгиздердей гүлбагында,
Ээрчишип  асмандагы жылдыздардай.

## Эжекеме

Чыккым келбей жаныңдан,
Мээримдүү сенсиң адамга.
Билимиң элден артыкча,
Сендейлер чыксын жарыкта.

Жаркырап жайнап турасың,
Жалпыга көңүл бурасың.
Жакшы кеп айтып туурасын,
Жаштарга ак жол сунасың.

Сендей жарга туш болгон,
Сүйгөнүң кандай бактылуу.
Сүйүнүп сендей энеге,
Балдарың сага татыктуу.

Кандай жолдош туш болгон,
Сендей алтын аялга.
Кызыгат сени көргөндөр,
Суктанып сенин бактыңа.

Мен үчүн эне кымбатсың,
Мекенге күчтү арнадың.
Мээримиң күчтүү бир жансың,
Мектепте дайым тынбайсың.

Балдарга жумшап күчүңдү,
Татыктуу билим алсын деп,
Сарптадың акыл, билимди,
Билимге толук кансын деп

Мектептин көркүн ачкансын,
Эмгегиң сен чачкансың,
Күчүңдү жумшап балдарга,
Таңында тийген ак таңсын.

Чынар кылып бардыгын,
Чыгардын өзүң уядан.
Бердиң билим булагын,
Жандырып турмуш чырагын.

## Эл менен элсин

Тукуму баатыр кыргыздын,
Туулганына айлангын.
Жери алтын кыргыздын,

Тууганына айлангын.
Жарашып кайда кетерсиң,
Бардыгына айлангын.
Акыл берген баланы,
Жандыгына айлангын.
Эл менен бирге жашооңдо,
Жакшы болсоң ортодо.
Баш болосуң ордого
Буйруп сага Ала-Тоо,
Сунуп сага байлыгын,
Чөкпөйт сууда кайыгың.
Жакшы болуп карайсың,
Жаман болсон тыйынсың.
Өчөт сенин жарыгың,
Өзүң сен  жаачысын,
Атың калып малчысың.
Данакер болсоң дайыма,
Эл менен сен элсиң,
Колуңда болсоң ачкычын
Аласын элдин алкышын.

## Элимди сакта ажалдан

Ажал келет астыңдан да артыңан да,
Айыкпаса  адамзаты дартынан
Жараткан соң кайра алат Жараткан,
Бүт  ааламды бир өзүнө  багынткан.
Гүл ачылып чачылса да багыңда,
Бак дөөлөткө шайырланып батынба.
Ажал келип турса эгер жаныңда,
Багынасың  ар бир адам дайыма.
Башына таш түшүп жарылса да,
Ажал жетпей  ал андан алыстаса,
Жашайт экен ошол адам тирүүлүктө,
Бул дүйнөнүн ырыскысы түгөнбөсө.
Дени сак таза жүргөн кээ бирин,
Билинбестен ажал келип урат экен.
Бүттү сенин күнүң деп ал адамга,
Жанын сууруп оо дүйнөгө алат экен.
Байлык менен издейт экен өтөр күнүң,
Кош жүрөк тартып коюп күнү - түнү.
Көр пенделер  ойлобойт эртеңкисин,
Бей ажал өлүмдөн сакта кудай.

Байлык бир сүрөт экен адамдарды,
Байлык үчүн бактысына балта чаап.
Бей ажал өлүмдү өзгө тартат экен,
Жараткан адамдын өмүрүн сакта.
Оору берсең шыпаасын берсең дартка даба,
Кыйналып кысталсам да бул турмушта.
Өмүр бер  бүт элиме Жаратканым
Кудайым  бей ажал өлүмдөн сакта.
Аралап ар адамга көз ирмебей,
Жаралап дартты салат өз билгендей.
Сурак алып өчүн алат  жанды сурап-
Кимдир бирөө жум дегендей.
Аты суук ажал душман ширин жанга,
Карабастан кары жашты салат башка.
Ал чырмалса дене таза адамдарга,
Айландырат акыр түбү топуракка.
Күлүп жайна ойлонгун  сен эртеси,
Жаштык өтсө билесиң келбесин.
Беш күнүңдө ойноп күлгүн жашыңда,
Ажал турат керек болсо алдыңда.
Ажал турат саламын деп бактыңа,
Кара ташты асып койот башыңа.
Дене чырмап оору келип  катылат,
Демиң кетип ажал келип шаштырат.
Ажалды мен жеңдим деп айтканды,
Көрдүңөрбү айткылачы адамдар.
Жеңбей эле күчтүү болгон Жараткан.
Өттү кетти, жеңе алышпай канчалар.
Аттиң ай адамды торуду окшойт,
Кырсыктын күчү менен ажал жоктой,
Жүрөк деген ал сокпостон неге токтойт,
Орун таппай бул жарыктан канчалар,
Күч таппады ажалдан да өтүп алар.
Жан- жаныбар  жандуулар бар,
Алгыс болчу мээрим  барбы жан аяр.
Жашоого сууну сунду сен шашылба,
Иче көр ажал жанга уу сунгуча,
Көз ирмеп  сенде жүрөк билген,
Сактансаң өмүр узак бирок билбейм,
Адамдарга байлык өзүң ажал белең,
Ажал күчтүү сен жеңесин күчүң менен.
Жараткан соң, өмүр берсин өзүң менен.

Чың болсун бир өзүңүн жаның бекем,
Жаратып койгон менен бул дүйнөгө,
Жумулбасын көргөнүң сен көзүң менен.
Жаралган соң кошо кургун өз бактыңы,
Ойноп күл, сен тапкының өз тактыңы.
Айтуу оңой көрүү кыйын тагдырыңы,
Бербесе пешенеңе бир бактыңы.
Болбойт экен бул дүйнөдө тегиздик,
Кайгы келсе жөлөк болоор эгиздик.
Тегиз эмес бул дүйнөдө баары так,
Теңдегенде сен болбойсун өзүң ак.
Чындап ажал жетпесе
Чымындай да жан кетпейт,
Башыңда колдогонуң болсо эгер
Жаратканга кулдук ургун,душман келбейт.
Көргүнүң айды, күндү, жылдызыңды,
Кээ бир адам ойлоп койбойт бүгүнкүнү,
Адам душман кээ бирөөнүн өмүрүнө,
Адамбы же ажалбы такталдыбы,
Жаратканым тазалачы андайларды,
Жаратканым сен күчтүүсүң аянбачы,
Жаратканым адамдын жанын сакта.
Оору берсең шыпаасын бер дартка даба,
Кыйналып кысталсак да бул турмушта,
Өмүр сүрүп эл журтумдун жанын сакта.
Көз ирмем жүрөк сезсе эске албагын,
Азгырып кырсык өзү кошо конгон,
Байлык күнүң кээ адамды торго салган,
Бей ажал кээ адамга от тамызган.
Сактансаң өмүр узак, бирок билбейм,
Адамдарга байлык өзү ажал белең.
Ажал күчтүү сен жеңесиң күчүң менен.
Багынтып адамдарды Пайгамбарды,
Ал сүрдүү айта келсе ажалдын.
Көзүң чалып жакшы, жаман адамды,
Адам үчүн жүзүң сууктан сактасын,
Эй адамдар ойлонгула кеч болбойт.
Бир жараткан берсин сага шыпаасын.

## Буюрса сен тарыхта каласың

Кызмат кылдың канча жерде талыкпай,
Үй башчысы үй-бүлөдө алтындай.
Эмгегиңдин ырахатын көрүп сен,
Бир кызматта дүркүрөдүң жаркылдай.
Эмгегиңден жердин бети көгөрүп,
Ташка дагы гүл жайнады кулпуруп,
Жемиш өстү жер алдынан булкунуп.
Канча адамды колдоп сен ишинен,
Бакыбаттуу,баш жашоону куруштуң,
Айылыңды жаркыратып жашарттың,
Суктангандар канча сага жетпеген,
Тамшандыра көзүн буруп караттың,
Эл оозунан мактоо сөзү кетпеген.
Атың чыксын көтөрүлүп бийикке,
Даңкың чыксын кызмат менен элиңе,
Адал иштеп,урмат-сыйды ала бер,
Кут кондуруп, өзүң куттуу жериңе.
Ак кызматыңдан элден алкыш ала бер,
Элиң билсин, элим деген адамсың,
Сенин ысмың кылымдарга тарасын,
Кызматыңда кадыр-барктуу иштесең,
Дагы канча элден бата аласың.
Кылган ишиң, баскан изиң бараандуу,
Буюрса сен тарыхтарда каласың.
Өмүр берсе, оо Теңирим Жараткан,
Улуу жолдо, дагы алыска барасың.
А артыңда көрүнүктүү из калып
Ала бергин элдин алкоо батасын.

## Эмир Умар бир туугандар

Кыргызга күчтү арнагын,
Көтөргүн кыргыз байрагын.
Белиңди бекем байлагын,
Элимдин уулун сактагын.
Көтөргүн кыргыз сен туусун,
Нукура кыргыз уулусуң,
Колдоп жериң көгөрсүн,
Алга карай умтулуп,
Күчтүү болуп куралгын
Бактысына атаңа Эмир, Умар,
Жараткан болсун тумар.

Мингениңер болсун тулпар,
Силерди колдоп турар,
Жаныңарда ата-энеңер бар.
Сыймыктансын алар,
Силер менен Эмир, Умар.
Сыйлагылар аларды тирүүсүндө,
Төрүңөрдүн көркү болуп,
Баштарына бакыт консун,
Куту алар үйүңөрдүн,
Эмгек кыл жашыңарда,
Жалындуу күчүң барда.
Салым кошуп өлкөгө,
Талыкпай эмгек кылгыла
Эмир, Умар бактыңарга,
Жакшы адамдар бирге болсун,
Гүлдөп-өсүп жашагыла.

## Апалар болсун жашоодо

Эсиме түшөт энемдин,
Бапестеп баккан күндөрү.
Чоңойтуп алып балдарын,
Жол карап күтөт аларды.
Бар бекен балам кабары,
Деп тилейт анын аманын.
Миң түркүн ойго келишкен,
Апалар эсен болушсун.
Апалар барда жашоо бар,
Үйдүн көркү, куту алар.
Апалар барда салтанат,
Күлкү чайып салтанат.
Пешенеме бар болуп,
Болуп бизге так болуп,
Энелер аман жүрсө экен,
Баштарына бак конуп.
Токочун сунуп балага,
Өчпөсүн эне туягы,
Сыйласак да аздыр го,
Көтөрсөк биз апаны.

## Энеме

Бараттык айыл башынан,
Тескейди көздөй тээ алыс.
Башымдан өткөн кайгымды,
Баштайын айтып ыр жазып.

Кайгыга салып  энемди,
Кылчактап кеттим мен алыс.
Кайрылып  кызым келет деп,
Жолумдан күтөт энекем.

Кайгырба алтын энекем,
Кайрылып келем сага мен.
Кудайым шыпаа берсе эгер,
Кубанып  келем сага мен.

Кайгырба алтын энекем,
Кудайым берсе шыпаасын,
Кайрылып кайра келемин,
Кайгыңды жазып  сени мен.

Кудайым сүрөп күнү түн,
Көз жашты тактың мен үчүн,
Кызымдан дартты алгын деп,
Кыйналдың апа мен үчүн.

Кыйноого салып дарт менен,
Камап бир салды ооруга.
Кудайым турат үстүмдө,
Шыпаасын берер ооруна.

Кудайым  берип куу дартты,
Негедир мени кууратты.
Кудайым берсе оор  дартты,
Шыпаасын берип ырдатчы.
Башымдан оору арылсын,
Дартыма шыпаа табылсын.

Оору бир болдуң башымда,
Айланып көзүм тамчыга,
Көз жашым дартты жуудубу,
Оорумдун баарын куудубу,
Кудайым шыпаа бергендей,
Каламын кээде жеңилдей.
Айыгып бир күн кетээрмин,
Ооруга дарттуу жеңилбей.

Күйүттөн оору башталган,
Күйүгүп жүрүп мен анда,
Түйшүгүн тартып кайгырып,
Кандайдыр дартка чалдыктым
Жүрөгүм ооруп жабыктым.
Батыраак келет айыккым.
Кайрылып элге кээлермин,
Кайгымды айтып беремин.
Карындаш- тууган сүйүнүп,
Кудайым кошоор кайрадан.
Ишке ашып менин үмүтүм.
Кайгырба алтын энекем,
Кудайым берсе шыпаасын,
Кайрылып кайра келемин,
Кайгыңды жазып  сени мен.

## Эненин үмүтү

Озунан күлкү түшпөөчү
Кайгыны такыр билбөөчү.
Бактылуу эне сен элең,
Мээнет менен баккансың,
Кызматың менен жаккансың
Кылчайбай кетип калдыбы,
Карабай сенин өз кызың,
Ымыркай кезде баккансың.
Урпактын сыйын көрөм деп,
Кызыңдын уулун жетелеп,
Бактылуу элең бир кезде,
Белегим да ушул деп.
Тилегим да ушул деп.
Тилейт элең бир кезде,
Кылчайбай кетти өз кызың,
Көз кырын сага салбастан,
Көрүнгөн тилге ал кирип,
Тартып алды баласын.
Бакканы бекер ал шордуу,
Көрбөдүгө пайдасын.
Эмчек сүт берип тапкансың,
Мээрим берип күү түн.
Өмүрүң өттү бала үчүн.
Кудайдан тилеп тапкансың,
Айланайын балам деп,
Карыдың го ал үчүн,

Көрдүгө турмуш катасын,
Кайрылып келсе өз балаң,
Кордуктан алып чыгар,
Күйүткө батып ал эне,
Күйдүгө оттун чогуна,
Түшүп турмуш торуна,
Таң калып бала бооруна,
Мээримсиз го өз балаң,
Чалдыкты го ооруга,
Сүйлөп эне ооз менен,
Чындыкты көрүп көз менен
Өгөйлүгүн ал сезди,
Өгөйдүн күнүн көрдүң сен,
Үшкүрүп мынча келесиң,
Өгөй атка сен кондуң,
Өксүтүп койду балдарың.
Карылык кыйнап адамды,
Чыгарат экен катардан,
Алыс кылып балаңдан.
Ажыратып баарынан.
Туягың качып жаныңдан,
Турбайт экен ал качып.
Айланды го көз жашым,
Эмне кылам ой башым,
Кеч экен эми адаштым.
Күйүткө батып өз эне,
Күйдүрөт оттун чогуна,
Күйүттүн татаал отунан,
Кызыл бир чокко айландың,
Мээрим берип баккансың,
Эне болуп жаккансың.
Бышырып нанды жапкансың,
Мээнетиң ак ал үчүн,
Өзүңдөн өзүң коркпостон,
Өзүңдү неге тилдейсиң,
Өкүнбө алтын энекем,
Өмүрлүү жолуң да кенен.
Колдойт бир сени баарынан,
Актаңдай алтын энеңдин,
Кадыры мол  абыдан.
Жараткан аны колдогон,
Энелик асыл жагынан.

# МАЗМУНУ


Аалам күбө экөөбүзгө 5
Ааламга айтам сүйүүмдү 5
Абдиллас агайга 6
Адамзатыбызда 7
Кантип жашамак жүрөк болбой 8
Теңириме айланам 8
Ажал 9
Ай сырдашым 11
Айлун 11
Айта келсе турмуш ширин 12
Аккуу болуп издегим бар 14
Булуттар бийлешет мени менен 15
Алтын кара жер 16
Алтынай Нарбаевага 20
Апама 22
Терметтиң мээримдүү кучагында 22
Арбактарга куран окуу 23
Ата баба рухуна куран окуу парзыбыз да. 24
Арман бербе адам үчүн 24
Арнадым баарын өзүңө 24
Асель 25
Атакеме 25
Аяп койсоң болмок 26
Бала деп жашагыла 27
Байлыгыңа ишенбе 28
Бакыт чачкан жылдыз ай 28
Балама 30
Балдарым кубат 30
Балдарым кымбат 31
Балдарыма 32
Бар бол дайым жанымда 32
Биз бирге боллу 32
Бир өзүм, мага элестеп 33
Бириккин Кыргызтан бир болуп 34
Бишкекке кетпе 35
Гүлүм менен сырдашайын 36
Гүлдөр мага сүйүү сунат 36
Дарттуунун үмүтү бар 36
Демөөрчүлөр дем берет 37
Жагындым сага жалындым 39
Жаз жүрөктү сүйдүрөт 39
Жазган ырым жагар бекен 41
Жакшы сөз 41
Жакшы ойлорду топтоп жүрчү 42
Жаман болбой, жакшы бол 43
Эңсеген эне тилеги 43
Жарыма 45
Жашоомдо табылгыс жансың 46
Жашоому сындырба 46
Жашта 47
Жер эне наарazы экен пенделерге 47
Жигиттерге 49
Жүрөгүмдүн түбүндөсүн айтпаймын 50
Жүрөгүңдү ойготчу 50
Жүрөк дарты 51
Кеменгер кеби асыл элим бар 52
Жүрөктү оңдо 53
Жылдыз айым 53
Пейилди оңдо 54
Кыргыздын кызыл туусу 55
Бакир Арзыбаевичке 55
Исхак 56
Сүйүүмдү сен капарыңа албадың не 57
Ишенбей калдым өзүңө 57
Ишендим эле өзүңө 58
Кар сүйүүсү 58
Караан болуп турсаң жанымда 60
Кайран элим кайдасың 61
Кайрылаарың билээрмин 64
Кара жорго 64
Карылыкта сыйлашалы 66
Көңүл бурчу жарыңа 66
Кул арманы 67
Кундуз айым 68
Мага жагат Аска-Зоо 69
Мага сен керек 69
Майыптарга 70
Мен деп муңканып ойго батпа 72
Мезгилдерди сүйөм 72
Мен өзүңө арбалам 72
Ыр жазуумдун себеби 73
Жүрөгүмдүн ачкычы сен болосуң 74
Менин ак батаам 74
Мираида 75
Обону коштоп Чубактын 75

Өзүң белек сен деймин 76
Азгырыкка баш айланып алданба 77
Мезгил өтүп,убакыттар кадам салды 78
Оюмда мен кыялданам 78
Ак сүйүүмдү сунайын 79
Өмүрзакова Фаридага 80
Ооруу адамды жеңе алабы 80
Ооруу неге кыйнайсың мени эзип 81
Өзгөндүк кыз 82
Роза гүлүм 83
Сага брлгон тилегим 83
Аядым сенин жашооңду 84
Саламат Садыкова 84
Сегиз шаарын калкалайт 86
Сезбедин сүйүү сырларын 86
Сыр сөзү аттиң 87
Сен дегенде 88
Сен меникисин 89
Сен үчүн даярмын жашоодо 90
Сен үчүн 90
Сени сүйдү жүрөгүм 90
Сени сүйөм жүрөгүм 91
Сиз болдуңуз шыпаагери адамдын 91
Сүйгөн адам кызганат 92
Жашайлы өмүр бою түбөлүк 92
Ак сүйүүм сага деген жапжаңы 93
Сүйүктүү жарыма 94
Сүйүүмдү сезбедиң 94
Сен деп жашайм 95
Таза эмес сүйүү кошулуп 95
Сүйүү күчү 96
Сүйүүмдү таарынтпа 96
Сулуу жарыма 97
Суудай агат өмүрлөр 97
Өмүр өтөт эртелеп 98
Табылгыс күндөр 99
Апа болгонум кандай керемет 99
Тагдыр экен улам өмүр өтүүдө 100
Тайгараев мектеби 100
Таңда туруп барамын тоолорго 101
Таң жели 101
Таянаар бактым сенсиң 102
Теңир бардыгыбызды колдосун 102
Тилегим бар кудайга 103
Тойго арналган ак тилек 104
Торгой арманы 105
Түн арманы 106
Сүйөм деп жүрөгүмдү дирилдетчи 107
Салба сен күйүткө 108
Үмүтүм бар өзүңдө 108
Уулум Исхак 109
Чаткалым 110
Чолпон айым 110
Чоң энеме арнап ырдаймын 111
Чубак Сатаевге 114
Шайыр болсоң кубат алам 115
Шоола нуру 116
Шыпаа бер деп тиленет 116
Ыраазымын жашоомо 117
Ыраазымын сен менен 118
Ырчы болсом акындардай 118
Эгиз бололу жылдыздай 121
Эжекеме 123
Эл менен элсин 123
Элимди сакта ажалдан 124
Буюрса сен тарыхта каласың 127
Эмир Умар бир туугандар 127
Апалар болсун жашоодо 128
Энеме 129
Эненин үмүтү 130

Манзура ЭШИЕВА

Сезим ыргактары

Ырлар

Редакциялаган Мубара Абдулатипова.
Корректор Гүлбураак Токтогулова.
Дизайнер Таттуу Маткалыкова.
Техникалык директор Жумадин Кадыров.

Нускасы 1000
Буюртма №
“Бийиктик“ басмасы.
Бишкек шаары.
Ю.Абдрахманов көчөсү 170 а



Эшиева Манзура Орозматовна 1978-жылдын 1-мартында Ош областынын Өзгөн районуна караштуу Кызыл-Суу айылында төрөлгөн.

Биринчи ырын алгач 4-класста окуп жатканда жазган. Анын ата-энесинде төкмөлүк талант болгон. Алардын төкмө акындык өнөрү кызга таасир берген. Ага кошумча мектепте окуп жатканда мугалими Саткын эжекеси да ыр жазууга түрткү болгон. Биринчи ал "Манас" эпосунан ыр түрүндө көркөм окуу жазган.

Бул китеп Манзура Эшиеванын калеминен жаралган ырларынын биринчи топтому.

Ал азыр Жалал-Абад шаарына караштуу Тайгараев айылында жашайт.

Үй-бүлөлүү. Сегиз баланын бактылуу энеси.